Кырг
ү2
У-13

ЛОРА ИНГОЛЛС УАЙЛДЕР

# Прериядагы кичинекей үй



СҮРӨТТӨРҮН ТАРТКАН **ГАРТ УИЛЬЯМС**

Б19

# Прериядагы кичинекей үй



# Little House on the Prairie

American Information
3-3-25

Марта (1782-1862) — Люис Такер

Люис (1802)

Лидия (1805)

Томас (1807)

Шарлотта (1809-1884)

Джозеф (1834-1862)

Генри (1835-1882)

Марта (1837-1927)

Мэри (1865-1928)

Лора (1867-1957)

# КИЧИНЕКЕЙ ҮЙДҮН «САНЖЫРАСЫ»

Мэри
(1813)

Генри Квинер
(1807-1844)

Керолайн
(1839-1924)

Элиза
(1842-1931)

Томас
(1844-1903)

Чарльз Инголлс
(1836-1902)

Керолайн (Кэрри)
(1870-1946)

Чарльз Фредерик
(1875-1876)

Грейс
(1877-1941)

Алманзо Уайлдер
(1857-1949)

Роуз
(1886-1968)



# Прериядагы кичинекей үй

ЛОРА ИНГОЛЛС УАЙЛДЕР

СҮРӨТТӨРҮН ТАРТКАН ГАРТ УИЛЬЯМС



БИШКЕК 2012

УДК 821.111 (73) – 93
ББК 83.8
У 13

Которгон Н. Карыбекова

**Уайлдер Лора Инголлс**

У 13 Прериядагы кичинекей үй / Которг. Н. Карыбекова.- Б.: «RenArt», 2012. – 344 б.

ISBN 978-9967-26-584-4

Бул китеп өткөн кылымдарда Америка жергесине Европа, Азия жана Африка континенттеринен көчүп барышкан адамдардын турмушу, ошондой эле жергиликтүү элдин жашоо шарттары, алардын бири-бирине болгон мамилелери балалык баёо көз караштардын негизинде жазылган. Китеп автобиографиялык даректүү баян катары сыпатталып, катышкан каармандардын дээрлик бардыгы турмушта жашаган адамдар болуп саналат.

Бул китеп англис тилинен алгач ирет кыргызчага которулуп, жарык көрдү.

У 4804040100-12

УДК 821.111 (73) – 93
ББК 83.8

Embassy of the
United States of America

АКЫСЫЗ ТАРАТЫЛАТ.

**ISBN 978-9967-26-584-4**

© АКШ Элчилиги, 2012.

Басылма Америка
Кошмо Штаттарынын
Элчилиги тарабынан каржыланган.

# Лора Инголлс Уайлдер

1867-жылы «Чоң Токойдогу кичинекей үй» чыгармасында сүрөттөлгөн жыгач үйдө төрөлгөн. Ал үй-бүлөсү менен жабык арабага түшүп алып, Орто Батышка саякатка чыгышкан.

Кийин ал күйөөсү Алманзо Уайлдер жана кызы Роузду алып, өздөрүнүн жабык арабалары менен Миссуринин Мансфилд шаарына сапарга чыгышкан.

Лора турмушунун башатын жана кийинки жетишкендиктерин баалай билип, ага зор маани берүү менен Американын батыш тарабындагы жаңы жерлерде (фронтиринде) өткөргөн бала чагы тууралуу чыгармаларды жараткан.

# Гарт Уильямс

Алгач Лора Инголлс Уайлдер менен Миссуриден жолугушуп, кичинекей үйлөр курулган жерлердин бардыгын кыдырып келгенден кийин «Кичинекей үй» китеп жыйнагынын сүрөттөрүн тартуу менен өз ишмердүүлүгүн баштаган. Анын ажарлуу сүрөттөрүн карап, Лорада «ага жана үй-бүлөсүнө жан киргендей» сезимдер пайда болгон.





# Батышка карай сапар

Көп жылдар мурда, азыркы учурдагы чоң аталар менен чоң энелер наристе кезинде, мүмкүн алар ымыркай же төрөлө электе болушу керек, Висконсиндин Чоң Токойлорундагы кичинекей үйдөн атасы, апасы, Мэри, Лора жана кичинекей Кэрри сапарга аттанышты. Алар чоң бактардын арасындагы ачык жерден орун алган кичинекей үйүн жалгызсыратып, ээн таштап кетишкен бойдон, кайра аны көрүшкөн жок. Алар индеецтердин өлкөсүнө кетүүнү чечишкен болчу.

Атасы Чоң Токойлордо акыркы кезде адамдар жыш отурукташа баштаганын айтып калчу. Акыркы убакта токойдон чыккан балтанын дүпүлдөгөн үнү менен мылтыктын атылган дабышы эми жалгыз гана Лоранын атасына тиешелүү болбой калган... Кичинекей үйүн көздөй кетчү

бир аяк жол, эми чоң жолго айланган. Кудайдын куттуу күнү ошол жолдон кыйчылдап кетип бара жаткан арабаларды көрүшүп, Лора менен Мэри оюндарын токтотуп салып, таңыркап карап калышчу.

Адамдар жыш отурукташкан чөлкөмдөн жапайы жаныбарлар ооп кеткен сыяктуу эле атасы да ал жерден кеткиси келди. Жапайы айбандар адамдардан чочулабай күн көргөн жерлерди мекендөөнү самады. Ал чаарчыктар менен эликтердин чытырман токойдун жылчыгынан шыкаалап карап турганын, анан семиз жана баёо аюулардын ээн талаалардан бүлдүркөн терип жегенин көрө ала турган жерге кетүүнү каалады.

Кыштын узун түндөрү ал балдардын апасына Батыш тараптагы өлкө тууралуу айтып берип жүрдү. Ал жактын жери түз, бак-дарагы жок токол келип, коюу чөптөрү бийик өсүп, жапайы айбанаттар ээн эркин оттошуп, адамдар бут баса элек жерлерди ээлешерин жана ал жерлерде жергиликтүү индеецтерден башка отурукташкан бөлөк эл жок экендиги тууралуу баяндап жүрдү.

Кыш аяктап калган күндөрдүн биринде атасы апасына келип:

– Менин оюмча сен каршы деле болбойсуң. Батышка көчкөнүбүз туура болчудай. Мага бул жерлерди сат деп жатышат. Сатып жиберсек,

жаңы өлкөгө барганда кыйналбагандай акчабыз болуп калат, – деди апасы.

– Анда эмне, Чарльз, биз азыр камынышыбыз керекпи? – деп апасы сурады. Тышта күн абдан суук, ал эми үйдүн ичи жылуу жана жайлуу болчу.

– Эгер быйыл кете турган болсок, анда тездегенибиз дурус, – деди атасы. – Миссиссипинин музу эрип кетсе, дарыядан өтө албай калабыз.

Ошентип, атасы кичинекей үйдү сатып жиберди. Уйду музоосу менен арабага байлап алып барып, аларды да сатты.

Таң агарып калган кезде апасы Мэри менен Лораны акырын түртүп ойготту да шам чырак менен оттун жарыгына жуунтуп, жылуу кийимдерин кийгизди. Узун кызыл ич көйнөктөрүнүн сыртынан юбка жана жылуу жүн көйнөктөрүн, бутуна жүн байпактарын кийгизди. Анын сыртынан күрмөлөрүн, коён топуларын, колдоруна кызыл мээлейлерин кийгизди.

Буюм-тайымдарынын бардыгын арабага жүктөшүп, керебет, үстөл, отургучтарды гана калтырышты, себеби, атасы жаңысын кайра эле жасап алат болчу.

Жерде кыламык кар жатты. Күн дагы эле суук, жарык кире элек эле. Тарбайган жылаңач бактар, асмандагы муздак жылдыздардын каарын тоготпой керилип тургандай сезилди. Чыгыш тарап

шоолаланып келе жатты. Бир маалда дүмпүйгөн токойду аралап, чырак көтөргөн атчан жана арабада бирөөлөр келе жатышты. Ал Лоранын таята-таенеси, таеже-таякелери жана бөлөлөрү болчу.

Мэри менен Лора куурчактарын бооруна кыса кармаган бойдон унчукпай отурушту. Бөлөлөрү аларды тегеректеп тигиле карап турушту. Таенеси менен таежелери аларды алмак-салмак кучактап, өпкүлөшүп, коштошуп жатышты.

Атасы мылтыгын арабанын өйдө жагына, колу жете турган жерге илди. Андан ылдый окчонтой жана мылтыктын дарысы салынган мүйүздү



илип койду. Жаздыктардын ортосуна кутудагы кыл кыякты сынбагандай аярлап коюп койду.

Таякелери аттарды арабага кошуп, бөлөлөрү болсо ата-энелери айткандай, Мэри менен Лораны өөп коштошуп жатышты. Атасы эки кызын көтөрүп, арабанын арт жагына отургузду. Апасы арабанын алдынан орун алганда, таенеси кичинекей Кэррини көтөрүп алып берди. Атасы апасынын катарынан орун алды. Ал эми ала-була бульдог ити Джек арабанын алдына кирип алды.

Ошентип, алар кичинекей жыгач үйүн таштап, жолго чыгышты. Чүмбөттөлгөн терезелеринен кичинекей үй ээлеринин узап бара жатканын көрө алган жок. Ал жыгач тосмонун ичинде, эки чоң жаңгак жыгачтын далдоосунда кала берди. Жайында Мэри менен Лора ойношкондо ошол жаңгак дарактары жашыл чатырдай калканыч болуп турчу. Бул алардын кичинекей үйүнөн калган акыркы элестер эле.



Атасы Лорага Батыштан папуастарды

көрөөрүн айтканда:

– Папуас деген эмне? – деп Лора атасынан сурады.

Атасы:

– Папуас – бул кичинекей, кара-тору индеец бала, – деп түшүндүрдү.

Алар кар баскан токойлорду аралап узак жол жүрүп, Пепин деген шаарга келип жетишти. Мэри менен Лора бул жерге мурда бир жолу келишкен, бирок шаар андан бир топ өзгөргөн. Дүкөндөр менен үйлөрдүн эшиктери жабык, жыгачтын дүмүрлөрүн кар басып, тышта ойногон бир да бала көрүнбөйт. Дүмпүйгөн дүмүрлөрдүн араларында бирин-серин гана бактар сороюп турат. Ушунча шаардан бутуна өтүк, башына тери тумак, үстүнө ачык түстөгү чакмак пальто кийген эки-үч гана адамдын карааны көрүндү.

Атасы бир ачык дүкөнгө кирип, ала келген терисин сатып, жолго керектүү нерселерди алып жатты. Ал эми апасы, Лора менен Мэри арабадан түшпөй нанга мелисса кыямынан шыбап жеп отурушту. Ат болсо, жем торбодон күтүрөтүп жүгөрү жеп атты. Ал күнү булар көлдүн үстүнөн муз эрий электе өтүп кетишпесе, эртең кеч болуп калмак. Ошондуктан, шаарда көпкө калууга эч мүмкүн эмес эле.

Эбегейсиз көл көпкөк болуп чалкып, учу-кы-

йырсыз бозоргон асмандын учу менен тээ каптаяктан чектешип тургандай сезилет. Мурдараак өткөн арабалардын издеринин аягы кай тарапка кеткенин болжош кыйын.

Атасы арабаны ошол элес-булас байкалган издердин нугу менен музга салды. Аттардын туяктары такылдап, араба кыйчылдап, сапар уланып бара жатты. Шаардын карааны кичирейгенден кичирейип отуруп, чоң дүкөн тырмактай чекитке айланып барып, анан көрүнбөй калды. Арабаны туш-тушунан саландаган боштук курчап турду. Мындай көрүнүштөн улам Лора эмнегедир чочулай баштады. Бирок Лора жанында атасы менен Джек турганда эмнеден коркмок элем деп өзүн-өзү сооротуп келе жатты.

Акыры араба өрдөп келип, кайрадан бак-дарактуу жерге жетти. Ал жерде да бактардын арасында кичинекей жыгач үй бар экенин көрүп, Лора кичине жеңилдей түштү.

Бул кичинекей үйдө эч ким туруктуу жашабастан, тек гана жолоочулар түнөй турган жай болуп калган экен. Ал үй абдан кичинекей болгону менен ичине чоң меш, дубалдардын ар тарабында ири керебеттер коюлган эле. Атасы от жагаары менен үй ичи заматта жылып чыкты. Ошол түнү Мэри, Лора жана кичинекей Кэрри болуп мештин жанындагы керебетке апасы менен чогуу жа-

тышты. Ал эми атасы болсо араба менен аттарды кайтарып, сыртта жатты.

Түн ортосунда Лора бир дабыштан улам чочуп ойгонуп кетти. Ал мылтыктын дабышына окшош, бирок андан да тез, үнү да ачуу чыгып, көпкө токтободу. Мэри менен Кэрри катуу уйкуда, ал эми Лора ойгонгондон кийин кирпик көзүн ирмей албай койду. Бир маалда караңгыдан апасынын: – Лора, жаным, уктай гой! Бул жарылып жаткан муздун үнү, – дегени угулду.

Эртең менен атасы:

– Кечээ жолубуз болуп, муздан аман-эсен өтүп кеттик, Керолайн! Эгерде муз бүгүн жарылса, мен ага анча деле таң калмак эмесмин. Кеч өткөнүбүз менен бактыбыз бар экен, биз ортосунан ашкандан кийин муз жарыла баштады, – деди.



– Кечээ менин оюмдан ошол нерсе кеткен жок, Чарльз, – деп апасы акырын үн катты.

Буга чейин Лора бул тууралуу таптакыр ойлонгон эмес. Эми гана анын оюна эгер арабанын дөңгөлөктөрүнүн алдындагы муз жарылып кетсе, көлдүн чок ортосуна баары муздак сууга чөгүп кетсе эмне болмок деген кооптуу нерселер келе баштады.

– Жанындагынын жүрөгүн түшүрүп салдың го, Чарльз, – деп апасы айтканда, атасы Лораны көтөрүп алып, кучагына бекем-бекем кысты.

– Биз Миссиссипиден өттүк! – деди ал кубанычтуу. – Кана, ошонун урматына алма ширесинен жасалган таттуу шараптан кичинеден алып жиберсек кандай дейсиң, Керолайн? Батыш тараптагы индеецтер жашаган аймакка баргыңар келеби?

Лора ал жакка баргысы келе тургандыгын айтып, азыр индеецтердин өлкөсүндө болушса, кандай болмок экендигин сурады. Бирок алар азырынча Миннесотага эле жеткен болчу.

Индеецтердин өлкөсүнө карай жол абдан узак эле. Аттар күнүгө буттарын тарта албай калганча жол жүрүп келе жатышты. Күнүгө кечинде атасы менен апасы токтошкон жерине өргүшүп, кайра эртеси сапар улап жатышты. Кээде сел каптаган учурларда суу тартылганча катары менен бир нече күн күтүп калууга туура келип жатты. Алар канча



3323

бир дарыя-өзөндөрдөн өтүштү. Бирде ар түрдүү токойлорго туш келип, анан адырлардан, бирде бак-дараксыз сопол талаалардан өтүп, жүрүп отурушту. Дарыялардан узун жыгач көпүрө менен өтүп келе жатышып, бир кезде көпүрөсү жок жайылып аккан бир сары дарыяга такалышты.

Ал Миссури дарыясы болчу. Атасы аттарды устундардан кыналып жасалган жалпак жыгач кайыкка айдады. Кайык суу үстүндө калкылдап, сары чополуу суудан кургак жерге чыкканча арабанын ичиндегилер козголбой отурушту.

Андан кийин дагы бир топ күн жол жүрүп, бир адырга туш келишти. Ал өрөөндөн араба баткакка терең батып, тыгылып калса болобу! Күн



күркүрөп, жамгыр төгүп, чагылган чартылдайт. Өргүй турган же от жага турган ылайыктуу жай болбогондуктан, нымдуу муздак арабанын ичинде калып, муздак тамактан шам-шум этишти.

Эртеси күнү атасы адырдан ылайыктуу бир жер тапты. Жамгыр токтогону менен суу тартылып, баткак тоборсуганча бир аптадай күтүүгө туура келди. Анткени, атасы арабанын ылайга батып кеткен дөңгөлөктөрүн казып чыгармайынча алар эч жакка жыла алмак эмес.

Ошол күтүп жаткан күндөрдүн биринде токой жактан кара пони (эргежел ат) минген, узунунан келген арыкчырай бир адам чыкты. Атасы ал



киши менен бир аз сүйлөшүп туруп, анан экөө токойго кирип кетишти. Бир аздан соң, экөө тең токойдон эки кара пони ат минип чыгышты. Көрсө, атасы өзүнүн чаалыккан жээрде аттарын ошол понилерге алмаштырып жибериптир.

Ал аттар кичинекей болгону менен абдан көрктүү болчу. Атасы алардын анык пони тукуму эмес, батыштын мустангдары экендигин айтты.

– Алар качырдай күчтүү, мышыктай шамдагай болот, – деди атасы. Понилердин көздөрү бажырайган, жүнү жумшак, жал-куйруктары узун, ал эми туяктары менен буттары Чоң Токойдун аттарыныкына караганда кыскараак, бирок баскандары шамдагай эле.

Лора алардын аттарын сураганда атасы Мэриге өзүңөр ат коюп бергиле деди. Мэри бирөөнүн атын Пет, Лора экинчисине Патти деп ат койду.

Суу өтө кире элек кезде атасы арабаны баткактан казып чыгарды да, Пет менен Паттини арабага чегип, сапарын андан ары улашты.

Алар жабык араба менен Висконсиндин Чоң Токойлорунан тартып, Миннесота, Айова жана Миссуриден өтүштү. Ошол узак жол бою Джек арабанын алдына түшүп алып, бирде жай, бирде чуркап бара жатты. Эми алар Канзас тарапка бет алышты.

Канзас абдан чоң, шамалга термелип, буралып турган чөптүү жер болчу. Күн санап алар

Канзаста кетип бара жатышты, бирок ал жакта термелген чөптөн жана мелтиреген асмандан башка эч нерсе жок экен... Араба түз талаанын дал ортосуна жеткенде күн төбөдөн тийип, куйкалап баштады.

Күн бою атасы Пет менен Паттини бирде желдирип, бирде жай бастырып бара жатты. Бирок алар талааны дагы эле ашып кете албай коюшту. Күн баткан кезде аларды баягы эле мейкиндик курчап, батып бара жаткан күн алоолоп кызарып, анан акырындан күүгүм кире баштады. Айланада бийик чөптөрдүн шамалга шуулдаганы гана угулуп турду. Мындай ээн талаада алардын жаккан оту үрүл-бүрүл гана көрүнүп турду. Асмандагы-жылдыздар жаркылдап, абдан чоң, жакын болуп көрүнгөндүктөн, аларга Лоранын колу жетчүдөй сезилди.

Кийинки күнү деле алар ошол сыяктуу эле жер, асман, талаа мейкиндиги курчап турган ээн жерге келишти. Ал жердин мурунку жерден эч айырмасы жок болчу. Лора менен Мэри андай жерлерден тажап бүтүштү. Анткени, алар алаксып, көрө тургандай жаңы эч нерсе жок эле.

Төшөктөрдү арабанын аркасына жыйып, боз жабуу менен тыкан жаап коюшкан. Лора менен Мэри ошонун үстүнө отуруп келе жатышты. Арабанын чатырын түрүп, байлап коюшкандык-

тан талаанын салкын жели согуп турду. Ал жел жолдо катар Лоранын салаалаган күрөң чачтарын жана Мэринин алтын саамайын сермелтип келе жатты. Ал эми күндүн чакыйып тийген нуру кыздардын көздөрүн уялтып жиберди.

Чөптөрдүн арасынан чоң коёндор анда-санда секирип чыга калып жатышты. Джек аларга көңүл да бурган жок. Байкуш Джек абдан чарчап калган, алыс жол бою баскандыктан тамандары жарылып кеткен.

Араба чайпалып, үстүндөгү чатыры шамалга термелип, дөңгөлөктөрдүн ийри-буйру издери калып жатты.

Атасы чарчаса керек, арт жакка сүйөнүп, узун, жээрде сакалын шамалга сеңселте аттардын тизгинин араң эле кармап бара жатты. Апасы болсо, колдорун тизесине коюп, үн катпастан бир калыпта отурду. Кичинекей Керри мамык түйүнчөктөрдүн ортосунда мемиреп уктап жатты.

Бир маалда Мэринин уйкусу келип, оозун ачып эстеди, ал эми Лора болсо: – Апаке, биз жерге түшүп, арабанын аркасынан чуркап алсак болобу? Буттарым талып кетти,– деди.

– Жок. Болбойт, Лора! – деди апасы.

– Биз жакында токтойбузбу? – деди Лора. Көк чөптүн үстүнө отурушуп, арабанын көлөкөсүндө түшкү тамактарын ичишкенден бери бир далай

убакыт өтүп кеткендей сезилди.

Атасы:

– Жок, азыр эмес! Азыр токтогонго али эрте, – деп жооп берди.

– Мен азыр эле токтогум келип жатат, абдан чарчадым, – деди Лора.

Апасы:

– Лора!– деп жиберди. Ал болгону бир гана сөз айтты. Мунусу Лоранын кыңкылдаганын токтотсун дегени болчу. Бирок Лора сыртына чыгарбаганы менен ичинен бушайман боло берди. Ал отуруп алып, ичинен өзүнө-өзү арызданып жаткансыды. Буттары талып, чачтарын шамал делпилдете ыргап жатты. Бир топко чейин алар сеңселген чөптөрдү аралап, солкулдаган арабада кете беришти.

– Биз өзөнбү, же дарыяга жакындап калдык, – деди атасы. – Кыздар, тээ алды жактагы бактарды көрүп жатасыңарбы?

Лора арабанын темирин кармап, өйдө турду. Ага алыстан жапыс, бүдөмүк бир караан көрүндү.

– Ал бак-дарактар,– деди атасы. – Аларды көлөкөсүнөн деле билсе болот. Бул өлкөдө бак-дарактардын болгону, суу бар дегенди билдирет. Биз бүгүн ошол жерде калабыз.



# Өзөндөн өтүү

Пет менен Патти да кубанып жаткандай арышын ыкчам таштай баштады. Лора арабанын темирин катуу кармап, силкилдегенине карабай өйдө туруп алды. Ага атасынын ийининен сеңселген шибер чөптөрдөн бактардын учтары көрүнүп жатты. Алар мурда көрүп жүргөн бактарга таптакыр окшобогон жапыс дарактар болчу.

Атасы капыстан: – Чү-чү! – деди да: – Эми кайсы жолго салсак? – деп күңкүлдөп койду...

Бул жерден жол экиге бөлүнүп кеткендиктен, жолдун кайсынысы узагыраак экендигин айтуу кыйын. Эки жолдо тең дөңгөлөктөрдүн издерин чөп басып, көрүнбөй калган. Алардын бирөө батышты карай, экинчиси бир аз ылдыйлап барып, түштүк тарапка кетет. Эки жол тең көп узабай сеңселген узун чөптүн



арасына кирип көрүнбөй калчу.

– Менин болжолумда ылдый кеткенибиз туура,– деди атасы. – Суу ылдый көздөй агат эмеспи. Бул жол дарыяга кетиши мүмкүн. Анан Пет менен Паттинин башын түштүктү карай бурду.

Араба өйдө-ылдый, ийри-буйру жол менен кетип бара жатты. Бактардын тушуна келгенде, алар жапыс болуп калгандай сезилди. Бир убакта Лоранын деми кысылып, арабанын темирин катуу кармап алды. Пет менен Паттинин так тумшугунун алдынан сеңселген чөп да, жер да жоголуп кеткендей болду. Эми жердин учу алыстан, бактардын чокусунан көрүнүп жатты.

Ушул жерден жол өзгөрдү, жардын үстүн бир аз бойлоп барып, андан кийин ылдый көздөй типтик кетчү. Атасы аттын оозун тартканда, Пет менен Патти кетенчиктеп барып, аз жерден отуруп кала жаздашты. Арабанын

дөңгөлөктөрү алдыга сүрүлүп, аз-аздан ылдыйлап отуруп, андан ары типтик түшүп, жарга барып такалды. Арабанын эки капталын кызыл топурак жылаңач жар курчап калды. Ошол жардын чокусунда чөптөр ыргалып, ал эми боорундагы жаракалары такырайып турду. Ал жаракалардан чыккан ысык Лораны бетке уруп жатты. Шамал жардын үстү менен өтүп, ылдый жагы үп экен. Айланадагы жымжырттык адамдын ичинде боштук сыяктуу жагымсыз бир сезимди пайда кылды.

Бир аздан соң, араба кайрадан тегиз бир жерге жетти. Ичке өзөндү бойлоп төмөн кеткен талаага алып келди. Мурдараак талаалардан учтары гана көрүнүп турган бактар эми керилген, узун дарактар экени көрүндү. Токой четиндеги көлөкөлүү шалбаада жаткан бугулардын карааны үрүл-бүрүл көрүнөт. Бугулар арабанын дабышына баштарын буруп, ал эми музоолору жакындап келип, көрүүгө кызыкдар болуп жаткандай өйдө туруп алып, тостоюп таңгала карап жатышты.

Лора мурда өзөн сууну көрбөгөндүктөн, буга абдан таң калды. Төмөн жагындагы жерлер жайык экен. Андан арыраак адырлуу жана күнөстүү жерлер созулуп жатты. Эми араба чаңдуу жол менен бара жатты. Ачык, күнөс

жерлеринде чөп суюк өскөнү аз келгенсип, бугулар такырайта оттоп салышкан эле.

Эми жанагы кызыл топурактуу бийик жарлар артта калды. Пет менен Патти суу ичкени токтогондо алар адыр менен бактардын далдоосунан көрүнбөй калган.

Жымжырттыкты суунун шылдырап аккан дабышы гана бузат... Суу жээгиндеги бактар саландап өсүп, арасы көлөкөдөн улам караңгы тартып турду. Өзөндүн ортосу шар агып, суу бирде күмүш, бирде көк түскө бөлөнүп кетет.

– Бул суу кыйла эле терең, – деди атасы. – Бирок бардыгы жайында болот. Өзүңөр көрүп тургандай, бул жерден арабалар өтүп эле жүргөн кечүү. Сен кандай дейсиң, Керолайн?

– Сен кандай десең, ошондой болот, Чарльз, – деп апасы жооп берди.

Пет менен Патти суу болгон тумшуктарын жогору көтөрүшүп, дарыя жакты карап калышты. Алар алда немеден сестенгендей кулактарын тикчийтишип, кыздардын атасы эмне дээр экен дегендей кулак түрүп турушту. Анан бышкырып, тумшуктарын бири-бирине тийгизип, бир нерсе жөнүндө шыбырашып жатышкандай болду. Өзөндүн өйдөрөөк жагында Джек тили менен шалпылдатып суу ичип жатты.

– Мен арабанын жабуусун байлайын, – деп атасы ылдый түшүп, арабанын түрүлгөн чатырларын түшүрүп, темирлерине таңып салды. Анан чатырдын жиптерин арт жагынан тартып, жыйрып чогултту да, бир кичинекей жылчык калтырды.

Мэри бүрүшүп керебеттин үстүндө жатып алды. Ал кечүүлөрдөн өткөндү жактырчу эмес, анан калса шар аккан суудан абдан коркчу. Лора болсо, тескерисинче, толкунданып, жыргап турду. Ал суу кечкенди жакшы көрчү. Атасы кайтып ордуна отураарда: – Суунун ортосуна келгенде балким сүзүп өтөрбүз. Бирок бардыгы жайында болот, Керолайн, – деди.

Лора ушул тапта Джекти ойлоп:

– Атаке, Джек арабага түшүп алса эмне болот? – деп сурады.

Атасы жооп кайтарган жок. Ал чылбырды чогултуп, колуна кыса кармады.

– Джек сүзө алат, Лора. Ага эч кабатырланба, – деди апасы.

Араба баткакты кечип, алдыны карай жүткүнүп жөнөдү. Дөңгөлөктөрүнө суу чачырап, барган сайын суу көбөйүп, арабаны козгой баштады. Бир маалда араба көтөрүлүп барып, калкылдай түштү. Ушул учурда Лоранын ичинде керемет сезим пайда болду. Суунун чапыл-

даган добушу токтоп калган кезде апасы:

– Ылдый жаткыла, кыздар! – деп кыйкырды. Көз ачып жумганча Мэри менен Лора узунунан түшүп жатып калышты. Апасынын үнү катуу чыкканда, алар анын айтканын эки кылышчу эмес. Апасы калың жуурканды алып, аларды баштан-аяк чүмкөп жаап: – Ордуңардан кыймылдабай жаткыла! – деп эскертти.

Мэри коркконунан былк этпей жатты. Ал эми Лора болсо эмне болуп жатканын көргүсү келип, улам кыбырай берди . Ага арабанын термелгени, кайрылганы, бирде суу шарпылдап чачырап, анан кайрадан тынчып калганынан бери сезип жатты. Бир маалда Лора атасынын катуу үнүнөн коркуп кетти. Атасы:

– Керолайн, балдарды карма! – деп бакырды.

Арабаны капталынан суу катуу тепкенде чайпала түштү. Лора ордунан тура калып түздөнүп отуруп, жуурканды башынан ылдый тартты.

Атасы сууну кечип кеткендей болду. Апасы чылбырды эки колдоп бекем кармап отурду. Мэри кайрадан башын жуурканга катты, ал эми Лора болсо суунун жээгин көргүсү келип, моюнун созуп, бирок арабанын алдынан шарпылдап агып жаткан суудан башка эч нерсе көрө алган жок. Бир маалда суунун ичинен үч

жандыктын башы көрүндү. Алар суу болгон Пет, Патти анан атасы болчу. Суунун ичинен атасы Петтин жүгөнүнөн бекем кармап турду.

Суунун шарпылдагынан атасынын үнү Лорага араӊ эле угулду. Ал акырын сүйлөп жаткандыктан, эмне дегенин Лора ажырата албай койду. Атасы аттарга карата бир нерсе деп жатты. Ал эми апасы болсо, корккондунан бопбоз болуп кетиптир.

– Лора! Турба, жат! – деди апасы.

Лора дароо ордуна жатып калды. Дене-бою чыйрыгып, жүрөгү айланып чыкканын сезди. Көздөрүн катуу жумуп алаксыса деле шар ак-



кан суудан атасынын жээрде сакалы эле көрүнүп, чөгүп бара жаткандай элеси кетпей турду.

Бир топко чейин араба калкылдап, термелип кете берди. Мэри үнүн чыгарбай ыйлап жатты. Лоранын жүрөгү айланганы барган сайын күчөдү. Арабанын алдыңкы дөңгөлөктөрү баткакка тыгылып, кыйчылдап, атасынын кыйкырып жаткан үнү угулуп турду. Арабаны алдыга түрткөнү менен ал жүткүнүп барып, кайра эле артка кетип калып жатты. Дөңгөлөктөрү бир ордунан жылбай бош айланып тура берди. Лора орундукка сүйөнүп өйдө турганда ал Пет менен Паттинин суу болгон жондорун жана алардын жээкке чыкканга жанталашып жатканын көрдү.

Алардын жанында атасы:

– Кана, Патти! Кана, Пет! Тур! Тура кой! Азаматсыңар! – деп кыйкырып, ары-бери чуркап жүрдү.

Жээкке чыкканда алар солкулдап, тердеп, тынч турушту. Араба да суудан кутулганына сүйүнгөндөй токтоп калды.

Атасынын деми кысылып, жаак ылдый тери куюлуп жатты. Апасы:

– Өх, Чарлз!– деди бир кезде үнү калтырап.

– Болду эми, болду, Керолайн! – деди атасы. – Кудайга шүгүр, баарыбыз аман-эсен,

түгөлбүз! Арабанын атка бекем чегилгени абийир болуптур. Суунун мынчалык тез көтөрүлгөнүн биринчи көрүшүм. Пет менен Патти экөө тең сууда мыкты сүзүшөт турбайбы. Бирок мен жардамдашпаганда ким билет, жээкке чыга алышмак беле?

Эгерде атасы суудан чыккандын амалын таппаганда, же апасы арабаны айдай албаганда, Лора менен Мэри экөө кежирленип, беймаза кылганда, бардыгы суу астында калып жок болушмак. Суу аларды алыс агызып кетип, эч ким да билбей калмак. Ал жерден апта бою бир жан басып өтпөйт болчу.

– Жакшы болбодубу,– деди атасы ыраазы болгондой түр менен.

– Эң негизгиси арты жакшылык менен бүттү,– деди апасы. – Чарльз, карачы, суу өтмө катарына өтүп кетиптир.

Атасы жооп бергенче Лора:

– Джек кайда? – деп ыйлап жиберди.

Алар Джекти таптакыр эстерин чыгарып жиберишиптир. Алар аны күрүлдөгөн суунун аркы өйүзүнө калтырган бойдон кетип калышыптыр. Ит эч жерден көрүнбөйт. Мүмкүн ал ошол маалда булардын аркасынан сүзүп келе жаткандыр. Бирок иттин сүзүп келе жатканын көрүшкөн эмес..

Лора ызасынан тиштенип, араң чыдап турду. Ал ичинен ыйлап, уялганынан сыртынан билгизген жок. Байкуш Джек Висконсинден бери алыс жолдо артынан калбай ээрчип келсе, эми булар иттиң сууга чөгүп кеткенин көрбөй калышкан турбайбы. Бечера абдан чарчаган болчу. Аны арабага салып алганда дурус болмок экен. Ал байкуш жээктен ага эч ким көңүл бурбастан, таштап кетип жаткандарын түшүнбөй калгандыр. Чындыгында Джек аларга канчалык керек экенин билбейт чыгар.

Атасы Джек үчүн миллион доллар беришсе да, мындай мамиле жасабай тургандыгын айтып актанып жатты. Эгер ал суунун мынчалык тез көбөйүп кетерин билгенде, анда бардыгы башкача болмок.

– Эми байкушка жардам берүү колубуздан келбейт,– деди ал.

Ал Джекти издеп, өзөндү жээктей өйдө-ылдый басып, чакырып, ышкырып коёт...

Бирок мунусунан эч



майнап чыккан жок. Джектин карааны эч жерден көрүнбөдү.

Акыры сапар улагандан башка айлалары калбады. Атасы Джекти издеп жүргөндө, Пет менен Патти бир аз эс алып, кыздардын апасы болсо атасынын кийимдерин тоборсутканы жая койду. Бир аздан соң атасы чылбырды кайрадан колуна алып, өр таяп, дарыядан оолактап, арабаны айдап бара жатты.

Лора жолду катар артты карап жүрүп отурду. Ал Джектин кайрылып келбесин билсе да, анын караанын көрүп калчудай издей берди. Ага араба менен суунун ортосундагы урчуктардан жана алыстагы кызыл жардан башка эч нерсе көрүнгөн жок.

Анан араба башка тик бир аскага келип жетти. Арабанын шалдыраган дөңгөлөктөрү боорунан кеткен жаракага улам кирип кетет. Пет менен Патти жаракадан тырбалаңдап чыгып, акыры чөбү жайкалган чакан бир өрөөнгө келип жетишти. Ал өрөөн барган сайын кеңейип, кайрадан учу-кыйрысыз талаа болуп кетчү.

Бул жерде арабалардын да, жолоочулардын да баскан издери жок болчу. Бул чексиз талаа адам баласынын изи түшпөгөн жерлерге кире турган. Бийик өскөн чөптөр мейкин талааны каптап, асман болсо үстү жактан үңүлүп тургандай болуп

көрүнчү. Тээ алыста гана күн менен асмандын учтары чектешип тургансып сезилчү. Ошол күнү эбегейсиз күндүн нурлары жерге төгүлүп турду. Асмандын жер менен тогошкон учтары күңүрт кызыл тартып, үстү сары, көк түстөргө боёлуп кетет. Эң үстү гана көзгө түссүз болуп көрүнөт. Кызгылт тарткан булуттар жер үстүнө чогулуп келип, анан салкын жел сокту.

Атасы аттарды токтотуп, Керолайн экөө өргүүгө арабадан жерге түштү эле, артынан Мэри менен Лора да түштү.

– Ий, апаке! Джек чын эле тигил дүйнөгө кетип калдыбы? Ал абдан сонун ит болчу ээ? Ал аркы дүйнөгө кетпей калышы да мүмкүнбү? – деп Лора суроо узатты.

Апасы эмне деп жооп берерин билбей турганда сөзгө атасы аралашып:

– Ооба, Лора. Мүмкүн.Тырмактай таранчыга чейин кам көргөн Кудай андай мыкты итти да суукта тышка калтырбас чыгаар, – деди.

Лора бир аз кайраттана түштү, бирок өтө деле кубанып кеткен жок. Ошол күнү ал атасынын жумуш жасап жатканда адаттагысындай ышкырганын да уга албады.

Бир маалда атасы: – Эми мындай жапайы өлкөдө короочу жакшы итсиз кантээр экенбиз? – деди.



# Мейкин талаага отурукташуу

Атасы адаттагыдай эле өргүүнүн камында. Адегенде ал Пет менен Паттини бошотуп, жүгөнүн шыпырып, бир учу жерге кагылган темир казыкка байланган узун көтөрмө менен аркандады. Казык деп темир шиштерди аташчу. Аттар көбүнчө аркандалып турган жеринен эле оттошо турган. Бирок Пет менен Паттини аркандап коёру менен эле жерге жатып, ары-бери ооналактай башташчу. Алар ээр токулган жонунун талыганы кеткенче оонашчу. Ал учурда атасы шибер чөптөрдүн түбүндө куурап калган эски чөптөрдү жулуп, тазалоо менен алек болуп жатты. Ал талаада өрт чыгып кетпесин деген ниетте, талааны чөптөрдөн тазалап жатты. Анткени, кокустан



бул кургакчыл жерден бир өрт чыгып кетсе, ал мынча кең талааны тып-тыйпыл кылып, капкара күлгө айлантмак. Ошону үчүн атасы: «Сактыкта кордук жок», – деп көп айтаар эле.

Ал аянтчаны чөптөн тазалаган соң, чок ортого куураган бир кучак чөптү коюп, жээктен агындыга кошуп, кургак отун алып келди. Чоңураак жыгачтардын үстүнө майда чырпыктарды тизип, бир кучак куураган чөптүн үстүнө от коюп тутандырды. От чатырап, ошол тегерек аянттан сыртка чыкпай күйүп бүттү.

Анан Мэри менен Лора апасы үчөөлөп кечки тамакка киришкенде, атасы суу алып келип берди. Апасы кофе дандарын кофе жанчкычка өлчөп салып берип, Мэри аны жанчып кирди. Лора кофе кайнаткычка атасы алып келген суудан куюп, апасы аны көмүрдүн чогуна койду. Чоктун үстүнө темир мешти коюп, ал ысып чыккан кезде жүгөрү унду суурга чалып, куймак

жасады. Табаларды чочко майы менен майлап, куймакты мештин ичине салды. Апасы чочконун туздалган майын туурай баштаганда атасы мешке от калады. Апасы майды темир тулгага кууруй турган. Тулганын буттары жөргөмүшкө окшош кыска болгондуктан, аны англисче «спайдер», башкача айтканда, «жөргөмүш» деп аташчу. Буттары болбосо, анын жалпак тулгадан эч айырмасы болмок эмес.

Кофе кайнап, куймак бышып, эт куурулганда бир сонун жыт келди дейсиң, Лора курсагынын ачканын эми сезди.

Атасы от калай коюп, арабадан орундуктарын алып түштү да, Керолайн экөө ошого отурушту. Мэри менен Лорага арабанын алдыңдагы темирин алып берип, экөө ошол жерге олтурушту. Алардын ар биринин алдында темир табак, сабы ак сөөктөн жасалган темир айрыча, бычак коюлган. Атасы менен апасында бирден чөйчөк, кичинекей Кэрринин өзүнө гана тиешелүү чөйчөгү, ал эми Мэри менен Лоранын алдына экөө бөлүшүп иче турган бир чөйчөк коюлду. Алар чоңойгончо кофе ичүүгө болбой тургандыктан, чөйчөктөрүнө суу куюлган.

Үй-бүлө тамактанып жатканда оттун тегерегине кызгылт көлөкөлөр түшүп турду.

Улуу талаанын мелүүн жели чөптү ыргалтып, асмандагы жылдыздар жылт-жулт этип жымыңдашканы болбосо, айлана караңгы жана жымжырт болуп турду.

Ушундай зор мейкиндиктеги салкын кечте оттун чеке-бели жанга жагымдуу сезилип турду. Чочконун тууралган эти кыртылдак, майлуу болуп, куймак абдан таттуу бышыптыр. Арабанын ары жагында Пет менен Патти оттоп жүрүшөт. Алардын чөптү күтүрөтө чайнаганы даана угулуп турду.

– Биз бул жерде дагы бир-эки күн калабыз, – деди атасы. – Биротоло калып калышыбыз да мүмкүн. Сонун жер экен. Ылдый жакта устундук жыгачтар, керектүү нерселердин баары бар. Сен кандай дейсиң, Керолайн?

– Мүмкүн дагы нарылап жылаарбыз, – деп апасы жооп берди.

– Эмнеси болсо да, мен эртең аркы-берки жагын байкаштырып чыгам. Мылтыгымды алып, бир нерсе атып келе-



йин, – деди атасы.

Ал тамекисин көмүрдүн чогу менен күйгүздү да, буттарын сунуп отурду. Тамекинин жыты оттун түтүнү менен аралашып, айланага тарады. Мэри оозун ачып эстеп, арабанын алдынан ылдый шыпырылып түшүп, чөпкө келип отуруп калды. Анын аркасынан Лора да оозун ачып эстеди. Апасы адегенде идиш-аяктарды, анан мештин табаларын, темир тулга менен тасмалды жууду.

Ал бир саамга караңгы талаадан созулуп чыккан ызы-чуу дабышты тыңшап туруп калды. Бул эмне экенин бардыгы биле турган. Мындай дабыш Лоранын дене-боюн дүркүрөткөн коркуу сезимин пайда кылчу.

Апасы тасмалды чайкап, чөптөрдүн үстүнө жайып келди. Ал келгенде кыздардын атасы:

– Бул жерде карышкыр бар экен! Баамымда жарым чакырым эле жерде жүрүшкөндөй. Бугу бар жерде карышкыр да болот. Мага керектүү нерселер мени убара кылбай өздөрү келди, – деди.

Ал эмне дээрин Лора айттырбай билчү. Анын каалаганы эле Джек болчу. Токойлордон карышкырлар улуп баштаганда, Джек жанында болсо ал эч нерседен коркчу эмес. Муну эстеп алып, Лоранын тамагы кысылып, мурдунун ичи ачы-

шып чыкты. Ал көздөрүн тез-тез ирмеп, бирок ыйлаган жок. Жанагы улуган карышкырбы же башкабы, кайрадан угулду.

– Кичинекей кыздардын жата турган маалы болду! – деди апасы үнүн катуу чыгарып. Мэри ордунан туруп, топчуларын чечтиргени апасына бурулду. Ал эми Лора ордунан се-



кирип туруп, бир нерсе көргөндөй, кыймылдабай катып калды. Оттун ары жагындагы караңгы жерден жаркырап күйүп турган эки жашыл кичинекей чекитти көрдү. Ал тигиле карап турган көздөргө окшош болчу.

Лоранын денеси калтырап, төбө чачы тик турду. Жашыл жарыктар жылып, улам бири жумулуп-ачылып, андан соң экөө тең бир калыпта жылтырап, жакындап келе жатты.

– Атаке, карасаңыз! Карасаңыз! Карышкыр! – деди Лора кыйкырды.

Атасы канчалык тез кыймылдаганга аракет жасаса да, шашкандан калдаңдап калды. Ал мылтыгын алып чыгып, жашыл көздөр тарапты мээледи. Ошол жылтыраган нерсе токтоп, караңгыда козголбой, бир калыпта туруп калды..

– Бул карышкыр болбосо керек! Келесоо эле карышкыр болбосо…– деди атасы. Апасы Мэрини көтөрүп, арабага салды.

– Жок, бул карышкыр эмес. Аттарды тыңшасаң,– деди атасы.

Пет менен Патти дагы эле жайбаракат оттоп жүрүшкөн.

– Сүлөөсүн го? – деди апасы.

– Мүмкүн чөө болуп жүрбөсүн? – деп атасы жерден таяк алды да кыйкырып, таякты ошол тарапка ыргытты. Жашыл көздөр жер-

ге жабышып калды да, секиргенге камынып жаткандай болду. Атасы мылтыгын камдады. Тиги жандык кыймылсыз жатып калды.

– Атпа, Чарльз! – деди апасы. Атасы мылтыгын суна кармап, ошол тарапты көздөй басты. Жашыл көздөр акырындан, атасын көздөй жылып келе жатты. Лора тигил жаныбардын караанын караңгыда даана көрүп турду. Ал саргыч-күрөң темгилдери бар жаныбар болчу. Бир маалда атасы кыйкырып жиберди. Лора да коркконунан чаңырып алды.

Андан кийин Лоранын эсинде калган нерсе күйүгүп, секирип, жабышып жаткан Джекти, кучактаганга аракет кылганы болду. Джек болсо анын колдорун, беттерин жалмалай берди. Лора итти кармай албай койду. Ал секирип, шыйпаңдап бир атасына, кайра апасына, бир Мэриге, кайра Лорага чуркап жатты.

– Өх, чарчап калдым, – деди атасы.

– Мен дагы, – деди апасы. – Тиги чүрпөбүздү ойготсок кантет? – Уйкусу ачылбай кыңылдаган Кэррини колунан кармап, сооротуп турган.

Джектин көңүлү шат. Бир аздан соң ал Лоранын жанына келип, үшкүргөндөй үн чыгарды. Анын көздөрү кызарып, жонуна баткак кат-кат болуп катып калыптыр. Апасы ага куймак бер-

ди эле, ал аны тили менен жалап койду, чарчаганынан жегенге да алы келбеди...

– Канчалык аралыкты сүзүп өткөнүн, кургакка чыкканча дагы канча жерге суунун агымы менен келгенин ким билсин, – деди атасы.

Бечара Джек темселеп жүрүп акыры көздөгөн жерине жетсе, Лора аны карышкыр экен деп ойлоп , атасы болсо аз жерден атып сала жаздабадыбы.

Джек булардын атайын минтишпегенин сезгендей болду. Лора:

– Биз муну атайылабаганыбызды билесиң да, туурабы, Джек, – деп актанып жатты. Ал билем дегенсип, куйругун шыйпаңдатып койду.

Ал күнү алар абдан кеч жатышты. Атасы Пет менен Паттини арабанын артына байлап, акырга жүгөрү салып койду. Кэрри кайрадан уйкуга кетти, ал эми апасы Мэри менен Лораны чечиндирип, кыздарынын түнкү көйнөктөрүн кийгизип жатканда, колдору көйнөктүн жеңине улам такалып калып жатты. Арт жагындагы топчусун өздөрү топчулашып, топуларынын боосун ээк жагына байлап алышты. Арабанын астында Джек тынч ала албай, эки-үч оодарылып, анан гана дабышы чыкпай уйкуга кетти.

Арабанын ичинде Лора менен Мэри келмесин келтирген соң, кичинекей керебети-

не жөргөлөп барып жатып калышты. Апасы аларга түндөрүнүн бейпил болушун каалап, беттеринен өөп койду.

Арабанын тышында Пет менен Патти жүгөрү жеп жатышты. Паттинин күртүлдөтө жүгөрү жегени Лоранын тушунан угулуп жатты. Чөптүн арасынан кыбыраган нерсенин чуркап жүргөн шыбырты да угулуп турду. Өзөн бойлой өскөн бактарда үкүнүн: «Уу-уу, уу-уу» деп күүлдөгөнүнө алыстан башка бир үкү: «Оо-оо, оо-оо» деп жооп бергендей сезилди. Алыстан карышкырлардын улуганын жактырбай, арабанын астынан Джек ырылдап, кээде арсылдап үрүп коюп жатты. Ал эми арабанын ичи алданемедей коопсуз жана жылуу-жумшак болчу.

Арабанын кычыктарынан топ жылдыздар жымыңдап көрүнүп турду. Лоранын оюнда атасы колун созсо жылдыздарга жете алат болчу. Жылдыздардын эң чоңун тандап алып берсе дечү. Ал көздөрүн ирмегилеп, уктабай жата берди. Бир кезде ал бир нерсеге катуу таң калды. Эң чоң жылдыз ага көзүн кыскандай болду.

Эртеси күнү Лора таң эрте ойгонду.



# КЕҢ ТАЛААДАГЫ АЛГАЧКЫ КҮН

Аттын окуранганы, жемдин акырга салып жаткан дабышы Лоранын кулагынын так түбүнөн угулду. Атасы Пет менен Паттиге эртең мененки жемдерин салып жаткан болчу.

– Пет, кет артка! О, ач көз десе! Азыр Паттинин кезеги, – деди атасы.

Пет жер тепкилеп, кишенеп жиберди.

– Эми Патти, сен өзүңдүн алдыңдагыны жегин! Бул Петке! – деп кошумчалады.

Эми Патти кишенеди.

– Суусунуң кандыбы?-деди атасы. – Мен ар кимиңер өз жемиңерди жегиле дебедим беле…



Мэри менен Лора бири-бирин карашып, бырс күлүп жиберишти. Алардын мурдуна ышталган чочконун төш этинин жана кофенин жыты келип, майга чытырап бышып жаткан куймактын үнү угулганда керебеттен тоголонуп түшүштү.

Мэри ортоңку топчусунан башкасын өзү эле топчулай алчу. Анысын Лора топчулап берди. Ал эми Мэри болсо Лоранын арткы топчуларын жолду катар топчулап жүрүп отурду. Алар бети-колун арабанын тепкичиндеги темир чылапчынга жуушту. Атасы дарыядан суу алып келгенче, апасы алардын чачтарын кыбаптап тарап берди.

Анан алар таза чөпкө отуруп, тизесине темир табакты коюп алып куймак, ышталган чочконун төш этин, мелисса кыямын жешти.

Күн чыгып келе жатканда, алардын төбөсүндөгү көлөкө ыргалган чөптөрдүн үстү менен жылып бара жатты.

Талаа торгойлору чөптүн арасынан асманга учуп чыгып, сайрап жатышты. Кичинекей ак булуттар көктө калкып бара жатты. Бактын башындагы кичинекей чымчыктар канаттарын сермешип, чыйпылдап тынбайт. Атасы булар американын спиза чымчыктары экендигин айтты.

– Эй, балапан! Балапан! – деп Лора чымчыктарды туурап обон созду.

– Лора, тамагыңды ич! Кайсы жерде болбосун, өзүңдү туура алып жүрүшүң керек, – деди апасы.

Атасы:

– Керолайн, бул жер Индепенденс шаарынан кырк чакырымдай алыс турат. Ал жерден деле, башка жерден деле коңшу күтөөрүбүз арсар, – деп жай айтты.

– Дагы кырк чакырымбы? – деп апасы сөзгө кошулду. – Бирок кошуна-колоң болобу, болбойбу, баары бир дасторкондо отурганда, мейли тамак ичип жатканда, ырдаган жакшы эмес, – деп кошумчалап койду. Анткени, бул жерде жайылган дасторкон жок болчу.

Ал жерде учу-кыйырсыз, мелтиреген ээн

талаа гана бар эле. Анда чыгып келе жаткан күндү утурлап кубанычтуу сайраган топ чымчыктар, жайкалган чөптүн арасынан чыгып, чеги жок көк асманды карай учуп бара жатышты. Ушул эбегейсиз прерияда адамдын изи да жок эле.

Ошол зор мейкиндиктин асманы алдында жалгыз, кичинекей, чүмбөттөлгөн бир араба турду. Анын жанында атасы, апасы, Лора, Мэри жана кичинекей Кэрри эртең мененки тамактарын ичип жатышкан. Мустангдар жүгөрүлөрүн күртүлдөтө жеп турушту. Джек болсо аларды карап, жаланып-жуктанганын токтотуп, козголбой отурду. Бардыгы тамактанып бүтмөйүнчө Лорага итке тамак берүүгө уруксат жок болчу. Ошондуктан, кыз тамактын калдыктарын алдына чогулта берчү. Ал эми апасы болсо Джекке түбүндө калган камдан чоң куймак куюп койчу.

Чөптөрдүн арасында толо жапайы коён менен талаа жөжөлөрү жайнап жүрсө да ал күнү Джек ууга чыга алган жок. Анткени, кыздардын атасы аңчылыкка кеткенде, Джек үйдү кайтарып калышы керек болчу.

Атасы адегенде Пет менен Паттини мамыга байлап, анан дарыядан суу алып келип, арабанын капталында турган жыгач челектерге суу

куюп, алдыларына койду. Апасы идиш-аяктарды жууганга киришти.

Бир кезде апасына:

– Шашпай эле кой, Керолайн. Биз эми арабаны өзүбүз каалаган убакта жылдырып алабыз. Биз бул жерде көпкө калышыбыз мүмкүн, – деди атасы.

Ал ошону айтып, нары жакка басты. Узун чөптөрдөн анын башы гана көрүнүп, алыстаган сайын карааны кичирейип бара жатты. Бир аздан соң ээн талаадан башка эч нерсе көрүнбөй калды.



Апасы арабадагы төшөктөрдү жыйнаганча, Мэри менен Лора идиштерди жууп коюшту. Алар жуулган идиштерди чогуу кутуга салып, чачылган майда чырпыктарды отко жакканга даярдап, чоңураак жыгачтарды арабанын дөңгөлөгүнүн жанына жыйнап коюшту. Ошентип, алар өргүү алган жердин тегерегин ирээтеп алышты.

Апасы жыгач самын салгычты алып чыкты. Ал жеңин түрүп, чылапчындын жанына тизелеп отурду да шейшептерди, жаздык каптарды, ич кийимдерди, көйнөктөрдүн бардыгын жууп, таза сууга чайкап, чөптүн үстүнө жайып койду.

Мэри менен Лора айланага байкоо жүргүзүп жатышты. Алар күн тийип, салкын жел согуп турганда узун чөптөрдү аралай, чуркап көңүл ачууну каалагандары менен арабадан алыс кетүүгө уруксат берилчү эмес. Кыздардын алдынан чоң коёндор секирип чыгып, чымчыктар жабыла учуп, кайра конуп жатышты. Булардын бардыгы кичинекей спиза чымчыктары болчу. Алар уяларын бактардын башына салышкан. Талаада жонунда тилкелери бар күрөң суурлар толо чуркап жүрүшчү. Бул кичинекей жандыктардын териси баркыттай жумшак болчу. Алардын көздөрү

топтоголок, мурундары ийилген жана буттары кипкичинекей. Ийиндеринен чыга калып чөгөлөп отура калып, Мэри менен Лораны тиктешет. Алар алдыңкы буттарын бооруна кысып, тик турганда жерден сороюп куураган отунга окшоп кетет. Алардын көздөрү гана жылтырап турчу.

Мэри менен Лора алардан бирди кармап алып, апасына белекке берсек деп самашчу. Суурлар биринин артынан бири чыгып, жанына жакындаганча козголбой тура беришип, жетери менен заматта көздөн кайым болуп кетишип, казылган ийининен башка эч нерсе көрүнбөй калчу.

Лора апасына кармап берем деп суурлар-



дын аркасынан кечке чуркап, бирди да кармай албай койду. Мэри болсо, суурдун ийнинин оозуна отуруп алып, ана-мына чыгат деп күтүп жатканда, бир кадам ары жакта суурлар секирип келип тиктеп отуруп алышчу. Ийининен бир дагы суур чыкчу эмес. Чөптүн үстүнө көлөкө түшөр замат суурлардын баары ийинине кирип-кирип жок болушчу.

Көлөкө асманда кайкып учуп жүргөн ителгиники эле. Ал жерге ушунчалык жакын учкандыктан сүрдүү, тегерек көздөр Лораны карап жаткандай болду. Ителгинин учтуу тумшугу, илип кетүүгө даяр турган курч тырмактары ага даана көрүнүп турду... Бирок ителги ал жактан Лорадан, Мэриден жана бош ийиндерден башка эч нерсе көрө албагандыктан, жем издеп андан ары учуп кетти.



Ителги кетери менен кичинекей суурлар ийиндеринен кылтыйып чыга башташты.

Чак түштө күн төбөдөн тийип баштады. Лора менен Мэри чөптүн арасынан гүл терип, суурдун ордуна апасына гүл белек кылганы жөнөштү. Апасы кургаган кирлерди чогултуп

жаткан. Кыздардын ич кийимдери, юбкалары кардай аппак болуп, күндүн ысыгы өтүп, чөп жыттанып турду. Апасы аларды арабага алып барып, гүлдөрдү алды. Ал Лора менен Мэринин чогултуп келген гүлдөрүнө сүйүнүп, экөөнүкүн бириктирип суу куюлган темир идишке салып, арабанын тепкичине койду.

Анан апасы муздак жүгөрү токочту экиге бөлүп, мелисса кыямын сүйкөдү да бирөөсүн Мэриге, экинчисин Лорага карматты. Бул эки кыздын түшкү тамагы болду.

– Апаке, папуастар каякта? – деп Лора сурады.

– Оозуңду тамакка толтуруп алып сүйлөбөй жүр дебедим беле, Лора, – деди апасы.

Лора оозундагысын чайнап, жутуп туруп анан:

– Мен папуастарды көргүм келип жатат, – деди.

– О, кудайым ай! Эмнеге эле мынча индеецтерди көрүүгө ашыгып жатасың? Аларды далай көрөбүз. Көрө берип жадап да кетерсиң,– деди апасы.

– Алар бизге тийбейби? – деп Мэри сурады. Мэри болсо эч качан оозуна тамак толтуруп алып сүйлөчү эмес. Ал абдан сыпаа эле.

– Жок! Эмнеге антип ойлоп жатасың? –

деди апасы.

– Индеецтерди эмнеге жаман көрөсүз? – деп Лора сурады да, нанга сүйкөгөн кыямын жерге агызбай тили менен жалады.

– Жөн эле жакпайт. Лора, манжаларыңды жалаба, – деди апасы.

– Бул индеецтердин өлкөсү да, туурабы? – деп Лора сурады. – Алар сизге жакпаса, анда алардын өлкөсүнө эмнеге келдик?

Апасы бул индеецтердин өлкөсүбү же андай эмеспи, билбегендигин айтты. Анда Канзас тууралуу эч кандай түшүнүк жок эле. Бирок бул жер индеецтерге тиешеси барбы же жокпу, бул жерде көпкө калышпайт болчу. Атасы вашингтондук бир киши менен сүйлөшкөндө, жакында индеецтердин аймагына отурукташканга уруксат берилип калышы ыктымал деген кабарды айткан. Эми алар Вашингтондон алыс кеткендиктен, ал тууралуу баары бир так кабар ала албак эмес.

Анан апасы темир үтүктү арабадан алып чыгып, отко ысытты. Ал Мэринин, Лоранын, кичинекей Кэрринин көйнөктөрүнө, өзүнүн кооз кездеме көйнөгүнө суудан бүркүп, арабанын отургучуна төшөк салып, үстүнө шейшеп төшөп, көйнөктөрдү үтүктөй баштады.

Кичинекей Кэрри арабада уктап, Лора,

Мэри жана Джек болуп арабанын көлөкөсүндө ачуу тийген күндөн далдаланып жатышты. Джек оозун ачып, тилин салаңдатып, улам үргүлөп коёт. Апасы өзүнчө обон созуп кыңылдап, кичинекей көйнөктөрдүн бырыштарын кетирип үтүктөөдө. Алардын тегерегинде шамалга ыргалган чөптөн башка эч нерсе жок болчу. Жогоруда сейрек ак булуттар көк асманда жортуп бара жатты.

Лоранын көңүлү көтөрүңкү. Ага шамалдан ыргалган чөптөр акырын, шуудурап ырдап



жаткандай сезилди. Чегирткелер учу-кыйырсыз боз талаадан корккон сыяктуу чөптөрдү шыртылдатып, секирип жүрүштү.

Суу ылдый өскөн бактардын туш-тушунан шуулдаган үндөр билинер-билинбес угулат. Ал дабыштар бул жердегилердин көңүлүндө керемет бир сезим жаратты. Лора купулуна толгон мындай жерди өмүрүндө биринчи көрүшү.

Бир маалда, ал кантип уктап кеткенин билбей калды. Ойгонсо, Джек этек жагында мулуйган куйругун кыймылдатып жатыптыр.

Күн уясына киргенде атасы талааны бойлоп келе жатты. Лора секирип туруп атасын көздөй чуркады, атасынын узунунан түшкөн көлөкөсүнөн кызын тосуп алганы көрүнүп турду.

Ал Лорага олжосун көрсөтүү үчүн колуна кармап келе жаткан. Алар жапайы чоң коён жана талаанын эки семиз тоогу болчу. Мынчалык чоң коёнду Лора мурда көргөн эмес. Ал сүйүнгөнүнөн ары-бери секирип, кыйкырып жиберди. Анан атасынын бир жеңинен кармап алып, чөп аралап бара жатты.

– Бул өлкөдө жапайы айбанаттар толтура. Мен элүүдөй бугу, антилопа, тыйын чычкан, коён, куштардын түрлөрүн көрдүм. Сууда

болсо балык деген толтура экен. Керолайн, билесиңби, бул жерде бизге керектүү нерселердин бардыгы бар. Бул жерде падышага окшоп жашаса боло тургандай, – деп апасын карады.

Ал күнкү кечки тамак абдан даамдуу болду. Бардыгы от жакалай отуруп алышып, жумшак бышкан даамдуу этке тоюшту. Акырында Лора табагын жерге коюп, тойгонунан үшкүрүнүп койду. Ага дүйнөдө мындан башка жыргал кереги жоктой болуп туюлду...

Чексиз асмандагы жарык түс өчүп барып, жер бетин тегиз караңгылык каптады. Кечки муздак жел согуп турганда жалбырттаган оттун жанында отурган сонун болчу. Өзөндүн ылдый жагындагы токойдон феб деген канаттуунун муңдуу сайраганы угулду. Жылкычы чымчыктардын да сайраганы асманга жылдыздар чыкканча угулуп турду...

Жылдыздуу түндү атасынын кыл кыягынын оологон назик үнү толтуруп турду. Атасы кыякты коштоп бирде ырдап, бирде жөн гана чертип жатты. Кыл кыяктын үнү кооз, илберинки жаңырып:

*«Эч ким билбес өзүңдү сүйөрүмдү,*

*Жалгыз сен ээлеп алдың жүрөгүмдү...»* – деп созуп жаткандай сезилди.

Чоң, жарык жылдыздар асмандан түшүп кетчүдөй салаңдайт. Алар улам жерге жакындап, музыканын коштоосунда дирилдеп жаткандай болуп турду.

Лора терең дем алып койду. Апасы жанына келип:

– Лора, сага эмне болду? – деп сурады. Лора акырын гана:

– Жылдыздар ырдап жатат, – деп шыбырады.

– Сен уйкусурап жатсаң керек. Ал кыл кыяктын дабышы. Анан дагы кичинекей кыздардын уктай турган маалы өтүп бара жатат, – деди апасы.

Ал Лораны оттун жарыгына чечинтип, түндө кийчү көйнөгүн кийгизип, топусунун боосун байлап, төшөгүнө жаткырды да, үстүнө жууркан жапты. Ал учурда кыл кыяктын үнү дагы эле оболоп жаткан. Түн музыкага толупташып турду. Лора ал музыканын жарымы чексиз талаанын чоң, жарык жылдыздарынан келип жатканынан күмөнү жок болчу.



# ЭЭН ТАЛААДАГЫ ҮЙ

Лора менен Мэри эртең менен күн чыга электе турушту. Алар эртең мененки тамагына тооктун сорпосу менен жүгөрү ботко жеп алып, идиш жууп апасына жардам бергенге ордунан турду. Атасы буюмдарынын бардыгын арабага жүктөп, Пет менен Паттини токуду.

Күн чыкканда, алар чексиз талаалар менен бара жатышты. Андан ары эми жол жок болгондуктан, Пет менен Патти чөптү аралап, кете беришти.

Түшкө жетпей атасы арабаны токтотту да:

– Мына, биз жеттик, Керолайн! Дал ушул жерге үйүбүздү салабыз, – деди.

Лора менен Мэри арабадан жерге шашып-



бушуп түшүп келишти. Алардын тегерегинде асман менен чектешип созулуп жаткан чөптүү прериядан башка эч нерсе жок болчу.

Алардан алыс эмес түндүк тарапта, талаанын төмөн жагында өзөн бар болчу. Ал жактан коч-кул жашыл бактардын төбөлөрү көрүнүп, нары жакта чөптөр калың өскөн жар бар экен. Ата-сынын айтымы боюнча, тээ алыста, чыгыш тарапта үзүлгөн сызык сыяктуу көгөрүп көрүнүп турган нерсе дарыя болчу.

– Тээтиги көрүнүп турган Вердигрис дарыясы, – деп ал апасына көрсөттү.

Ошол замат алар арабадагы жүктөрдүн баарын жерге түшүрүп, үйүп башташты. Анан алар арабанын чатырын алып, үйүлгөн жүктүн үстүнө жаап коюшту. Лора, Мэри, Джек үчөө айланага таңыркап карап турганча, арабанын чатыр жыгачтарын да чыгарып салышты.

Араба бир топтон бери үй ордуна колдонулуп келген, эми аны бириктирген төрт дөңгөлөгү гана калды. Пет менен Патти бутакка байланган бойдон турду. Атасы чака менен балтасын алып, арабасын талаанын төмөн жагына айдап жөнөдү. Бара-бара караанын таптакыр көрүнбөй калды.

– Атам кайда кетип бара жатат? – деди Лора.

Апасы ага:

– Атаң өзөндүн боюнан устун алганы кетти, – деп жооп берди.

Учу кыйырсыз талаада арабасыз калганга эмнегедир өздөрүнчө кооптонгонсуп турушту. Лорага асман менен жер ушунчалык чоң көрүнгөндүктөн, өзүн анын кыпынындай сезди. Ал ушул талаанын жапайы тоогундай болуп чөптөрдүн арасына кирип, акырын жашынып алгысы келди. Бирок антпеди. Мэри чөптүн үстүнө отуруп алып, кичинекей Кэррини ойнотту.

Лора менен Мэри адегенде төшөк ордуна салышкан арабанын жабуусун жыйышты. Анан Лора от жагууга ылайыктап чатырдын алдындагы чөптөрдү такырайта жулду. Апасы болсо бир нече кутулар менен түйүнчөктөрдү жыйнаштырды. Атасы отун

алып келгенче от жага алышкан жок. Башка иш калбагандыктан Лора айланага көз чаптырып карай баштады. Бирок чатырдан алыстаган жок. Бир кезде чөптүн арасынан укмуштуу, кичинекей туннелге окшош жай таап алды. Үстүнөн караганда ыргалган чөптөрдөн таптакыр билинбейт эле. Эңкейип ичине кирсе чөптүн арасында төмөн кеткен ичке жана түз чыйыр жол бар экен. Ал жол чексиз талаага кетчү.

Лора жол менен нарылап барып, анан кадамын жайлатып, бир нерседен чочугандай ордунан жылбай туруп калды. Анан артка кайрылып, тез-тез басып, кайтып келе жатты. Ал моюнун буруп, арт жагын караганда, эч нерсе көрүнгөн жок. Кыз шашып-бушуп келе жатты.

Атасы өзөндөн устундарды артып келери менен Лора ага жанагы жол тууралуу айтты. Атасы аны кечээ эле көргөндүгүн, ал эски жалгыз аяк болгондугун айтты.

Ошол күнү кечинде оттун жанында отуруп, Лора атасынан кайрадан папуастар жөнүндө сурады. Атасы өзү да, индеецтер тууралуу дурустап билчү эмес. Ал ага индеецтерди көрөм десе да, көрө албай тургандыгын айтты. Атасы индеецтерди Нью-Йорк штатынан, бала

кезинде көргөн. Лора аларды өмүрүндө көрбөсө да, алар жапайы болорун, териси кызгылт-күрөң тартып жана алардын балталары «томагавк» деп аталарын билчү.

Лоранын ою боюнча, атасы жапайы жаныбарлар жөнүндө көп билгенден кийин, жапайы адамдар тууралуу да түшүнүгү болуш керек эле. Лора атасы ага чаарчыктарды, мамалактарды, карышкырларды көргөзгөндөй эле, бир күнү папуастарды да көрсөтөрүнө ишенди.

Бир нече күн бою атасы бир үймөк жыгачты үй курганга, экинчи үймөктү аткана курганга ташыды. Өзөн ылдый ары-бери кеткен жол түштү. Атасы устундарды тууралап кесип алды. Пет менен Патти жыргап оттоп жүрүштү.

Атасы адегенде үй курмай болду. Жердеги устунду буту менен чаттап өлчөп, анан чуңкурча казды да, ал жерге эки устунду тоголотуп барып орнотту. Бул эки устун үйдүн түркүгү болчу.

Анан атасы дагы эки бекем жана чоң устундарды тоголотуп барып, таянчыктардын алды жагына койгондо, ал чуңкурча төрт чарчы болуп калды. Балтасы менен устундардын учтарын тегиздеп, көз болжолдоп түркүктөрдү

өлчөп алып, анан устундардын учтарына оюк жасады.

Оюп бүткөн соң устундарды тоголотуп келип, түркүккө дал келтирип аштап салды. Ошентип, ал үйдүн пайдубалын бүтүрдү. Пайдубалы устундун бою менен бир болучу. Түркүктөр жарым-жартылай жерге көмүлүп, устундардын учтары жерге жабышып турду. Устундар жерге туурасынан коюлуп, бурчтарындагы устундар да бири-бирине аштper, бурчтардан учтары сыртка чыгып турду.



Кийинки күнү атасы керегелерин коюп баштады. Төрт жагына устундарды койду да, учтарын бириктирип аштап салды. Эми алардын үйү эки устунга дагы көтөрүлдү. Устундар бири-бирине тыгыз жатканы менен, алардын баары ойдогудай эле түптүз эмес, учтары узун-кыска болуп, жаракалары да бар эле. Ал жаракаларды атасы шынаа уруп бүтөп чыгат. Өзү жалгыз иштеп, үйдү дагы үч устунга көтөрдү. Бийиктегенден кийин апасы жардам бере баштады. Атасы устундун бир учун керегеге чыгарып, аны апасына карматып коюп, экинчи учун өзү көтөрөт. Кереге өйдөлөгөн сайын эми үстүнө чыгып, оюга туура келди. Апасы жерден устундарды тоголотуп келип, бурчтарын түздөп койгонго жардам берди.

Ошентип, устундун үстүнө устун коюп отуруп, билинбей Лоранын боюнан бийик көтөрүп коюшту. Лора атасы менен апасынын үй курганын карап туруп жадап кетип, чөптөрдүн арасын караганы жөнөдү. Капыстан атасынын: – Бол, кач алдыгы жерден! – деп кыйкырганы угулду.

Чоң, оор устун керегенин үстүнөн кулап келе жаткан. Ал устундун бир учун кармаганга аракет кылды эле, бирок алы жетпей койду. Устун үстүнө түшүп, апасы тоголонуп жыгылды.

Лора апасына атасы экөө бирдей жетип барышты. Атасы тизелеп олтура калып, ал-жайын сураганда апасы оор дем алып:

– Эчтеме эмес, бардыгы жайында, – деди.

Устун апасынын бутун басып калыптыр. Атасы устундун учун көтөргөндө, апасы астынан бутун тартып алды. Атасы кабатырланып: – Колдоруңду кыймылдатып көрчү. Белиң ооруган жокпу? Башыңды буруп көрчү,– деп сурады. Апасы колдорун кыймылдатып, башын бурду, бардыгы жайындай көрүндү.

– Кудай сактады, – деди атасы. Анан колунан тартып, олтурганга жардам берди.

–Бутум эле болбосо, баары жакшы, Чарльз,– деди апасы.

Атасы анын бут кийими менен байпагын чечти. Ал бутунун ары жак, бери жагынын баарын карап, анын кызыл ашыгын, бутунун үстүн, ар бир манжасын кыймылдатып көрдү да:

– Катуу ооруган жокпу? – деп сурады.

Апасынын өңү бозоруп, оозун кымтып:

– Өтө деле катуу эмес,– деди.

– Сөөгү аман экен, эти катуу чоюлуп калса керек, – деди атасы.

– Чоюлуп калган болсо, тез эле айыгат. Сен

көп эле капа боло бербе, Чарльз, – деди апасы сөөгү аман экенине сүйүнгөндөй.

– Жалпак жыгач менен көтөргөндө болмок экен, аттиң, – деди атасы.



Атасы аны чатырга колтуктап келип жаткызып, от жагып, суу ысытты. Анан суу ысыганда шишип чыккан бутун салдырды.

Апасынын бактысына жараша буту сынып кетпептир. Устундун бир учу казылган чуңкурга такалып, ошол сактап калыптыр...

Атасы бутун малган чылапчынга улам-улам ысык суу куюп жатты. Анын кыпкызыл болуп ысып турган буту менен шишимик тарткан кызыл ашыгы, эми кара күрөң тарта баштады. Апасы бутун суудан чыгарып, чүпүрөк менен катуу таңып салды.

– Өзүм деле баса алам, – деди ал. Бирок бут кийим кие албай койду. Жаралуу бутуна чүпүрөктөн дагы таңып, анан бир бутуна аксап жөнөдү. Кечинде күндөгүдөй эле тамак жасады. Бирок мурдагыдай тез кыймылдай албады.

Буту жакшы болгончо атасына жардам бере албай тургандыгын айтты. Эми атасы устундарды жонуп жалпактады. Андан экини жасап, бир учун жерге, экинчи учун дубалга такап, устундарды ошону менен жогору тоголотуп чыгара баштады.

Апасынын кызыл ашыгы көпкө чейин айыкпай койду. Ал кечкисин таңуусун чечкенде, бирде күрөң-кызыл, кара, бирде жашыл, саргыч тартып турду. Үйдүн курулушу

токтоп калды.

Бир күнү түшкө маал атасы өзөндөгү жол менен ышкырып келаткан. Үйдөгүлөр анын аңчылыктан мынча эрте келишин күтүшкөн эмес. Атасы аларды көрөрү менен:

– Жакшы жаңылыгым бар! – деп кыйкырды.

Көрсө, өзөндүн аркы өйүзүндө, эки чакырым нараак жакта кошуналуу болуптур. Атасы аны токойдон көрүптүр. Эми алар бири-бирине жардам берип, түйшүктөрүн азайтууну айтышыптыр. Анда экөөнө тең жакшы болмок.



– Өзү бойдок экен. Айтымында үй жумуштарын аялдан да жакшы жасайт экен. Адегенде мага жардам бере турган болду. Андан кийин анын устундары даяр болор замат, мен жардам берем, – деди атасы.

Эми үйдүн курулушу алдыга жылып, апасынын жардамынын кереги жок.

– Сен буга кандай дейсиң, Керолайн? – деди атасы сүйүнүп.

– Албетте, жакшы, Чарльз! Мен кубанычтуумун, – деп жооп берди апасы.

Кийинки күнү эртең менен Эдвардс мырза келди.

Ал арык, узун бойлуу, кара тору жигит экен. Ал апасына ийилип, ага «айым» деп сылык кайрылды. Бирок Лора менен Теннессинин жапайы мышыгымын деп таанышты. Ал бутуна кончу узун өтүк, үстүнө тамтыгы кеткен жемпер, сокур чычкандын терисинен жасалып, артында куйругу салпылдап турган тебетей кийип жүргөн. Ал чайнаган тамекисин абдан алыс түкүрөт экен. Тамекини мынчалык алыс түкүргөндү Лора биринчи көрүшү. Лора канчалык алыс түкүргөнү тырышса да, Эдвардс мырзага жетпей койду.

Атасы менен Эдвардс мырза абдан бат иштеп жатышты. Бир күндүн ичинде атасы экөө

бир топ бийиктикке көтөрүп салышты. Алар иштеп жатышканда тамашалашып ырдашты. Балталары жыгачка чабылган сайын чамындылар туш-тушка ыргып турду.

Дубалдын үстүнө ичке жыгачтардан чатырдын сөлөкөтүн коюшту. Түштүк тарабындагы керегени оюп эшик, батыш жана чыгыш тарабынан төрт чарчы терезе чыгарышты.

Лора үйдүн ичин аябай көргүсү келди. Эшиктин орду менен ичине чуркап кирди. Үй ичиндеги бардык нерселер тилке болуп көрүндү. Батыш тараптагы керегенин жаракаларынан күндүн нуру тилке болуп тийип турду. Үстүндөгү шыптардан дагы тилке көлөкө түшүп жатты. Ал күндүн нурунун жана көлөкөнүн тилке издери Лоранын колдоруна, билектерине жана бутунун жылаңач жерлерине да түшүп турду. Анан ал устундардын ортолорундагы тешиктерден талааны да тилке-тилке көрдү. Ага талаанын керемет жыты, кыйылган жыгачтардын жытына аралашып келе берди.

Ошентип, атасы үйдүн батыш тарабындагы терезенин ордун кесип салары менен күндүн нуру үйгө чууруп киргендей болду. Терезелерди бүтүргөндөн кийин үйдүн ичи жапжарык боло түштү.

Атасы менен Эдвардс мырза эшик менен терезелердин арааланган жерлерине жука тактай кагып чыгышты. Эми үйдүн чатырынан башкасынын бардыгы даяр. Үйдүн керегелери бекем, арабадагы чатырга караганда аябай эле кенен, татынакай үй болду.

Эдвардс мырза үйүнө кетүүгө камынганда, атасы менен апасы анын кечки тамакка калышын суранышты. Апасы конокко арнап өзгөчө, даамдуу тамак бышырды. Ал жаш коёндун дымдап бышырылган эти менен аппак ундан жасалган камыр жана үстүнө өзүнчө маңыз даярдаган. Дасторконго чочконун туздалган төш эти кошулган, ысык, калың жүгөрү нан да турду. Андан башка дагы жүгөрү нанга сыйпап жегенге мелисса кыямы коюлган, бирок коноктун астына койгондо ал кыям кофеге кошулган эмес. Апасы катып койгон кичинекей кагаз баштыктагы шекерди алып чыкты.

Эдвардс мырза алардын меймандостугуна терең ыраазычылыгын билдирди. Анан атасы кыл кыягын алып чыкканда, Эдвардс мырза угууга камынып, жерге керилип узунунан жатты. Атасы адегенде Лора менен Мэриге арнап, алардын эң жакшы көргөн обонун ойноп, анан кыл кыякты коштоп ырдап берди. Лора ал ырды абдан жакшы көрчү, анткени,

атасынын үнү созолонуп, бул ырга сонун келчү.

*«Цыгандар падышасы боломун мен,*
*Эркинмин, кайда болсуң кете берген.*
*Калпакты сунуп алып акча жыйнайм,*
*Күндөрүм жыргал менен өтүп келген».**

Анын үнү илгерки Американын кур бакасынын үнүнө окшоп улам катуулап бара жатты.

*«Цыгандар*
*ПАДЫШАСЫ*
*боломун МЕН!»*

Тигилердин бардыгы күлүп жиберишти. Лора күлкүсүн араң тыйды.

– Ох, атаке, дагы бир жолу ырдап бериңизчи! Ушул ырды дагы ырдап бериңизчи! – деп катуу кыйкырып жиберди да, анан балдар үнүн чыгарбай отурушу керек экенин эстей коюп, тынчтанып калды.

Атасы кыл кыякты черткенин улантып, айлана шаңга бөлөндү. Эдвардс мырза секирип туруп, бийлей баштады. Ал шаңдуу кыл кыяктын обонуна кошулуп, айдын жарыгын-

* Китептеги ырларын которгон Ж.Жапиев

да секирип жаткан прерия коёнуна окшоп, буттары менен жер тепкилеп бийлеп жатты. Лора менен Мэри болсо кол чаап, тигини туурашып кошо жер тепкилеп жатышты.

– Сиз мен көргөн кыл кыякчылардын эң



мыктысы экенсиз,– деп ал бийлегенин токтотпостон кубанып айтты. Атасы дагы эле ойноп жатты. Ал «Акчанын жыты», «Арканзас саякатчысы», «Ирландиялык кир жуугуч аял», «Шайтандын чоору» деген обондорду тартты.

Анын дабышынан улам кичинекей Кэрри уктай албай, апасынын тизесинде Эдвардс мырзаны көздөрүн тостойтуп карап, быйтыйган колдорун чаап, күлүп отурду. Ал эмес, күйүп жаткан оттун жалынынан түшкөн көлөкө да бийлеп жаткандай болду. Жалгыз гана жаңы үй караңгыда ордунан козголбостон тынч турду. Ай чыккан маалда гана анын бозомук керегелерине жана айланасындагы чамындыктарга жарыгы түшүп көрүнө баштады.

Эдвардс мырза кетүүгө камынды. Анын үйү өзөндүн аркы өйүзүндөгү токойдо, бул жерден бир топ алыс болчу. Ал мылтыгын алып, Лора, Мэри жана апасы менен коштошту. Ал бүгүн жалгыздыкты унутуп, үй-бүлөлүк жашоодон чындап ыракат алгандыгын айтты.

– Мен узаганча Инголлсту ойноп турчу, – деди ал. Ал өзөн ылдый кетип, көрүнбөй калганча атасы чертип, аны өзү, Эдвардс мырза жана Лора болуп күчүнүн бардыгынча коштоп ырдап жатышты.

*«Дэн Таккер жакшы адам, кары чал,*
*Чарага суу куюп жуунчу ал.*
*Дөңгөлөк менен чач тарачу,*
*Тиши ооруп, арадан алды ажал.*
*Тоспогун Теккердин жолун эч,*
*Түн кирип, тамакка болду кеч.*
*Боткодон калбаса аз гана,*
*Идиштер бүт жуулган ал эмес!*
*Качырын минип Дэн жөнөдү,*
*Шаар беттеп ити ээрчип өнөгү...»*

Учу кыйырсыз талаада атасынын бийик добушу, Лоранын чыйылдаган үнү жана өзөндүн ылдый жагынан Эдвардс мырзанын угулар-угулбас үнү чыгып турду.

*«Тоспогун Теккердин жолун эч,*
*Түн кирип, тамакка болду кеч».*

Атасы кыл кыягын чертип бүткөндө Эдвардс мырзанын дабышы таптакыр угулбай калган эле. Прерия чөптөрүнүн арасынан шамалдын гана ышкырганы угулуп турду. Чоң сары ай төбөдө калкылдап жылып бара жатты. Ай ушунчалык жарык болгондуктан, бир да жылдыздын жымыңдаганы көрүнгөн жок. Ал эми мейкин талаа анын күүгүм кучагына

оролуп жаткандай сезилди.

Анан өзөндүн боюндагы токойдон булбулдун сайраганы угулду. Бүт аалам булбулдун күүсүнө көшүп жатты. Анын сайраганы уламдан-улам күчөй берди. Улуу талаада муздак жел согуп, булбулдун тунук жана таза сайраган үнү чөптүн шуудураганына кошулгандай болду. Асман болсо тегиз жер бетине жарыкты толтуруп туруп, көмкөрүп койгон чыныга окшоп турду.

Ыр аяктаганы менен эч ким ордунан козголгон жок. Лора менен Мэри үн катпастан, ал эми апасы менен атасы бир жерде жылбай отура беришти. Соккон шамалдан чөптөрдүн үшкүргөндөй дабышы чыгат. Анан атасы кыл кыякты ийинине коюп, кылдарына тиери менен жымжырттыкты таза суунун тамчысындай агылган дабыш ойготту. Бир аз тыныгып туруп, атасы булбулдун сайраганына окшоштуруп ойноду. Булбул ага жооп кайрыгандай сайрап баштады. Эми ал кыл кыякты коштоп сайрады.

Кыл кыяк токтогондо деле булбулдун сайраган үнү улана берди. Булбул токтогондо, кыл кыяк аны кайра чакырып, сайратып турду. Булбул менен кыл кыяк бири-бири менен ушул салкын кечте ай нурунун астында сүйлөшүп жатышкандай болду.



# КИЧИНЕКЕЙ ҮЙГӨ КӨЧҮП КИРҮҮ

– Үй тургузулду. Эми биз жер так-тайсыз, жасалгасыз эле кире бергенибиз дурус болор. Пет менен Патти да сыртка калбаш үчүн аткана курушум керек. Кечээ түнү карышкырлардын жакын эле жерден улуп жатканын уктум, – деп эртең менен атасы апасына айтты.

– Сенин мылтыгың бар го, ошондуктан, мен көп деле кабатырланбайм, – деди апасы.

– Ооба, Джек деле бар дечи, бирок сени менен кыздар үй ичинде коопсуз болсо, көңүлүм да ток болот.

– Эмнеге сен индеецтерди көрө элекпиз деп жатасың? – деп апасы сурады.

– Билбейм, – деп атасы ыңгайсызданып жооп берди. – Мен алардын отурукташкан жерлерин аскалардын арасынан көрдүм. Менин оюмча алар аңчылыкка кетишсе керек.

Анан апасы: – Кыздар! Күн чыкты! – деп чакырганда Лора менен Мэри керебеттеринен ыргып туруп, кийимдерин көздөй чуркашты.

– Тамагыңарды тез-тезден ичкиле, – деди апасы коёндун этин темир табакка салып жатып, бул акыркы эт болучу. – Бүгүн биз үйгө көчүп киребиз. Ошондуктан үйдүн ичиндеги чамындыларды тазалап, алып чыгыш керек.

Ошентип, алар тамактарын бат-бат жеп бүтүп, чамындыларды тазалоого киришти. Алар этектери толо салынган чамындыларды оттун жанындагы үймөккө төгүп жатышты. Апасы мажүрүм талдын чырпыктарынан жасалган шыпыргы менен үйдүн ичин шыпырып баштаганда жерде дагы эле чамындылар толтура экен.

Апасы дагы эле бир аз аксап жүргөн, эти чоюлуп калган кызыл ашыгы айыгайын деп калды. Ал шыпырып бүткөн соң, Мэри менен Лора үйдүн ичине буюмдарды ташыганга жардам беришти. Атасы үйдүн үстүнө чыгып, арабанын чатырын үйгө жапты. Ал шамалга көтөрүлүп, атасынын сакалын да шамал дел-

биретип, чачтарын уюлгутуп, өзүн да учуруп кетчүдөй сокту. Ал чатырды колунан чыгарбай шамал менен бир топко чейин алпурушту. Бир маалда шамал аны катуу согуп, Лора атасын асмандагы кушка окшоп учуп кетет деп ойлоду. Бирок ал дубалды буту менен бекем кысып алып, колу менен чатырды чатыратып байлап жаткан.

– Эми ушул жерден жылбай тур, – деди ага.

– Чарльз! – деп апасы жуурканды бооруна кыскан бойдон жогору жакты карап турду.

– Эми сен тилимди алып, айтканымды аткаргын,– деп атасы чатыр менен сүйлөшүп



атты. – Керолайн, сага эмне болду? Сага айтып жаткан экен деп ойлодуңбу?

– Ох, Чарльз! Ой, амалдуу десе! – деди Керолайн.

Атасы учтары чыгып турган устундарды тээп, бурч менен ылдый түшүп келди. Ал чачтарын манжалары менен тараганда анысы ого бетер саксайып калды. Апасы бырс этип күлүп жибергенде, атасы аны жуурканы менен кошо кучактап алды.

Анан алар үйүн карап:

– Үйүбүз жайлуубу, кандай дейсиң? – деди атасы.

– Мен үйгө киргенге эле ыраазы болот элем, – деди апасы.

Үйдүн эшик-терезеси салынбаган, асты жер, үстүндөгү жыгачтарга арабанын чатырын жаап койгон. Бирок үйдүн жакшы жери керегелери бекем, арабага окшоп жылып кете бербей, бир орунда тургандыгы болчу.

– Биз ушул жерден өсүп-өнөбүз, Керолайн, – деди атасы. – Бул улуу өлкө. Мен бул өлкөдө өмүрүмдүн акырына чейин калсам арманым жок.

– Адамдар өтө жыш отурукташса делеби? – деп апасы сурады.

– Ооба, көп отурукташса деле. Кошуналар

көп болгон күнү деле бул өлкөнүн кенен кучагына бардыгы батат! Асманды карачы...

Лора атасы эмне деп айткысы келип жатканын түшүнүп турду. Ага дагы бул жер абдан жакты. Ага учу-кыйырсыз асман, шамал жана учу кыйрына көз жетпеген жер купулуна абдан толду. Ага ал жерде бардыгы эркин, чоң жана керемет көрүндү.

Түшкө маал үйдүн ичи иреттелип бүттү. Төшөктөр жерге тыкан төшөлүп, арабанын орундуктары жана эки дөңгөчтү отургуч ордуна алып кирген. Атасынын мылтыгын эшиктин үстүнө илип коюптур. Кутулар, түйүнчөктөр дубалдын жанына жыйнактуу коюлган. Үй абдан жагымдуу эле. Үйдүн чүпүрөк чатырынан жарык тийип, жел менен күндүн нуру терезенин тешиктеринен кирип жатты. Күн төбөдөн тийген маалда үйдүн төрт керегеси күнгө чагылышып жалтырап турду.

Сыртта кемегеден башка эч нерсе калган жок. Атасы колу бошору менен үйдүн ичине меш саларын айтты. Ал кышка чейин жыгач менен бекем кылып чатыр жасай тургандыгын, үйдүн таманын тактайлап, керебет, үстөл жана отургучтарды да жасаарын айтты. Бирок ал жумуштардын бардыгы, атасы Эдвардс мырзага жардам берип, Пет менен Пат-

тиге аткана курганча коё турушу керек болчу.

– Жумуштарың бүткөндөн кийин мага керме куруп берсең жакшы болор эле, – деди апасы.

Атасы күлүп:

– Анан кудук керек болот, – деди.

Түшкү тамактан кийин ал Пет менен Паттини арабага чегип, кир жууганга өзөндөн суу алып келип берди.

– Кирлерди индеец аялдардай өзөнгө алып барып жуусаң деле болот,– деди ал.

– Эгер индеецтерди туурап жашай турган болсок, анда чатырды түтүн чыга тургандай тешип, үйдүн ичине коломтого от жагышыбыз керек. Индеецтер ошентет да, – деди апасы.

Ал түш оой суу жылытып, кирлерди жууп, чөптүн үстүнө жайып салды.

Кечки тамактан кийин алар сыртта оттун жанында бир аз отурушту. Ошол түнү алар эшикте оттун жанына эмес, үйдүн ичине укташмак. Атасы менен апасы Висконсиндеги тууган-туушкандары тууралуу сөз козгошту. Апасы аларга кат жөнөтсө жакшы болмок деген тилегин айтты. Бирок алар Индепенденс шаарынан кырк чакырым алыс эле. Ал жакка атасы узак жол басып барып, почтага салып келмейинче, бир дагы кат жетмек эмес.

Ал эми тээ алыста, Чоң Токойлордо жаша-

ган таята-таенеси, таеже-жезделери, бөлөлөрү алардын кайсы тарапта экендигинен таптакыр кабарлары жок болчу. Булар деле бул жерде, оттун жанында отуруп, Чоң Токойлордо эмне болуп жаткандыгын билишпейт эле.

Кабар алуунун эч кандай жолу жок болчу.

– Анда эмесе, жаталы, – деди апасы. Ки-



чинекей Кэрри эчак эле уктап калган. Апасы аны үйгө алып кирип чечиндирди. Мэри болсо Лоранын көйнөгүнүн топчуларын жана ички көйнөгүн чечип берди. Атасы эшиктин тешигине жоктон көрө жогору деп жууркан илип койду. Анан сыртка чыгып, Пет менен Паттини үйгө жакыныраак алып келди.

– Керолайн, бери чыгып айды карасаң, – деп чакырды.

Лора менен Мэри үйдүн ичиндеги жерге салынган төшөккө жатып, чыгыш тарабындагы тешик терезеден асманды карап атышты. Табактай чоң жарык айдын учунун нуру терезеге тийип жалтыраганын көрүп, Лора төшөккө отуруп алып карап жатты. Ал айдын ачык асманда акырын калкып баратканын көрдү.

Айдын шooласы үйдүн капталдарындагы тешиктерден күмүш тилке болуп, ал эми терезеден төгүлгөн жарык, үйдүн таманына төрт бурчтуу жарык болуп тийди. Ай жапжарык болгондуктан, апасы каалганын ордуна төшөктү алып келатканы Лорага даана көрүндү. Ал төшөктүн үстүндө отурганын апасы көрбөсүн деп шашып жата калды.

Баарынан да атасын көргөндө Пет менен Патинин кишенегени, туяктарын жерге ургулаганы угулуп турду. Пет, Патти жана атасы

үйдү карай келе жаткан. Лорага атасынын:

*«Жылдыздуу асман, күмүш Ай ,*

*Жарыгын чачып каалгыйт жай!»* – деп ырдаганы угулду.Анын үнү түндүн, айдын жана жымжырт талаанын бир бөлүгүнө окшоп кетти. Ал ырдаган бойдон босогого келип:

*«Күмүш түстүү Айдын күңүрт жарыгында-а-а...»*, – деп созуп келди.

– Акырын, Чарльз. Балдарды ойготосуң, – деп кыздардын апасы акырын айтты.

Атасы ырдаганын токтотуп, ичкери кирди. Джек болсо артынан ээрчип келип, босогого туурасынан жатып алды. Эми алардын үй-бүлөсү жаңы үйдө, калың дубалдардын ичинде, жылуу-жумшак жана коопсуз жайга келди. Уйку-соонун ортосунда алыстан көз кайкыткан талаадан карышкырдын улуган үнү угулду. Бирок бул жолу Лора бир аз корккону менен тез эле, кайрадан уйкуга кетти.



# Карышкырлар үйүрү

Атасы менен Эдвардс мырза экөө Пет менен Паттиге бир күндө эле аткана салып бүтүп коюшту. Аткананын чатырын да жасашты. Алар кечке тынбай көпкө иштешти, апасы кечки тамакты жасап коюп, далайга күтүп калды.

Аткананын каалгасынын ордуна атасы айдын жарыгы менен эки жоон жыгач алып келди. Анан Пет менен Паттини атканага киргизип, жыгачты кыска-кыска бөлүп, каалганын ордуна тизип койду. Аларды жерге кагылган казыктар кармап, дубалга окшоп калды.

– Эми карышкырлар каалашынча улуй берсин! Бүгүн уйкубуз тынч болот, – деди атасы.

Эртең менен Чарльз аткананын оозундагы жыгачтарды алганда, Лора көргөн көзүнө ишенбей турду. Петтин жанында буттары ме-



нен кулактары узун, ичке, шалкылдаган бутуна араң такандап турган кичинекей кулунду көрдү.

Лора аны көздөй чуркаганда, Пет кулактарын жапырып, мойнун созуп, тишин ырсыйтты.

– Лора, артка! – деп атасы катуу кыйкырды. Анан Петти карап: – Пет, биз сенин кичинекей кулунуңа тийбейбиз,– деди.

Пет ага акырын окуранып жооп бергендей түюлду. Пет атасы кулунуна барып сыласа да козголбойт, ал эми Мэри менен Лораны жакын жолотпойт. Ал эмес, эки кыз атканaнын тешигинен карап турушса да, Пет көздөрүн аңтарып, тиштерин ырсайтып мойнун созот. Алар өмүрүндө мынчалык кулагы узуң кулун көрүшкөн эмес. Атасы аны кичинекей качыр деп түшүндүрдү. Лора болсо американын коёнуна окшоштурду. Ошентип, алар кулунга Банни деген ат коюшту.

Пет мамыда байланып, Банни анын жанында тегеренип, секирип оюн салганда Лора кичинекей Кэррини саксактап карап турушу керек болчу. Эгер Баннинин жанына атасынан башка бирөө келсе, Петтин жини келип окуранып, кызды көздөй чайнап салчудай чуркайт.

Жекшемби күнү үрүл-бүрүлдөн атасы Паттини минип алып, талаа аралап, жер көрүүгө



кетти. Үйдө эт толтура болгондуктан, мылтыгын алган жок. Ал узун чөптү аралап, өзөндөгү жарды бойлоп кетип баратты. Анын алдынан чымчыктар учуп чыгып, айланып, кайра чөпкө кирип кетип жатышты. Атасы оттоп жүргөн эликтерди көрүп калчудай, өзөндүн төмөн жагын карап бара жатты. Анан ал атты чапкан бойдон кетти эле, адегенде карааны кичирейип барып, анан көрүнбөй калды. Ыргалган чөптөн бөлөк эчтеме калбады.

Атасы түш ооп, кеч киргенче келген жок. Апасы мешке көмүр салып, үстүнө чырпыктарды коюп от жакты да, кечки тамакка камынды. Мэри болсо үйдө кичинекей Кэррини карап калды.

Бир убакта Лора апасынан: – Джекке эмне болгон? – деп сурады.

Джек бир нерсеге тынчсыздангандай, өйдө-ылдый басып, мурдун тырыштырып, моюнундагы жүндөрүн үрпөйтүп, бир жата калып, кайра тура калып тынч албайт. Бир маалда Пет туяктары менен жер тепкилеп, мамыны айланып чуркап барып, кайра козголбой туруп калды. Ал акырын кишенегенде кулуну Банни жанына жакын келип туруп калды.

– Сага эмне болгон, Джек? – деп апасы сурады. Ал апасын карап, бирок эч нерсе айта

алган жок. Апасы жерди бир тиктеп, асманды бир тиктеп, кооптоно турган эч нерсе көрө алган жок.

– Эч нерсе деле көрүнбөйт, Лора, – деп апасы кофенин чайнегине от калады.

Тооктун майга кууруулган жана жүгөрү токочтордун аңкыган жыты келди. Апасы эмнегедир улам-улам кылчайып, талааны карап коёт. Джек жаны тынбай ары-бери басканын токтоткон жок, ал эми Пет кулунун эмизбей койду. Ал кулунун жанынан чыгарбай, Чарльз кеткен тарапты карап туруп алды.

Капыстан Паттинин талаадан чуркап келаткан карааны көрүндү. Ал күчүнүн бардыгынча жүгүрүп, атасы анын жонуна жабышып алыптыр.

Ал түз эле атканага кире баштаганда, атасы оозун тартып токтотту. Ал атты күчүнүн бардыгынча тартканда, бечера ат көчүгү менен отуруп калды. Ат калчылдап, жонунан буу чыгып кетиптир. Атасы жерге түшүп, демин баса албай турду.

– Чарльз, эмне болду? – деп апасы сурады.

Атасы өзөн тарапты карап калганда, апасы менен Лора да ал жакты карап калышты. Бирок алар ылдый жакта жаткан мейкиндиктен бир нече бактын сороюп турган баштарынан

жана мейкин талаанын чөптөрүнөн учтары урчуйган аскадан башка эч нерсе көрө алышкан жок.

– Эмне болду? – деп апасы кайрадан сурады. – Эмнеге Паттини анча катуу чаап келдиң?

Атасы терең дем алып:

– Карышкырлар жарып кетеби деп абдан корктум. Ажалым жок экен, тирүү калдым, – деди.

– Карышкыр дейсиңби! – деп апасы кыйкырып жиберди. – Каяктагы карышкырлар?!

– Бардыгы жайында, Керолайн. Азыр демимди басып алайынчы,– деди атасы.

Анан бир аз демин ичине алып:

– Паттини мен анчалык катуу чапкан жокмун, минип алганым эле болбосо. Элүүдөй карышкыр, Керолайн, мен өмүрүмдө мынчалык чоң карышкырларды көргөн эмесмин. Мага дүнүйөнү түгөл берем десе дагы эми ал жакка басып барбайм, – деди.

Күн уясына кирип, талаа бетине көлөкө түшкөндө:

– Аны кийинчерээк айтып берейинчи, – деди атасы.

– Тамакты үйгө кирип ичели, – деди апасы.

– Жок, сыртка эле отуралы. Джек барда эч нерседен коркпой деле койсо болот, – деди атасы.

Анан Петти кулуну менен аркандалган жеринен алып келди. Патти экөөнү адаттагыдай сугарганы өзөнгө алып барбады, кир жууган чылапчынга толтурулган сууну алдыларына койду. Атасы Паттинин терин кургатып, Пет менен Баннинин жанына сарайга киргизди.

Кечки тамак даяр болду. Караңгыда оттун айланасына тегерек жарык түшүп турду. Лора менен Мэри кичинекей Кэррини жандарына алып, оттун жанында отурушту. Жалындын четинен башка жердин бардыгын караңгылык курчап турду. Тигилер улам бир нерседен сестенгендей аркасын элеңдеп карап коюшат. Көлөкөлөрү да жан киргендей жылып жатты.



Джек болсо жамбаштап Лоранын жанында жатты. Ал кулактарын түрүп, караңгы жактан бир нерсе тыңшап жаткандай болду. Кээде гана аймакты шимшилеп тегеренип келип, кайра Лоранын жанына тынч жатып

калат. Ырылдабаганына караганда бардыгы жайында болсо керек.Болгону шалпыйган эрдинен эки тиши көрүнөт, себеби, ал бульдог тукумундагы ит эле. Бул тукумдагы иттердин бардыгынын тиштери ырсайып, сүрдүү көрүнөт. Лора менен Мэри жүгөрү токоч менен прерия тоогунун бутун жеп жатып, атасынын апасына карышкырлар жөнүндө айтып бергендерин угуп отурушту.

Алар дагы бир нече жаңы кошуналуу болушту. Жаңы отурукташкандар өзөндүн эки жээгин бойлоп жайланышты. Бул жерден үч чакырымга жетпеген жерде чексиз талаанын бош жерине бир эрди-катын үй куруп жатышты. Ал Скотт аттуу үй-бүлө болчу, атасынын айтымында жакшы адамдар көрүнөт. Андан алты чакырым өйдөрөөк жерде, бир үйдө эки бойдок бала жашачу. Алардын эки чарба жери жана алардын ортосундагы чекке курулган үйү бар болчу. Бирөөсүнүн жатагы үйдүн бир дубалы-



нын, экинчиси экинчи дубалынын жанында болчу. Алар бир үйдө жашаганы менен ар кимиси өз фермасынын чегинде жатышчу. Үйүнүн чоңдугу сегиз гана фут болгондуктан, алар чогуу тамак бышырып, чогуу тамактанышчу.

Атасы карышкырлар жөнүндө айтып бере элек болчу. Лора ал тууралуу абдан билгиси келгени менен атасы сүйлөп жатканда жолтоо кылбоо керек экенин билчү.

Бойдок балдар бул жерде өздөрүнөн башка да отурукташкандар бар экенин билбейт болчу. Алар индеецтерден башка эч кимди көрө элек эле. Экөө Лоранын атасын көрүшкөндө, абдан кубанышты. Ошентип, балдардын жанында бир топко кармалууга туура келди.

Ал таңга маал талаалада келаткан. Өзөндүн ылдый жагынан ак кичинекей чүмкөлгөн арабага окшош караан көрүндү. Жанына келгенде чын эле араба экен, бир эркек, аялы жана беш баласы менен турганын көрдү. Алар Айовадан келишип, аттарынын бири ооруп калып, өзөндүн ылдый жагына түнөп калышыптыр. Ат бир аз сакайганы менен аларга суук өтүп калганбы,эттери ысып, чыйрыгып күйөөсү, аялы жана улуу үч баласы ооруп тура албай жатышыптыр. Кызы Мэри жана Лора курактуу кичинекей баласы менен кызы тигилерди

багып атышкандай.

Атасы буларга жардам көрсөтүп, артка кайтып келди да бойдок балдарга тигилер тууралуу айтты. Эки бойдоктун бирөө дароо аларды бул кенен, чексиз талаанын өйдө тарабына алып келүү үчүн атына минип жөнөдү. Канткен менен өйдө жактын абасы кургак келип, жакшы болгондуктан, тезирээк сакайып кетүүгө шарт бар эле.

Улам бир нерселерге жолугуп калып, атасы үйүнө кеч кайтып келе жатты. Ал Паттини минип, желе-жорто келатканда капыстан топ карышкырлар чыга калып, атасын тегеректеп алышты.

– Алардын үйүрү абдан чоң экен. Элүүдөй чоң карышкыр... Анчалык чоң карышкырларды өмүрүмдө биринчи жолу көрүшүм. Булар бизон карышкырлар деп аталган түрү болсо керек. Алардын башчысы ийиниме үч футтай жетпеген чоң боз жырткыч болчу. Жүрөгүм алкымыма кептелди.

– Жаныңда мылтыгың да жок эмес беле, – деди апасы.

– Ошону айтпайсыңбы. Бирок мылтык болгон күндө да, пайдасы тиймек эмес. Элүү карышкырга бир мылтык эмне болсун. Патти да качып кутула алмак эмес.

– Анан эмне кылдың? – деп апасы суроо узатты.

– Эч нерсе, – деп атасы жооп берди. – Патти качканга аракет кылды. Бирок менин жүрөгүм жамандыкты сезип, андан кутулуунун амалын издедим. Патти качса эле бир мүнөткө жеткирбей карышкырлар бизди сүйрөп түшөрүн сезип турдум. Ошондуктан Паттинин оозун тартып, акырындан бастырып кете бердим.

– Кудай сактаптыр, Чарльз! – деп апасы демин ичине алды.

– Мен эми ал жакка акча берсе да баспайм. Керолайн, мен өмүрүмдө андай карышкыр көргөн эмесмин. Бир дөбөт так түбүмдө катарлаш ээрчип келатты. Анын капталына бутум тийип-тийбей баратты. Алар мага анча көңүл бурушкан жок, жаңы эле болушунча тоюп келе жатышса керек.Ишенесиңби, Керолайн, алар Патти менен мени тегеректеп, ээрчип алышты. Чаламандын чак түшүндө ушинтип бир үйүр карышкыр Патти экөөбүздү ээрчип келе жатканын элестетсең. Алар бизди курчап алып, чуркап, секирип, ойноп, анан бири-бирине ырылдап коюп, ит сыяктуу ээрчишти.

– О-о Кудай ай! – деди апасы кайрадан. Лора коркконунан жүрөгү дүкүлдөп, оозун

ачып, чекчейип атасынан көзүн албайт.

– Патти калтырап, коркконунан денесин тер басты. Мени да тер каптады. Мен атты күчкө салып бастырып бара жаттым. Бир топ жерге чейин ээрчип келишти. Жанагы чоң дөбөтү биз ошерде калчудай болуп, бизден ашып чуркап кетти. Анан биз өзөн ылдый же-



лип отуруп, аңдын башына келдик. Башчысы аң ылдый чуркап жөнөгөндө, арттагы карышкырлардын бардыгы аны ээрчип жөнөштү. Эң акыркы карышкыр ал тарапка бет алары менен Паттинин оозун коё бердим эле, ал түз эле үйдү көздөй салды. Мен камчыланганда ат дагы катуулап чуркады. Менин жүрөгүм ошол күнү кечке опкоолжуп жүрдү. Эгер карышкырлар аркамдан келишсе, бул саам Патти экөөбүздү оңдурбайт болучу. Мен мылтык үйдө калганына, анан дагы үйүбүз курулуп бүткөнүнө сүйүндүм. Карышкырлар келип калса, сен мылтык атып жолотпосуңа ишендим. Пет менен кулунун да ойлодум. Алар сыртта калышпады беле.

– Ага кабатырланба, Чарльз! Аттарды сактап калыш колумдан келмек, – деди апасы.

– Ошол учурда акылыма эч нерсе келген жок, – деди атасы. – Албетте, мен сенин сактап каларыңа ишенем. Карышкырлар деле тынчыңды албайт болчу. Бирок аларга ачка кезинде жолукканда минтип сенин жаныңда отурмак кайда-а...

– Бул жерде отурган бирөөлөрдүн кулагы абдан узун экен, – деди апасы. Аны айткан себеби, Мэри менен Лора чочулабасын дегени болчу.

– Кудай бир сактап, жакшы болду, – деди атасы. – Анан дагы ал карышкырлар бул жерден абдан эле алыс.

– Эмнеге алар эч нерсе кылышкан жок? – деп Лора сурады.

– Билбейм, Лора. Менин оюмча алар жаңы эле тоюп, өзөнгө суу ичкени баратышса керек. Мүмкүн алар кээ бир кичинекей кыздарга окшоп, ойногондо эч кимге көңүл бөлбөстөн, талаада оюн салып жатышкан чыгар. Мүмкүн алар менде мылтык жок экенин, аларга эч зыяным тийбесин билишкендир. Же мүмкүн алар мурда адамдарга жолукпаган жана адамдар аларга зыян келтирерин билбеген чыгар. Ошону үчүн алар мени таптакыр элес алышпагандыр.

Пет менен Патти аткананын ичинде тынбай ары-бери басып жүрүштү. Джек болсо отту айланып жүрдү. Кээде toktoй калып, жонунун жүнүн үрпөйтүп, бир нерсени тыңшагандай болот.

– Балдардын жатчу маалы болуп калды, – деп апасы айтты. Кичинекей Кэрри да уктай элек болчу. Апасы балдардын баарын үйгө киргизип, Мэри менен Лораны жаткыла деп, кичинекей Кэрринин түнкү көйнөгүн кийгизип, чоң төшөккө жаткызды да, өзү сырттагы

идиштерди жыйнагана чыкты. Лора атасы менен апасынын үйгө тезирээк киришин күттү. Ага алар алыс жакка кеткендей сезилди.

Мэри менен Лора ордуларында тынч жатышты, ал эми Кэрри төшөктүн үстүнө отуруп алып, өзүнчө ойноп кирди. Караңгыда төшөктүн артынан колун созуп, мылтыгын алып жаткан атасынын колу көрүндү. Сырттагы оттун жанынан темир табактардын калдыраган дабышы чыгып жатты. Анан кемегени бычак менен кырганы угулду. Апасы менен атасы сыртта сүйлөшүп турушту, Лорага тамекинин жыты келди.

Үйдүн ичи коопсуз болчу. Бирок эшиктин үстүнө илинген мылтык жок жана каалганын ордуна төшөк илинип турганы деле анча ишеничтүү эмес эле.

Апасы эшиктен көптө барып кирди. Кэрри уктап калган. Атасы менен апасы акырын кирип, төшөккө жатышты. Джек болсо босогодон орун алды, бирок ал адаттагыдай ийрилип жатпастан, тикирейип, бир нерсени тыңшап аткандай туюлду.

Апасы, атасы жана Мэри уйкуга кетишти. Ал эми Лора болсо караңгыда Джектин жонундагы жүнүнүн тик турганын көрө албай кыйналды.

Бир убакта ал да уктап жаткан жеринен туруп, төшөгүнүн үстүнө отуруп калды. Таң агарып бараткан. Айдын жарыгы терезенин жана керегенин тешиктеринен тийип туруптур. Атасы караңгы бөлмөнүн терезесинин жанында мылтык кармап турган.

Лоранын так кулагынын түбүнөн карышкырдын улуганы угулду. Ал корккону нан түйүлүп дубалдан оолактады. Карышкыр дубалдын сыртында болгону менен Лора демин ичине тартып калды. Муздак нерсе жонунан гана өтпөстөн, бүт денесин калтырак басты. Мэри болсо жууркан менен башын чүмкөдү. Джек босогодо туруп алып, ырылдап жатты.

-Тынч, Джек! – деди атасы.

Карышкырдын улуганы үйдөгүлөрдүн үрөйүн учурду. Лора төшөктөн туруп, адегенде атасына барууну ойлоду. Бирок кайра алагды кылбоону чечти. Атасы бурулуп, анын ич көйнөкчөн турганын көрдү да:

– Карышкырларды көргүң келип жатабы, Лора?– деп акырын сурады. Лора эч нерсе дебестен башын ийкеп, атасын көздөй басты. Атасы колундагы мылтыгын керегеге жөлөп, кызын терезени каратып көтөрдү.

Айдын жарыгында жерде кыдыракей отурган карышкырлар көрүндү. Алар чокчоюп отуруп

алып, Лораны карап жаткандай сезилди. Лора да аларды карап турду. Карышкыр аябай чоң экен. Алардын эң чоңуЛорадан да бойлуу болчу. Ал эмес Мэриден да чоңураак экен. Алардын эң чоңу карышкырлардын чок ортосунда, Лоранын карама-каршысында отурду. Анын тикчийген кулактары, тилин салаңдаткан тумшугу, жоон ийиндери жана буттары, балпайган тамандары, буралган куйругу да чоң болчу. Анын жүндөрү боз жана саксайган, ал эми көздөрү жапжашыл болуп жалтырап турган.

Лора бутунун чоң манжасы менен дубалдын жаракасын такандап, колдорун терезенин тактайына бүгүп,сырттагы карышкырларды карай берди. Бирок ал терезеден башын чыгарган жок, анткени, карышкырлар жакын эле жерде шымаланып, жаланып-жуктанып отурушту. Атасы кызынын аркасынан, белинен бекем кучактап турду.

– Аябай чоң карышкыр экен, – деп Лора шыбырады.

– Ооба, жүнүнүн жалтыраганын карачы, – деп атасы да кулагына шыбырады. Чоң карышкырдын саксайган жүнү айдын жарыгына жалтырап көрүнөт.

– Алар үйдүн тегерете курчап отурушат, – деп атасы шыбырады.

Лора шыртылдатып басып, башка терезеге барды. Атасы мылтыгын терезеге жөлөп, кайрадан Лораны өйдө көтөрдү. Булар жанагы тегерете турган карышкырлардын жарымы болчу. Үйдүн көлөкөсүндө алардын көздөрү жалтырап көрүндү. Лорага алардын дем алганынан бери угулду. Алар атасы менен Лоранын карап тургандарын байкап калышып, катарлашкан карышкырлар артка бир аз кетенчиктешти.

Пет менен Патти кишенеп, атканanын ичинде чуркап жүрүштү. Алар туяктары менен жер чапчып, дубалга ары-бери урунушат.

Бир аздан кийин атасы кайрадан берки терезенин жанына барды. Лора да ал жакка жылды. Алар бир карышкыр тумшугун типтик асманга көтөрүп жаткан убагында көрүп калышты. Ал оозун ачып, айды карап узакка улуду.



Анан үйдү тегеректеп турган карышкырлардын бардыгы ошентип тумшуктарын айга көтөрүп, беркиге жооп айткандай улуй баштады. Алардын улуганы үйдү титиретип, айлуу түндү толтуруп, тынч прерия талааларына тарап жаткандай сезилди.

– Кана эмесе, төшөгүңө барып жата кой, кичинекейим! – деди атасы. – Уктай кой! Джек экөөбүз силерди кайтарабыз.

Ошентип, Лора кайра барып төшөгүнө жатты. Бирок көпкө чейин уктай албай, жатып алып, жыгач дубалдын сыртындагы карышкырлардын дем алганын тыңшап атты. Ага тешиктен карышкырлардын тырмактары менен жерди тытканы жана бышылдап дем алганы угулуп турду. Бир аздан соң кайрадан алардын башчысынын улуганы жана артынан башкаларынын жооп бергени кайталанды.

Атасы бир терезеден экинчисине барып, Джек болсо босогодон ары-бери басканын токтоткон жок. Бирок карышкырлар улуганы менен атасы жана Джек турганда үйдүн ичине даап кире алмак эмес. Көңүлү тынчыган Лора уйкуга кетти.



# ЭКИ ЭМЕН КААЛГА

Эртең менен Лоранын жүзүнөн күндүн нуру сүйүп ойготту. Мэри апасы менен сыртта оттун жанында сүйлөшүп олтурушкан. Лора сыртка ич көйнөкчөн чуркап чыкты. Үйдүн жана атканалын айланасында калган калың изден башка карышкырлардын караанты көрүнгөн жок.

Атасы өзөндүн жолу менен өйдө ышкырып келе жатты. Ал мылтыгын илгичке илип коюп, адаттагыдай эле Пет менен Паттини өзөндөн сугарганы алып барды. Ал бир топ жерге чейин карышкырдын изин кууп барып, алар бугулардын үйүрүн кубалап кеткенин билди.

Мустангдар карышкырлардын изинен сестенип, кулактарын көтөрүп, Пет кулунун жанынан чыгарбай баратты. Алар атасы менен кетип бара жатканда эч кандай коркунуч жок экенин сезишчү.

Эртең мененки тамак даяр болду. Атасы өзөндөн кайтып келгенде, алар оттун жанында отуруп алып, жүгөрү ботко жана жапайы тооктун майда туурალган эти менен жашылча аралаштырып даярдалган тамак ичишти. Атасы ошол күнү илинген жууркандын ордуна каалга жасай турганын айтты. Анткени, карышкырлар дагы кайтып келери толук мүмкүн болчу.

– Менин мыгым калган жок, бирок мен Индепенденске барганга чейин эле кыймылдай бергеним дурус. Эркек киши үй салам же эшик жасайм десе, мык жок деп шылтоолоп отура бербейт, – деди ал.

Түшкү тамактан кийин ал Пет менен Паттини токуп, балтасын алып, токойдон каалгага ылайыктап жыгач кыйып келүүгө жөнөдү. Лора идиштерди жууп, төшөктөрдү жыйнаганга жардам берди. Ал күнү кичинекейди Мэри карады. Лора атасына эшик жасаганга да жардам берди. Мэри аларды карап турду, Лора болсо атасына балка-чотторун алып ке-

лип берди.

Атасы каалгага теңдеп бир нече жана туурасынан какканга кыскараак жыгачтарды араалады. Анан ал устундарды бөлүп, бетин жакшылап жылмалады. Жерге узун тактайларды төшөп, үстүнө туурасынан кеткен кыска тактайларды коюп, экөөнү катар бургулап тешти. Ал тешиктерге жыгач шынааларды урду.

Ошентип, эшик даяр болду. Ал эменден жасалган бекем эшик болду.

Допсого деп узун үч кайыш кесип алды. Анын бирөөсү эшиктин үстүнө, бирөөсү алдына, дагы бирөө ортосуна келет болчу. Атасы аларды эшикке мындайча кадады: ал кичинекей жыгачтын кесиндисин эшикке коюп, тешип алды. Кайыштын бир учун жанагы жыгачка кош кабаттап ороп, бычагы менен кайыштын үстүнөн көзөнөктөрдү тешти. Анан Лора ага жыгыч шынаалар менен балканы берип, ал шынааларды жанагы көзөнөктөргө шыкай какты. Ал мык кайыштан өтүп, кичинекей жыгачка, андан кайра кайышка, анан каалгага кирди. Кайышты эч жакка жылбагыдай кармап турду.

– Айтпадым беле, мыкты устага мыктын кереги жок! – деди атасы.

Ал допсонун үчөөнү тең кадап бүтүп, каалганы ордуна келтирип орнотту. Анан ал эшиктин ордунун эки капталында турган устундарга, эшик сыртка суурулуп чыкпас үчүн жыгачтын майда кесиндилеринен кагып койду. Эшикти ордуна кайра орнотуп, допсолорун кадаганча, Лора каалганы түртүп турду.

Эшикти бекитип турганга, баарынан мурун ал илгич жасап койгон. Илгичти мындай кылып жасаган: адегенде ал эмен жыгачынан кыска, тоголок кылып кертип чапты. Анан анын бир бетинин орто ченине чоң оюк жасады. Ал кесиндини каалганын ич жагынын өйдө, ылдый жана четине бекитти. Оюлган жагы-



нан каалгага карама-каршы, кичинекей тешик кала тургандай жасап койду.

Анан узунураак жана ичкерээк жыгачтарды кесип, аларды сулуулап, бычак менен жонду. Ал жыгачтар тешиктен өтө тургандай ичке болучу. Жыгачтын бир учун тешиктен өткөрүп, экинчи учун эшикке кагып койду. Бирок ал аны анчалык катуу бекиткен жок, анткени, эшиктин мыктары катуу жана бышык болгону менен жыгачтын тешиктери мыктан чоңураак эле. Каалганы кармап турган ушулар болучу.

Бул жыгач эшиктин бекиткичи болду. Ал тешикте өйдө-ылдый кыймылдай берет. Анын бош жагы бир топ эле узун болгондуктан, тешиктен өтүп, эшик менен дубалдын ортосундагы жаракага чейин жетет. Ал эми каалга жабык болгондо керегe менен бир деңгээлде болуп калат.

Атасы менен Лора каалганы орноткон соң, атасы илгичтин учу келчү жерди белгилеп койду. Ал белгиленген жерге эмендин жоон кесиндисин туурасынан какты. Илгич ал кесинди менен дубалдын ортосунан өтө тургандай болуп, баш жагын кесип койду.

Лора бекилген каалганы дале түртүп турду да, илгичтин учун оюктун түбүнө чейин кире тургандай өйдө көтөрдү. Анан кайра коё бер-

генде, ал кайра ордуна, эмендин жоон кесиндисинин артына туруп калат.

Илгичти эки бөлүп сындырмайынча, эч ким үйдүн ичине кире албайт болчу. Бирок илгичти сырттан көтөрүп ача турган жери да болушу керек эле. Ошону үчүн атасы кайыштан узун боо жасады. Анын бир учун жыгач мык менен тешиктин ортосундагы илгичке байлады. Илгичтин үстүнөн кичинекей көзөнөк тешип, боону ошол жерден өткөздү. Лора сыртта туруп, тешиктен чыккан боону катуу тарткандыктан, илгич өйдө көтөрүлүп, өзү ичке кирип кетти.

Ошентип, алар каалганы жасап бүтүштү. Ал калың жыгачтан жасалган бышык эшик болду. Кайыш боо сыртка чыгып турчу. Эгер ичке кире турган болсо, ал боону тартып коёт. Эгер өзү ичте туруп, үйгө эч кимди киргизбей турган болсо, жипти ичти көздөй тартып койсо, бекилип калат.

Эшиктин кармагычы, ачкычы, ачкыч кире турган тешиги да жок болгону менен сөөгү мыкты болучу.

– Бүгүнкү күн ишибиз илгерилеген күн болду! – деди атасы. – Анткени, менин кичинекей жардамчым бар!

Ал Лоранын чачынан сылап коюп, балка-

чотторун жыйнаштырып, ордуна койду да, ышкырган бойдон барып, Пет менен Паттини чечип сугарганы алып жөнөдү.

Күн батып бараткан. Салкын жел согуп, бышып жаткан кечки тамактан Лора эзели татып көрбөгөндөй тамшандырган жыт келип жатты.

Кечки тамакка туздалган чочконун акыркы этинен тамак даярдалды. Эртеси күнү атасы аңчылыкка барып, ал жактан келгенден кийин Лора менен атасы экөө аткананын каалгасын жасашты.

Ал так эле үйдүн эшигине окшош, бирок бекиткичсиз болду. Мүмкүн ал Пет менен Патти илгич эмне экенин түшүнбөгөндүктөн жана түнкүсүн баары бир илип алганды билбегендиктен эле. Атасы илгичтин ордуна көзөнөк тешип, түнкүсүн бириктирип кулпу салып койгудай чынжыр өткөрүп койду. Ал чынжырдан эч ким кире албайт болчу.

– Эми коопсуз болду! – деди атасы. Ал өлкөгө башка адамдар да отурукташа баштагандыктан, түнкүсүн атканаы бекитип койгон дурус болчу. Анткени, бугулар бар жерде карышкырлар болот, ал эми аттар бар жерге сөзсүз уурулар келет эмеспи.

Кечинде тамак ичип жатышканда атасы

апасына мындай деди:

– Керолайн, биз Эдвардс мырзанын үйүн көтөрүп бүтөр замат сага үйдүн ичине таштан меш салып берем. Анан сен жаан-чачында тамакты үйдөн жазасаң болот. Мен көргөн жерлердин эң эле күнөстүүсү ушул жер экен, бирок бул жерге деле жамгыр жаайт.

– Ооба, Чарльз. Дайыма эле күн ачык болуп тура бербейт да, – деди апасы.



# Таш меш

Атасы үйдүн тегерегиндеги чөптөрдү жулуп, жерди тегиздеп,таштан меш салуунун камын көрдү.

Анан атасы менен апасы арабанын үстүн кайра ордуна коюп, Пет менен Паттини арабага чегишти. Таң агарып келе жаткан. Жүздөй толгон торгойлор, сайраган бойдон бийик асманга учуп бара жатышты. Алардын сайраганы ачык асмандан музыка жамгырындай төгүлүп турду. Чөптөр шамалга ыргалып, шуулдайт. Сан миң чымчыктар гүлдөп жаткан даракка жармашып алып, алар да сайрашып өзүнчө эле чуру-чуу.

Пет менен Патти шамалды илеп тартып дем алып, кишенеп коюшат. Алар моюндарын ийип, туяктары менен жерди ургулап, басып кетүүгө даяр турушту. Атасы арабага

отуруп, чылбырды колуна алып жатып ышкырып койду. Анан башын жогору көтөрүп, өзүн карап турган Лораны көрүп, ышкырганын токтотуп:

– Баргың келип жатабы, Лора? Мэри, сен дагыбы? – деп сурады.

Апасы аларга барууга уруксат берди. Алар жыланайлак буттары менен дөңгөлөктүн кырк аягына жармашып өйдө чыгышты да, атасынын жанына отурушту. Пет менен Патти акырындан желип, араба жол менен ылдый көздөй чайпалып жөнөдү. Анын дөңгөлөктөрүн атасы өз колу менен жасаган.

Алар чөбү жок такыр, кызгылт-сары топурактуу, өңгүл-дөңгүл жана уңкул-чуңкул жерлер менен өзөндөн ылдый көздөй түшүп бара жатышты. Жапыз адырдын көпчүлүк аймагын жыш бактар каптап, анда-санда жери чөптүү ачык жер болчу. Бугулардын бир бөлүгү бактын көлөкөсүндө жатышты, дагы бир бөлүгү күнөстүү жерде оттоп жүрүштү. Алар баштарын көтөрүп, кулактарын тикчийтип, жуушаган бойдон көздөрүн алайтып, арабаны карап турушту.

Жол боюу апарман, көк, ак түстөгү жапайы дельфиния гүлдөрү бажырайып, чымчыктар бактардын сары бутактарында термелип, кө-

пөлөктөр канаттарын желбиретип учуп жүрүштү. Бактан түшкөн көлөкөнү ромашкалар жарык кылып, тыйын чычкандар бутактан-бутакка секиришип, куйругу ак коёндор жолго чыга калышып, жыландар арабанын дабышынан улам тез-тезден сойлоп өтүп кетип жатышты.

Ылдый жактагы өрөөндүн эң жапыз жагында, жардын көлөкөсү түшкөн жерде, өзөн суу агып турду. Лора башын көтөрүп, жардын башын караганда, ага чөптөр таптакыр көрүнбөй калыптыр. Бактар жардын боорундагы топурактар урап турган жерде, бак өскөнгө шарт болбогон жардын типтик, такырайган жеринде да жанталаша тамыры жана бутактары менен жармашып тургандай өскөн. Алардын жерден чыгып турган тамырлары Лоранын боюнан бийик болчу.

– Индеецтер жашаган аймак каякта? – деп Лора атасынан сурады. Атасы жардын ортосундагы индеецтер таштап кеткен жерлерди көргөн. Бирок азыр ал жерди Лорага көрсөткөнгө убактысы жок болчу. Ал мешке тезирээк таш чогултушу керек эле.

– Кыздар, алыс кетпей, сууга барбай ойной берсеңер болот. Жыландарга тийишпегиле, чагып алышы мүмкүн,– деди ал.

Атасы мешке деген таштарды жерден чыгарып, арабага жүктөгөнчө Лора менен Мэри өзөндүн боюнда ойноп жүрүштү. Алар көлчүктүн үстүндө секирип жүргөн узун буттуу суу коңуздарын карап турушту. Коңуздар бакалардан көлчүктү жээктеп качып барып, ак курсактуу жашыл бакалар чулп этип сууга секиргенине күлүп жаткандай болушту. Булар да бактардан көгүчкөндөрдүн жана торгойлордун сайраган үнүн тыңшап турушту. Кыздар көлчүктүн тайыз жерлеринде сүзүп жүрүшкөн карп балыктарын көрүштү. Суунун бетинен алар көлөкөгө окшоп, күмүш



курсагын күнгө жаркылдатып секирип чыгып жатты.

Өзөндө үлп эткен жел жок болчу. Аба бир калыпта, жылуу эле. Ал жактан тамырлардын жана баткактын ным жыты келип, жалбырактардын шуулдаганы жана суунун шылдыраган үнү гана угулуп жатты.

Баткак жерлерге бугулардын жоон издери түшүп, аларга суу толуп калыптыр. Топ чир-



кейлердин кулактын кужурун алып, ызылдаганы да угулуп жатты. Лора менен Мэри беттерине, моюндарына, колдоруна жана буттарына конгон чиркейлерди улам чапкылап коюшат. Анан алар сууну кечип көргүлөрү келди. Ысып кетишкендиктен суу салкын сезилди. Атасы артты караганда Лора бир бутун суугa салып жиберди.

– Лора! – деп атасы кыйкырып жибергенде ал тентек бутун кайра тартып алды.

– Эгер суу кечкиңер келип жатса, тайыз жерди кечсеңер болот. Бирок кызыл ашыктан ылдый тереңге кирбегиле, – деди.

Мэринин таманына кесек кум өтүп кетип, сууну бир аз гана кечти. Ал бир дөңгөчкө минип алып, чиркейлерди акырын чапкылап отурду. Ал эми Лора болсо сууну чалпылдатып дагы эле кечип жүрдү. Ал басса кесек кумдар бутуна өтүп, бир жерден жылбай турса, кичинекей карп балыктар бутунун манжаларынын жанына чогулуп,улам бири ооздорун тийгизип жатышты. Балыктар ошенткен сайын анын денеси дүрүлдөп, кытыгысы келип атты. Лора аларды кармаганга тырышканы менен алар суурулуп кетип, колунда былжыры гана калып жатты.

Анан арабага таштарды жүктөп бүтүп,

атасы кыздарды чакырды. Алар арабага отурушуп, үйүн көздөй кетип бара жатышты. Токойлордон, адырлардан өтүп, кайрадан шамалга чөптөр ырдап, шыбырашып турган улуу талаага келишти.

Алар өзөндүн төмөн жагында чындап эле керемет убакыт өткөрүштү. Бирок Лорага баары бир бул чексиз талаа көбүрөөк жакчу. Анткени, прерия талаасы абдан кенен, кооз жана таза болчу.

Түштөн кийин апасы үйдүн көлөкөсүндө бир нерсе тигип отурду. Жанында кичинекей Кэрри жууркандын үстүндө ойноп жатты. Ал эми Лора менен Мэри атасынын таштарды тизип, меш салганын карап туруштү.

Атасы адегенде мустангдардын чакасына топурак салып, суугa аралаштырып, ылай жасады. Мештин ордунун үч тарабына таш тизип чыкканча, Лора ага ылай аралаштырып берди. Анан атасы жалпак жыгач менен таштын үстүнө ылай жаткырды. Ылайдын үстүнө кайра дагы бир катар таш коюп, алардын ортолоруна ылай толтуруп, бетин жылмалап шыбады. Меш жерге коюлган кутуга окшоп калды. Анын үч тарабы таш менен ылайдан жасалып, үйдүн керегесине жабыштырылды. Мештин бою Лоранын ээгинен келди. Анан

устунду баштан аяк ылай менен шыбап, анын үстүнө таш тизип, ылайдан мор жасады. Ал мор жогорулаган сайын ичкерип кетет.

Таш жетпей калып, атасы өзөнгө кайра барып келүүгө мажбур болду. Бул жолкусунда апасы Лора менен Мэрини нымдуу абадан ооруп калат деп жибербей койду. Мэри апасынын жанына отуруп алып, курак төшөктөрүн тигип, Лора болсо бөлөк чакадагы ылайды аралаштырды.

Кийинки күнү атасы мешти үйдүн дубалы менен теңдеп салып бүттү. Анан ал мешти карап, өзүнө ыраазы болгондой чачын салаалары менен кайра-кайра тарап койду.

– Чачтарыңдын баары тигинен туруп, жапайы адамга окшоп калдың, Чарльз, – деди апасы.

– Антпесем деле чачтарым өзү тикчийип турат. Сени менен сүйлөшүп жүргөн кезде аюунун майы менен сүйкөп жаткызайын десем да, баары бир тикчийип туруп калчу,– деди атасы тамашалап.

Атасы апасынын аяк жагына отуруп:

– Таштарды көтөрүп жатып чарчадым, – деди.

– Сен мыкты иш жасадың. Анан калса морду да абдан бийик чыгарып, бардыгын өз ко-

луң менен бүтүрдүң, – деди апасы анын чачтарын ого бетер тикчийтип, колу менен сылап жатып. – Мешти саман кошуп шыбап койсоң кандай болот?

– Албетте, аны жасаш оңой, – деп атасы Керолайнга кошулду. – Ал нерсе колдон келет!

Бир маалда атасы ордунан секирип турду.

– Көлөкөдө дагы бир аз эс алып турбайт белең? – деди апасы. Бирок атасы башын чайкап койду да:



– Жаткандан пайда жок. Жумушту бүтүрө бергеним жакшы, Керолайн. Мешти канчалык эрте бүтүрсөм, сен дагы шамалдан далдаа, тамакты үйдө бышыра аласың, – деди атасы.

Ал токойдон жаш бутактарды алып келип кесип, жонуп, үйдүн дубалдарындай кылып бири-бирине кийиштирип, таш мордун чокусуна койду.

Анан ал үйгө кирип, балта менен арааны алып, жыгач дубал жагын араалап салганда, ал чыныгы мешке окшошуп калды.

Анын ичинин кенендиги Лора, Мэри жана кичинекей Кэрри баткандай болчу. Анын алды атасы чөптөн тазалаган жер, маңдайы арааланган дубал жана үстүнө ылай менен шыбалып жаткырылган устун болчу. Атасы устундардын кесилген учтарына ар тарабынан калың эмен тактайларын кагып чыкты. Анан ал мештин үстүрөөк бурчунун дубалдарына эмендин тоголок жыгачын, анын бетине тактай кагып койду. Бул мештин текчеси болчу.

Ал жасалып бүтөрү менен апасы текченин үстүнө Чоң Токойдон ала келген аялдын кичинекей форфор келбетин койду. Ал сувенир аябай алыс жол басып келсе да

сынган эмес. Анын кичинекей бут кийими, кенен юбкасы, көйнөгү, албырган беттери, көк көздөрү, алтындай сары чачтарынын бардыгы форфордон жасалган эле.

Атасы, апасы, Мэри жана Лора мешке суктанып турушту. Жалгыз гана Кэрри эч нерсе менен иши жок жүрдү. Ал сувенирди колу менен көрсөттү эле, Мэри менен Лора аны апасынан башка эч ким алганга болбой



турганын айтышканда ал чырдап баштады.

– Азырынча от жакканда этият кыл, Керолайн. Жалын мордон ашып, чатырга тийбесин. Арабанын чатыры оңой эле күйүп кетет. Эң ириде үйдү чатырлаганга аракеттенем. Ошондо гана кабатырланбаса болот, – деди атасы.

Анан апасы жаңы мешке абайлап от жагып, атасы атып келген тоокту бышырды. Ал күнү алар тамакты үйдүн ичинен ичишти.

Атасы эки эмен тактайдан үстөл жасап, үйдүн батыш тарабындагы терезеге жакын жерге орнотту. Анын бир учу дубалдагы тешик жерге туура келип, экинчи учу узунунан кеткен жыгачтын үстүндө турду. Атасы балта менен тактайдын бетин жылмалап чаап, апасы анын үстүнө дасторкон салаары менен ал сонун үстөл болуп калды. Алар устундун жумуру кесиктерин алдына коюп отурушту. Таманына мажүрүм талдын бутактарынан жасалган шыпыргы менен таза шыпырылган кадимки жер болчу. Үйдүн бурчтарында жерге салынган тыкан курак төшөктөр бар болчу. Терезеден тийген күндүн нурунан үйдүн ичи жапжарык болуп турду.

Тышта, тээ алыста, асмандын кызгылт тарткан бир учунан дагы эле шамал согуп,

узун, калың чөптөр ыргалып турду.

Үйдүн ичинде жагымдуу маанай турду. Куурулган тооктун жыты Лоранын табитин ачып жиберди. Ал колу-бетин жууп, чачтарын тарап, моюнуна майлык коюп, апасы үйрөткөндөй айрыча,бычакты алып, дөңгөчтүн үстүнө түздөнүп отурду. Дасторкондо отурганда балдарга уруксат берилмейинче сүйлөбөш керек деп айтылгандыктан, ооз ачпастан атасын, апасын, Мэрини, апасынын тизесинде отурган Кэррини карап койду да, ичинен өзүнчө ыраазы болду. Талаалабай үй ичинде жашаган кандай сонун!



# КИЧИНЕКЕЙ ҮЙДҮН ЧАТЫРЫ ЖАНА ТАКТАЙЫ

Күндө эле Лора менен Мэринин колдору бошобойт. Алар идиштерди жууп, төшөктөрдү жыйнагандан кийин прерияда дагы жасаар, көрөр жана уга турган нерселери толтура болчу. Алар узун чөптүн арасындагы прерия тоокторунун уясын аңдып жүрүп таап алышканда балапандар нааразы болгондой чыйпылыктап жиберишти.

Кээде уяга акырын тийип коюшса эле ошол замат уядагы жумшак жүндүн туш тарабынан тумшуктар чыгып, чыйпылдай баштайт. Анан балапандардын энеси балда-



рын коргоп урушуп жаткандай кукулуктап тынчы кетет. Мэри менен Лора анын тынчын көп албайлы деп, акырын кетип калышат да, анан узун чөптүн арасында чычканга окшоп жатып алышып, күрөң тооктордун жөжөлөрүнүн айланасында кукулуктап чуркап, бир нерсени чокулап жүргөнүн байкап отурушат. Кыздар жондорунда темгилдери бар жыландардын чөптүн түбү менен сойлоп бара жатканын же кыймылсыз имерилип жатканын, алардын өлүү-тирүү экенин көздөрүнүн жалтыраганынан жана тилин чыгарганда гана ажыратып карап туруштү. Жыландарга Лора менен Мэри тийишкен жок. Анткени, апасы жыландарга тийбей эле койгон дурус, алардын айрымдары чагып алышы мүмкүн, сак болгула деп эскерткен.

Чоң боз коёндор жарык жерде же чөптүн көлөкөсүндө жакын келгенче, кыздар кыймылдабай жата беришчү. Кыймылдабай карап турса, коёндор деле качпай, көздөрүн тостойтуп тура беришет. Алар мурундарын кыймылдатып, кулактарынын учунан күн чагылышып, ичке тамырларынан бери көрүнөт, себеби, кулактарынын жүнү суюк, кыска болот. Ал эми башка жагындагы жүндөрү калыңыраак жана жупжумшак болгондуктан, аны аярлап кармап алгың келчү. Анан ал көз-ачып жумганча көздөн кайым болуп, орду тапталып калган болот.

Кичинекей Кэррини күнү бою Лора менен Мэри багышчу. Тек гана түшкүсүн уктаган маалда бошоп калышчу. Ошондо Лора күнгө кактанып же шамалга бетин тосуп, кичинекей Кэррини унутуп коюп секирип, чуркап, кыйкырып баштачу. Анда апасы эшиктин оозуна келип:

– Кудайым ай! Лора! Сөзсүз индеецтердей кыйкырыш керекпи! Ушинте берип чын эле индеец болуп калып жүрбөгүлө! Мен силерге башыңардан калпагыңарды чечпегиле, күн өтүп кетет деп канча айтам! – деди.

Атасы үйдүн үстүнө чыгып, чатырды жасап баштаган. Үстүдөн тигилерди көрүп кү-

лүп жиберди.

– Бир кичинекей индеец, эки кичинекей индеец, үч кичинекей индеец, – деп ал акырын ырдады да: – Жок, эки эле экен, – деди кайра.

– Сен үч дедиң. Сен деле кара торусуң да, – деп апасы үн катты.

– Бирок атам кичинекей эмес да, – деди Лора. – Атаке, папуастарды качан көрөбүз?

– Алда кудай ай!– деди апасы. – Индеец баланы эмнеге эле мынча көргүң келип жатат? Эми баш кийиминерди кийгиле да, андай маанисиз нерселерди унуткула.

Лоранын калпагы жонунда илинип жүргөн. Ал боосунан тартканда, кырбусу бетин жаап калды. Ал далдайган калпагын кийгенде бет алды гана көрүнгөндүктөн, калпакты жонуна илип, жибин моюнуна салаңдатып алчу. Апасы айтканда барып калпагын кийди, бирок папуастар жөнүндө дагы эле аябай билгиси келип турду...

Лорага түшүнүксүз болгон нерсе, индеецтердин өлкөсүндө индеецтерди эмгиче көрө элек. Качандыр бир убакта аларды көрө тургандыгын билчү. Ал атасынан антип сурагганынын себеби, папуастарды күтө берип жадап кетти.

Атасы үйдүн үстүндө жабылган арабанын жабуусун алып салып, чатырлаганга даярдады. Бир нече күн ал өзөндүн ылдый жагынан жыгач ташып келип, аларды ичке жана узун тактайларга бөлүп чыкты. Үйдүн айланасы тактайга толуп кетти.

– Үйдөн чыга тургулачы, Керолайн. Сактыкта кордук жок. Бир нерсе башыңарга түшүп кетип жүрбөсүн, – деди ал.

– Чарльз, мен азыр форфор сувенирди алып коёюн, – деп апасы жооп берди. Анан бат эле төшөктөрдү, ийне-жиптерин алды да, Кэррини жетелеп чыкты. Ал төшөктү аткананын көлөкөсүндөгү чөпкө жая салып, ал жерге буюмдарын коюп, жамаачысын жамап, Кэррини жанына отургузуп койду.

Атасы ылдый түшүп, кайра жогору жакка тактай алып чыкты. Ал тактайларды туурасынан устундарга жаткызды. Алардын учтары дубалга тийип турган. Анан атасы мыктарды эрдине кымтып, куруна кыстарылган балканы алып чыгып, тактайларды устунга кагып баштады.

Эдвардс мырза ага карызга мык берген. Экөө тең токойдо бак кыйып жаткан жерден жолугушуп, Эдвардс мырза болбой жатып Чарльздын ой-боюна койбой мыктарды берген.

– Ошону үчүн аны жакшы кошуна деп жүрбөймүнбү! – деди ал апасына аны мактап.

– Ооба,– деди апасы. – Бирок мен көз каранды болгонду каалабайм. Ал эмес, эң жакын кошунама да.



– Мен дагы. Мен ушул маалга чейин эч кимге көз каранды болгон эмесмин жана көз каранды болбойм. Бирок кошуначылык бул башка нерсе. Колум тийсе эле Индепенденске барып, мыктарын алып, кайтарып берем,– деп атасы жооп берди.

Ошентип, атасы мыкты бир-бирден оозунан сууруп, такылдатып балка менен тактайга кагып жатты. Ал көзөнөк тешип, анан жыгач мык жонуп, аларды кайра тешикке кагып чыкканга караганда алда кайда тез болчу. Бирок кээде эмен тактайы катуу болгондуктан, аны катуу кармабаса какканда ыргып, учуп кетип жатты.

Лора менен Мэри жерге түшкөн мыктарды чөптүн арасынан издеп таап берип жатышты. Алардын айрымдары ийилип калган болот. Аларды атасы кайра кыбаптап, түздөп жатты. Анткени, бир да мык коромжу болбошу керек.

Атасы адегенде эки тактай кагып, анын үстүнө чыгып алып анан тактайлардын калганын бекитип кирди. Ошентип, ал жылып отуруп үстүнө жетти. Тактайдын жээктери бири-бирине ашташылып кагылды.

Анан ал бир капталын бүтүп, экинчи капталына өттү. Эң үстүндөгү эки тактайдын

ортосуна жик калтырып, суу ага тургандай үстүнөн ылдый карай түшүрүп койду. Ошентип чатыр бүттү. Үйдүн ичи мурункудан бир аз караңгы тартып калды, анткени, тактайдан жарык өтпөй калды. Тактайлар бири-бирине тыгыз кагылгандыктан, жаандын бир да тамчысы өтпөй тургандай болду.

– Сен мыкты иш бүтүрдүң, Чарльз! – деди апасы. – Төбөбүздө чатыр болгонуна сага миң мертебе ыраазымын.

– Колум бошогондо сага эмерек жасап берем,– деди атасы. – Үйдүн таманына жыгач төшөп бүтөөр замат керебетке киришем.

Ал кайрадан устун сүйрөп келе баштады. Бир нече күнгө аңчылыкка барбастан, устун ташып жатты.Кээде гана мылтыгын алып, буйруган олжосун атып, мылтыгын кайра ордуна илип коёт.

Ал үйдүн таманына жеткидей ташыган устундарын ортосунан экиге бөлдү. Лора атасын ошол үйүлгөн жыгачтардын үстүнө чыгып алып караганды жактыра турган.

Атасы адегенде чоң дөңгөчтөрдү балталап, бөлүп чыкты. Жаракага темир шынаанын учун киргизип, балтанын арты менен чапканда устун тең бөлүнүп калат.

Эмен устун катуу экен, атасы буга бир топ

убара болду. Балтасын keриле чапкан сайын ал жаракага такалып калып, кайра сууруп алат.

Ал балтаны ийнинен өйдө көтөрүп, күчүнүн бардыгынча күүлөнүп, онтоп туруп, чаап жатты. Ал эми балта ышкырып барып, болжогон жерге «каңк» этип тиет. Акыры күчкө салып, жыгачтардын бардыгын бөлүп бүттү. Ортосу агарып, кээ жерлеринен каралжын тилке кетип, экиге бөлүнгөн жыгачтардын баары жерде жатты. Анан атасы чекесиндеги терин аарчып, балтасын алып ишин кайра улантты.

Ошентип, ал бир күндө устундардынбаарын бөлүп чыкты да, кийинки күнү таң эртеден үйдүн таманын тактайлай баштады. Ал бөлүнгөн устундарды үйгө киргизип, жалпак жагын жогору каратып, жерди казып орнотуп кирди. Жыгачтын кабыктарын балтасы менен жонуп салып, тактайларды бирибирине жылчыксыз кынап чыкты. Балтаны башынан кармап алып, тактайдын беттерин акырындан жылмалап, анан жантайтып коюп алып, шыкаалап көрүп жатты. Анан кыйшык жерлерин жонуп, жылмалап бүтүп, колу менен сыйпалап текшерип чыкты да:

– Тикенеги жок экен. Эми балдар жыла-

найлак жүрө берсе болот, – деди. Бир жагын бүтүрүп, экинчи жагын баштаганга жыгач алып келип жатты. Анан мешке келгенде кыскараак жыгачтарды алды. От жакканда учкундары жыгачка тийбесин деп от жага турган жерин ачык калтырды.

Ал бир күндө тактайлап бүттү. Эмен тактай катуу, бекем жана тегиз болду. Атасынын айтымында бул түбөлүккө жетет деди.

– Мындан мыкты тактай таба албайсың, – деди атасы. Апасы болсо тактайдын төшөлүп калганына сүйүнүп турганын айтты. Ал кичинекей форфор аял сувенирди мештин текчесине кайра койду да, үстөл үстүнө чакмак тасмал жайды.

– Эми биз кайрадан маданияттуу адамдарга окшоп жашайбыз, – деди апасы.

Анан атасы дубалдын тешиктерин бүтөп, ичке жыгач кагып, жылчык калтырбай сыртынан баткак менен шыбап койду.

– Абдан мыкты иш бүтүрдүң, – деди апасы. – Эми катуу шамал болсо да эч жерден жел кирбейт.

Атасы ышкырганын токтотуп, жылмая карап койду. Ал эң акыркы тешикти шыбап, чаканы бошотту. Ошентип, ал үйдү толугу менен бүтүрдү.

– Эми терезеге айнек салып койсок жакшы болоор эле,– деди атасы.

– Бизге айнектин деле кереги жок, Чарльз, – деди апасы.

– Быйыл кышта аңчылык жакшы болсо, кийинки жазда Индепенденске барып айнек алып келем,– деди атасы.



– Колдон келсе терезеге айнек салганга эмне жетсин, – деди апасы. – Бирок ал жакка баруу үчүн көпүрөдөн өтүүгө туура келет...

Ал күнү баарынын көңүлү жайдары эле. Бул улуу талаада жайдын түнү абдан эле салкын болгондуктан, мештен келген оттун жылуу илеби жанга жагымдуу болчу. Үстөлдүн үстүндө кызыл, чакмак дасторкон жайылып, мештин текчесинде сувенир аял жылтылдап, бүлбүлдөгөн оттун жарыгында жаңы төшөлгөн такта саргыч тартып турду.

Сыртта асман жылдызга толо. Атасы көпкө чейин эшиктин босогосуна отуруп алып кыл кыягын чертип, апасына, Мэри менен Лорага жана жылдыздуу түнгө ырдап берип жатты.



# Күтүлбөгөн коноктор

Бир күнү таң эрте атасы мылтыгын алып, аңчылыкка кетти. Ал күнү атасы керебет жасаганга жыгач алып келип койгон. Анан апасы үйдө эт жок калганын айтканда, ал жыгачтарды дубалдын бооруна жөлөп коюп, мылтыгын алды.

Джек дагы аны менен аңчылыкка баргысы келгендей, атасын жалбарып карап, Лора менен кошулуп үн алыша улуп жатты. Бирок итти атасы атканага байлап койду.

– Болбойт, Джек. Сен үйдү кайтарышың ке-



рек, – деди. Анан Мэри менен Лорага кайрылып:

– Кыздар, итти бошотпогула, – деди.

Байкуш Джек жатып калды. Ал үчүн байланып тургандан ашкан кордук жок болчу. Ал башын тетири буруп, мылтыгын ийинине асынып кетип бара жаткан Чарльзды караган жок. Атасы алыстагандан алыстай берип, караанын кенен талаага сиңип кеткендей бир кезде көрүнбөй калды.

Лора Джекти алаксытууга аракет кылып жатты. Бирок анын алаксый турган түрү жок эле. Ал чынжырда байланып турганы улам эсине түшкөндөй бушайман болуп жатты. Лора аны ойноп алыксытайын деген сайын ал ошончолук сурданып турду.

Мэри менен Лора экөө тең Джекти томсортуп таштап кете албай, түшкө чейин алар атка-

нанын жанынан жылган жок. Алар Джектин жылмакай, темгил башынан, кулактарын сылашып, анын байланып турганына капа экенин айтышты. Ал Лоранын тизесине башын тийгизип эркелеп, ал эми Лора аны менен кишидей сүйлөшө берди. Бир кезде капыстан ал ачуулуу ыркырап, жонунун жүндөрүн үрпөйтүп, көздөрүнөн каар чачып тура калды.

Лора коркуп кетти. Джек эч качан ага минтип ырылдаган эмес. Анан ал Джек карап жаткан жакты бурулуп карап, жылаңач, жапайы эки адамдын биринин артынан бири келе жатканын көрдү.

– Мэри, карасаң! – деп Лора кыйкырды. Мэри ал жакты карап, индеецтерди көрдү.

Экөө тең узун бойлуу, арыкчырай, көздөрү коркунучтуу адамдар болчу. Териси күрөң-кызыл экен. Типтик турган бир тутам чачтарына куштун канатынан тагып алгандыктан, баштары ого бетер бийик көрүндү. Алар көздөрүн жыландыкындай сурдантып, бир жерди тикирейе караган бойдон келе жатышты.

Алар улам жакындап отуруп, үйдүн аркы капталынын далдоосунан көрүнбөй калышты. Лора менен Мэри ал жактан көздөрүн алышкан жок. Анан алар жанагы коркунучтуу адамдар качан үйдүн берки капталынын

чыга калат деп күтүп турушту.

– Индеецтер, – деп Мэри акырын шыбырады. Лора корконунан калчылдап, жүүнү бошоп, буттары шалдырап бара жаткандай сезилди. Анын жерге отургусу келди. Бирок тигилер үйдүн берки капталынан качан чыгат деп күтүп, ал тарапты тиктеп тура беришти. Индеецтер дагы эле чыккан жок.

Джек аларды көргөндөн бери тынбай үрүп жатты. Бир маалда үргөнүн токтотуп, жулкуна баштады. Анын көздөрү кызарып, жонунун жүндөрү үрпөйүп, ары-бери жүгүрүп секирип жатты. Лора болсо Джекти караан тутуп, жанында байланып турганына сүйүндү.

– Джек бизди кайтарат. Джектин жанынан чыкпасак, алар бизге зыян келтире алышпайт, – деп Мэри шыбырады да: – Алар үйгө кирип кетишти го, – деп ал акырын кошумчалады: – Үйдө апам менен Кэрри бар да.

Лоранын бүткөн бою калтырап чыкты. Ал эмне кыларын билбей калды. Индеецтер үйдө апасы жана кичинекей Кэрри менен эмне кылып жатышканын биле алышпады. Үй тараптан эч кандай дабыш чыккан жок.

– Өх, алар үйдө эмне кылып жатышат болду экен! – деп акырын чаңырып жиберди.

– Билбейм, – деп Мэри шыбырады.

– Мен Джекти бошотом, – деп Лора калтырап, корккон үн менен шыбырады. -Ал индеецтерди өлтүрөт.

– Атам бошотпогула дебеди беле, – деди Мэри үнүн катуураак чыгаргандан коркуп. Алар баштарын бириктирип, үй жакты карашып, шыбырашып турушту.

– Атам индеецтер келип каларын билген эмес да, – деди Лора.

– Итти бошотпогула деген, – деп Мэри ыйламсырады.

Лора үйдөгү апасы менен кичинекей Кэррини ойлоп жатты. Анан ал: – Мен апамдарга барам, – деди.

Лора эки тепкич секирип чыгып, кийинки тепкичке чыгаарда жайлап барып, кайра артка кайрылды. Ал Джекти карай чымын-куюн болуп,чуркап жөнөдү. Лора Джектин моюнунан кучактап, индеецтерден сактап каларына үмүт кылып турду.

– Биз апамды жалгыз таштабашыбыз керек, – деп Мэри шыбырады. Ал коркконунан титиреп, адатынча бир ордунан кыймылдай албай калды.

Лора Джекке бетин тийгизип, аны катуу кармап турду. Бир кезде колдорун коё берди да,муштумун түйүп, көзүн жумуп, үйдү ка-

рай жанынын бардыгынча чуркап жөнөдү. Ал чалынып жыгылганда, көздөрү умачтай ачылып, эч нерсени ойлонгонго жетишпей, кайра чуркап жөнөдү. Мэри анын артында келе жатты. Алар эшиктин оозуна жеткенде эшик ачык экенин көрүштү да, дабыш чыгарбай акырын жылып кириішти.

Жылаңач, жапайы кишинин бири мештин жанында туруптур. Апасы от жакка ийилип, бир нерсе бышырып жаткан. Кэрри болсо апасынын этегине эки колдоп жабышып алган. Анын башы апасынын этегинен көрүнбөйт.

Лора апасын көздөй чуркады. От жакка жеткенде, мурдуна сасык жыт келип, башын көтөрүп, индеецтерди карады. Анан шып этип дубалда жөлөнүп турган узун, ичке тактайдын артына кирип кетти. Тактайдын калыңдыгы анын көздөрүн гана жаба тургандай болчу. Ал башын тактайдын артында кыймылдатпай кармап, мурдун такап турса, индеецтер көрүнбөй калып жатты, ал жерден Лора өзүн бир аз коопсуз сезди. Бирок ал башын көпкө кыймылдатпай кармай албагандыктан, көзүнө кайрадан жапайы кишилер көрүнүп жатты.

Лорага биринчи эле алардын булгаары аяк каптары көрүндү. Алардын буттары түктүү, жылаңач, кызгылт-күрөң экен. Индеецтердин

экөө тең белине оролгон булгаарыдан кур тагынып, кичинекей бир жаныбардын терисин алды жагына саландата байлап алышыптыр. Ал теринин ак жана кара тилкелери бар болчу. Эми Лора жанагы сасык жыт кайдан келип жатканын түшүндү. Ал скунстун жаңы сыйрылган териси болчу. Алар атасыныкына окшош аңчылыкка алып жүргөн бычагы менен балтасын ошол теринин астына кыпчытып коюшчу. Индеецтердин эки капталынан кабыргалары аркайып көрүнүп турду. Алар колдорун көкүрөгүнө алып туруштү. Лора алардын жүзүн карап, акырын тактайдын артына кайра жашынып калды.



Алардын жүзү сүрдүү, каардуу жана коркунучтуу болчу, кара көздөрү жылтырап турат экен. Чекесинин жана кулагынын чач өсө турган жери кашка болуп, төбөлөрүндөгү бир тутам чачтары тикчийип турат. Чачы кыл менен айланта чогуу байланып,

куштун канаттарын сайып коюшуптур.

Лора бул жолу тактайдын артынан уурданып караганында, эки индеец тең ал тарапты карап турушкан эле. Кыздын жүрөгү оозуна тыгылып, деми кысылып кетти. Индеецтердин биринин жылтыраган кара көздөрү Лоранын көзүн теше тиктеп турду. Индеец ордунан



козголмок тургай бетинин бир дагы булчуңу кыймылдап койгон жок. Лора да ордунан жылбай нес. Ал демин ичине катып калды.

Бир маалда индеецтердин бири коркунучтуу эки кыска үн чыгарды. Берки индеец болсо бир гана жолу «Ха!» деди. Лора кайрадан тактайдын артына жашынды.

Ага апасынын казандын капкагын алып жатканы угулду. Анан ага индеецтердин чөгөлөп, оттун жанына отуруп алышып, бир нерсе жеп жаткан үнү угулду.

Лора кылтыйып, уурданып карап, кайра жашынып калат. Ал караган маалда индеецтер апасы бышырган жүгөрү нан жеп жатыптыр. Алар нандын күкүмүнө чейин терип жешти. Апасы Кэрринин башынан сылап, аларды карап турду. Мэри болсо апасынын жеңинен кармап, артынан чыкпайт.

Лорага Джектин бошоно албай чынжырды шылдыратып жүгүргөнү угулуп турду.

Индеецтер жүгөрү нанды күкүмүнө чейин терип жеп бүтүшүп, ордуларынан турушту. Алар кыймылдаганда скунстун терисинин сасык жыты кайрадан каңырсый түштү. Индеецтердин бири дагы бир жолу жанагыдай катуу үн чыгарды. Апасы аларды көзүн алайта карап, үн каткан жок. Индеецтер бурулуп,

эшикти көздөй ээрчишип жөнөштү. Алар эч бир дабыш чыгарбай басып бара жатышты.

Апасы оор үшкүрүп алды. Ал бир колу менен Лораны, экинчи колу менен Мэрини кучактап, күңүрт изге түшүп ээрчишип бара жаткан индеецтерди терезеден карап турушту. Анан апасы төшөктүн үстүнө отуруп, Лора менен Мэрини кыса кучактап, корккондон калчылдаганы токтобой койду. Көңүлү да айнып, кускусу келди.

– Көңүлүңүз айнып жатабы, апаке? – деп сурадыМэри.

– Жок, алардын кеткенине шүгүр деп жатам, – деди апасы.

Лора мурдун тырыштырып:

– Алар аябай сасык экен, – деди.

– Кийими скунстун терисинен турбайбы, – деди апасы.

Анан кыздар Джекти таштап коюп, үйгө киришкенин, индеецтер апасы менен Кэрриге зыян тийгизет экен деп катуу корккондорун айтып беришти. Апасы аларды эр жүрөк ки-



чинекей кыздарым деп эркелетти.

– Кана эмесе, кечки тамакты баштайлы,– деди апасы. – Атаңар келгенче тамакты даяр кылыш керек. Ал бир аздан кийин келет. Мэри, отун алып келе кой. Лора, сен болсо дасторконду жая бер.

Мэри отун алып келип, Лора дасторкон жайганча, апасы жеңин түрүп, колдорун жууп, жүгөрү нандын камырын жуурду. Лора дасторкондун үстүнө атасы менен апасына темир табак, айрыча, бычак жана чөйчөк койду. Апасыныкынын жанына Кэрринин кичинекей темир чөйчөгүн, Мэри менен ага өзүнчө айрыча, бычак жана экөөнө бир чөйчөк койду.

Апасы камырды экиге бөлүп, көмөчтанга салып, үстүн колу менен жукартып басты. Атасы дайыма нанга апасынын колунун изинен башка эч нерсе кошуунун кереги жок экенин айтчу.

Атасы келген маалда Лора дасторконду жайып бүткөн болчу. Ал эшиктин сыртына бир чоң коён жана эки тоок таштап, өзү ичке кирди да, мылтыгын жыгач мыкка илип койду. Лора менен Мэри атасына чуркап барып, кучактап, болгон окуяны экөө бирдей сөз талашып айтып киришти.

– Эмне деп эле жатасыңар? – деди ал кызда-

рынын чачтарынан сылап. – Индеецтер? Лора, акыры индеецтерди көргөн экенсиңер да, ээ? Мен алардын батыш тараптагы кичинекей өрөөндө жайланышкан жерин байкагам. Керолайн, индеецтер үйгө келиштиби? – Ооба, Чарльз. Алардын экөө үйгө келип, сенин тамекиңдин баарын алып, бышкан нандын баарын жеп кетишти. Алар жүгөрүнү көрсөтүп, тамак бышыруумду ишаарат кылып түшүндүрүштү. Мен бышырбай койгондон корктум. Өх, Чарльз, коркконумду айтпа!

– Туура кылгансың. Биз индеецтер менен душмандашып албашыбыз керек. -Анан ал: – Фу-у, эмне жыттанып жатат?! – деди.

– Алардын кийими скунстун жаш терисинен экен, – деди апасы. – Алардын болгон кийими ошол экен.

– Алар бир далай нерсени түгөтүп кетишсе керек, – деди атасы.

– Ооба, Чарльз. Жүгөрүнүн уну да түгөндү.

– Мейли эми. Эптеп чыдай турабыз. Эт жагынан эч кабатыр болбо. Бул жердин баарында эле эт чуркап жүрөт, Керолайн, – деп күлүп койду.

– Алар сенин тамекиңдин баарын алып кетишпедиби эчтеме калтырбай...

– Эч кабатыр болбо. Индепенденске барып келгенче чыдай турам. Эң негизгиси индеецтер менен жакшы алакада болуу зарыл. Жыландын куйругун баспашыбыз керек, – деп токтоп калды. Лора атасы андан ары эмне айтканы жатканын билүүгө абдан куштар болду. Бирок апасы оозун кымтып жана башын чайкап атасына белги берди.

– Кана эмесе, Лора, Мэри, жүрүгүлө! Биз азыр жүгөрү нан бышканча коёндун терисин сыйрып, тооктун жүнүн жулалы. Тездегиле! Менин кардым карышкырдыкындай ачты!

Алар шамал жана күнөстүү жердеги үйүлгөн жыгачтардын үстүнө отуруп алышып,атасын карап отурушту. Ок чоң коёндун көзүнө тийген экен, тооктордун башын жулуп кетиптир. Атасынын айтымы боюнча алар башына эмне тийгенин эч качан биле алышпайт.

Лора коёндун терисинин учунан тартып берип, атасы бычак менен терисин сыйрып жатты.

– Мен бул терини туздап, үйдөгү мыкка илип коём,-деди атасы. -Ал бир кичинекей кыз келерки кышта кие турган сонун тери тумак болот.

Бирок Лоранын оюнан индеецтер такыр кетпей койду. Ал атасына эгер Джек алар кел-

ген маалда бош болгондо индеецтерди жеп коймок, – деп айтты.

Атасы бычагын жерге коюп:

– Кыздар, силердин оюңарга Джекти чынжырынан бошотуу келдиби? – деп үнүн катуу чыгарып сурады.

Лора башын жерге салып:

– Ооба,атаке, келген, – деп шыбырады.

– Мен силерге бошотпогула деп айткандан кийинби? – деп үнүн андан да катуу чыгарды.

Лора эмне айтарын билбей калды, ал эми Мэри деми кысылып:

– Ооба, атаке,– деп жооп кайтарды.

Бир азга чейин атасы үн катпай турду да, анан терең үшкүрүнүп алды. Ал үшкүрүк индеецтер кеткенден кийинки апасынын үшкүрүгүнө окшоп кетти.

– Мындан ары эсиңерден чыгарбагыла! – деди ал ачууланып. – Эмне десем ошону аткарасыңар. Уктуңарбы?

– Ооба, атаке, – деп экөө тең шыбырады.

– Эгер Джекти бошотуп жиберсеңер эмне болмок эле,билесиңерби?– деп атасы сурады.

– Жок, атаке,– деп алар дагы акырын шыбырашты.

– Джек ал индеецтерди тиштеп алмак. Анан

балээнин баары ошондо башталмак. Чоң балекет болмок. Түшүнүп жатасыңарбы? – деди атасы.

– Ооба, атаке, – деди алар. Бирок чындыгында алар сөздүн маңызын түшүнүшкөн деле эмес.

– Алар Джекти өлтүрүп салышмак беле? – деп сурады Лора.

– Ооба. Алар ошону менен токтомок эмес. Эмесе кыздар, оң кулак, сол кулагыңар менен уккула, кандай гана болбосун, эмне десек ошону аткарасыңар.

– Аткарабыз, – деп экөө биринин артынан бири кайталашты. Алар бир четинен Джекти бошотуп жибербегендерине сүйүнүштү.

– Эмне айтылса, айтканды айткандай аткарсаңар жаман нерсеге кабылбайсыңар,– деди атасы.



# Кудук

Атасы керебет жасады. Ал эмен тактайлардын кыйгактары калбагыдай жылмалап чыкты. Анан аларды жыгач мыктар менен бириктирип аштатып салды. Анын төрт жагына саман толтурулган матрацты кармап тургандай тактайдан куту жасады. Анын алды жагына жип тартып, жипти ийри-буйру тордоп өткөздү. Керебеттин бир башын үйдүн бурчуна бекем кадап салды. Бош калган бир бурчуна казык орнотуп, аны керебеттин жыгачына какты. Бою жеткен жерге чыгып, дубалга эки ичке жыгач кагып, анын үстүнө тактайларды жаткызды. Эми анын үстүнө чыгып, тактайлардын учун үйдүн усту-

нуна бекитти. Керебеттин үстүнө, тактайлар орнотулган жерге текче жасап койду.

– Кана эмесе, Керолайн, көрчү муну! – деди ал.

– Мен ал толук бүткөнчө чыдамым кетип бара жатат,– деди ал. – Матрацты киргизгенге жардам берип койчу.

Ал матрацтын ичин ошол күнү эртең менен чөпкө толтурган эле. Бул жердин талаасында саман болбогондуктан апасы анын ичине таза, кургак, кууранган жумшак чөптөрдү толтуруп салып койгон. Күнгө жайылган жерден чөптүн жыпар жыты келип турду. Атасы аны ичкери алып кирип, керебеттин жыгачына жаткызып койду. Апасы шейшеп салып, кооз курактуу жууркanды жаап койду. Керебеттин баш жагына каздын жүнү салынган жаздыктарды коюп, анын үстүнө да жаздыктын жабууларын жапты. Ал аппак жабуулардын экөөнө тең кызыл жип менен кичинекей чымчыктардын саймасы түшүрүлгөн.

Анан атасы, апасы, Лора жана Мэри төртөө тең керебетке суктана карап туруштү. Керебет ушунчалык жакшынакай болду. Жер тактада уктаганга караганда ийри-муйру, тордоп тартылган жиптердин үстүндөгү матрацта уктаган алда канча жумшагыраак эле. Матрац

томпоюп,чөп жыттанып, жууркандын бети тептегиз болуп, ал эми жаздыктар тырсыйып турду. Текче болсо буюмдарды койгонго мыкты жер болду. Мындай керебет үйдүн ичине жылуулук да берип турду.

Ошол түнү апасы керебетке жатып, атасына:

– О Кудай! Бул керебет аябай ыңгайлуу экен, кесир болбосун, – деди.

Мэри менен Лора дагы эле жер тактайда жатышты. Атасы аларга керебет жасап бере тургандыгын айткан. Ал бир чоң керебет, асма кулпу салына турган дагы бир бекем үкөк жасап койду. Аны жасаганынын себеби, эгер индеецтердагы келип калса, жүгөрүнүн бардыгын алып кетишпесин деп ойлогон. Эми ал кудук казып коюп, анан шаарга барып келүүнү көздөдү. Адегенде кудукту казып коюп шаарга кетпесе, апасы суугa бара албайт болчу.

Кийинки күнү эртең менен туруп үйдүн сыртындагы бурчка жакын жерди тегеректеп белгилеп алды.Күрөгү менен жердин чөптүүкыртышын алып, казып кирди. Кудук уламдан улам тереңдеп бара жатты.

Атасы казып жатканда Лора менен Мэри анын жанына жолобой ыраактан карап турушту. Ал эмес, кудуктан атасынын башы

көрүнбөй калса да, топурактар сыртка өздөрү учуп чыгып жаткандай сезилди. Бир кезде күрөк ыргып, чөптүн үстүнө түштү. Артынан атасы да секирип сыртка чыкты. Ал колу менен топурак шилей сузуп, аны кочуштап алып:

– Абдан тереңдеп кетти. Топуракты сыртка ыргытканга алым келбей калды, – деди.

Эми ага бирөөнүн кол кабышы керек болчу. Ошону үчүн ал мылтыгын алып, Паттини минип алып бир жакка кетти. Ал келгенде колуна бир семиз коён кармап, Скотт мырзаны ээрчитип келди. Ал Скотт мырза менен жумуш тууралуу макулдашкан. Адегенде Скотт мырза атасынын кудугун казышканга, анан атасы барып анын кудугун казышканга жардам бермек.

Апасы, Лора жана Мэри мурда Скотт мырзаны да, анын аялын да көрүшкөн эмес. Алардын үйү кең талаанын бир бурчундагы кичинекей өрөөндө жашынып турган. Лора болгону анын үйүнөн түтүн чыгып жатканын гана көрүп калчу.

Кийинки күнү таңга жуук Скотт мырза келди. Ал бою жапалдаш, тогологунан келген киши болчу. Анын ак чалган чачтары күнгө чагылышып, денеси кызарып, түлөп кетиптир.

Күнгө күйгөн терисин сыйрып салыптыр.

– Бул каргыш тийгир күн менен шамалдын азабы, – деди ал. – Кечиресиз, айым, мындан башкача айтууга болбойт. Мен жылан болгонумда бул жерде кайра-кайра эле түлөй бермек экенмин...

Лорага ал адам жагып калды. Күнүгө эртең менен ал идиштерди жууп, төшөктөрдү жыйнап бүтөрү менен сыртка чыгып, Скотт мырза менен атасынын иштеп жатканын карап турчу.

Күн төбөдөн тийип, аптап жадатып жиберди. Ал эмес, шамалдан да ысык илеп келип, талаадагы чөптөр саргайып кетти. Мэри сыртка чыккандан көрө, үйдөн чыкпай курак төшөгүн тигүүнү артык көрдү. Ал эми Лора, тескерисинче, үйгө отура албай, кудуктун жанынан кетпей койду. Бирок ага кудуктун кырына барууга уруксат берилчү эмес.

Атасы менен Скотт мырза кудуктун үстүндөгү жип менен чака илинчү жыгачын жасашты. Аны айландырганда бир чака ылдый түшүп, башка бир чака жогору көтөрүлчү. Эртең менен Скотт мырза жипти төмөн түшүрүп, казып баштады. Ал чакаларга топурак толтурар замат, атасы аны тартып алып, сыртка төгүп бошотуп берип жатты. Түштөн ки-

йин экөө алмашып, атасы топурак толтуруп, Скотт мырза болсо аны тартып алып, сыртка төгөт.

Күнүгө эртең менен Скотт мырза кудукка түшөөрдүн алдында, атасы чакага шамды салып туруп, ылдый түшүрүп берет. Бир жолу Лора аңдын чекесине туруп алып шыкаалап, жердин түбүндөгү чуңкурчада шамдын жар-



кырап күйүп турганын көрдү.

Анан атасы:

– Мына эми бардыгы жайында болду окшойт,– деди да, чаканы тартып чыгып, шамды үйлөп өчүрүп салды.

– Мунун бардыгы Инголлстун көөпайлыгы. Кудук кечээ эле жайында болчу, – деди Скотт мырза.

– Антип айтуу кыйын. Өкүнүп калганча, сак болгон жакшы го дейм, – деп атасы жооп берди.

Лора атасынын шам түшүрбөстөн казгандан эмнеге мынчалык кооптонуп жатканын түшүнгөн жок. Ал атасы менен Скотт мырза бир нерсеге алек болуп жатышкандыктан, эч нерсе сурай алган жок. Анан сураймм деген бойдон унутуп койду.

Бир күнү эртең менен Скотт мырза атасы тамак жеп жатканда келди. Бир маалда алар анын:

– Салам, Инголлс! Күн эчак чыккан! Бас тезирээк! – деп кыйкырган үнүн угушту. Атасы кофесин шашып ичти да, сыртка жөнөдү.

Анан кудуктун кыйчылдаган үнү угулуп, атасы ышкырып жатты. Ал учурда Лора менен Мэри идиштерди жууп, апасы болсо чоң керебеттеги төшөктү жыйнап жаткан. Бир

маалда атасынын ышкырганы токтоп:

– Скотт! Скотт! – деп кыйкырып жаткан үнү угулду. Анан кайра: – Керолайн! Бол тезирээк! – деп чакырды.

Апасы үйдөн чуркап чыкты. Лора анын аркасынан жүгүрдү.

– Скоттун эси ооп калды окшойт. Билбейм эмне болгонун. Артынан түшөйүн, – деди атасы.

– Ылдый жакка шам түшүрдүң беле? – деп апасы сурады.

– Жок. Мен ал жерде шам болуш керек деп ойлогом. Мен бардыгы жайындабы деп сураганымда, бардыгы жакшы экенин айткан. Атасы жипти чакадан ажыратып кесип, кудуктун жыгачына катуу байлады.

– Чарльз, антпе! – деди апасы.

– Керолайн, мен түшпөсөм болбойт!

– Жок, Чарльз, түшпө!

– Бардыгы жайында болот. Мен сыртка чыкканча демимди ичиме алып чыдап турам. Биз аны кудуктун түбүнө таштап салып, карап турмак белек! – деди атасы.

Апасы ачулуу үн менен:

– Лора, жакындабай ары тур! – деди. Лора кетенчиктеп артка кетти. Ал калчылдап, үйдүн аркы тарабында турду.

– Барба, Чарльз! Түшпө! Сени жибербейм! – деди апасы.

– Паттиге мин да, жардам бер! Убактыбыз жок!

– Чарльз, мен сени тартып чыга албай калсамчы? Сен ал жакка кулап түшсөң кайра тартып чыга албай калам го...

– Керолайн, бизде башка жол жок! – деди да, кудукка жип менен түшө баштады. Анан бир маалда көрүнбөй калды.

Апасы ийилип, көзү караңгылап, кудукту тигиле караган бойдон катып калды.

Талаанын бардык жагында торгойлор сайрап, асманды карай тик учуп жүрүштү. Жылуу жел согуп турганы менен Лора чыйрыгып кетти.

Бир маалда апасы ыргып туруп, кудуктун тактайынан кармады. Ал күчүнүн бардыгынча айлантты эле жип керилип, кудук кыйчылдап кетти. Лоранын ою боюнча атасы кудуктун түбүнө тоголонуп кетип, апасы чыгара албай жаткан экен деди. Бирок кудуктун барасы аз-аздан түрүлүп отуруп, бир маалда жипти кармаган атасынын колу көрүндү, андан соң башы чыкты. Ал эптеп колу менен кудуктун барасына тырмышып, жерге чыгып, отуруп калды.

Кудуктун жиби түрүлүп, түпкүрдөн даңгыраган бир дабыш угулду. Атасы өйдө турганга аракет кылганда, апасы:

– Чарльз, жылбай отуруп тур! Лора, тезирээк суу алып келе койчу! – деди.

Лора чуркап барып чакага суу алып келди. Атасы менен апасы экөөлөп, кудуктун туткасын айлантып жатышты. Кудуктун арканы акырындан түрүлүп отуруп, байланган чака чыкты. Артынан Скотт мырза чыкты. Анын колдору, буттары жана башы салаңдап, оозу



жарым-жартылай ачылып, көзү жумулуп калыптыр. Атасы аны чөпкө сүйрөп барып отургузду эле шылкыйып барып, кайра жатып калды. Атасы анын тамырын кармап көрүп, көкүрөгүн тыңшады. Анан анын жанына жата кетти.

– Дем алып жатат, – деди атасы. – Таза абада жатса жакшы болуп калат. Мен өзүмдү жакшы эле сезип турам, Керолайн. Болгону аябай чарчадым.

– Каяктагы жакшы!– деп апасы чок баскандай чочуду. – Мен сени жакшы деп ойлошум керек экен да. Ушундай кылыгың үчүнбү! Кудайым ай! Өлүп калды деп коркуп, өмүрүңдү тобокелге салып... Мен...

Ал сөзүнүн аягына чыкпай, бетин этеги менен жаап, ыйлап жиберди. Ошол күн өтө оор болду.

– Мага кудуктун эч керети жок. Ал сенин өмүрүңдөн жогору турбайт. Өмүрүң кудуктан да кымбат болуп кетиптирби! – деп апасы бышактап ыйлай берди.

Скотт мырза жердин алдынан уу газ менен дем алган. Газ абадан оор болгондуктан кудуктун алдында калган. Ал көзгө көрүнбөйт жана жыттанбайт, бирок бирөө-жарым ал газ менен көпкө дем алып койсо, өмүрүнө

коркунуч туулмак. Ошону үчүн атасы ылдый түшүп, Скотт мырзаны газдан алыс алып чыгышы керек болчу.

Скотт мырза эсине келгенден кийин үйүнө жөнөдү. Ал кетип бара жатып атасына:

– Инголлс, алиги шам тууралуу сеники туура чыкты. Мен анын бардыгын жөнөкөй нерсе катары кабыл алгам. Аны майда-чүйдө деп ойлогом, көрсө андай эмес турбайбы, – деди.

– Ооба. Жарык жок жерде, мен да жашай албасымды билем. Колдон келишинче сак болгон туура. Бирок бардык нерсенин аягы жакшылык менен бүткөнүнө эмне жетсин, – деди атасы.

Атасы бир азга эс алып жатты. Кудуктан ал да газ менен дем алгандыктан шалдырап турду. Бирок түштөн кийин ал эшиктен аркандын жибинен бир аз чубап, ок дарыдан алып, аны чүпөрөккө ороп туруп, учуна жип байлады да:

– Лора, бери келчи. Мен сага бир нерсе көрсөтөм, – деди.

Экөө кудукка келишти. Ал жиптин учун күйгүзүп туруп, анын жалыны берки учуна жеткенче күтүп турушту. Анан ал түйүлгөн учун кудукка салып жиберди. Бир аздан соң кудуктан“дүңк!” этип жарылган дабышты

угушту. Анын артынан эле кудуктан уюлгуп түтүн чыга баштады.

– Бул газдын баарын алып чыгат, – деди атасы.

Анан түтүн тарап бүткөндөн кийин шамды жагып, ылдый түшүрдү. Лорага өзүнүн жанына турганга уруксат берген. Шам төмөн көздөй жылдызга окшоп түшүп бара жатты.

Кийинки күнү атасы менен Скотт мырза кудукту казганын улантышты. Алар кудукка түшөрдүн алдында күнүгө эртең менен ичине шам жагып түшүрүп коюп жүрүштү. Анан кудуктун түбүнө аз-аздан суу пайда боло баштады. Бирок ал азыраак болгондуктан, дагы казыш керек болчу. Чакалар толтура баткак болуп чыгып, атасы менен Скотт мырза күндөн-күнгө баткакка тереңирээк малынып иштеп жатышты. Эртең менен шамды ылдый кудуктун түбүнө түшүргөндө, ал нымдашкан дубалга жарык берип, кудуктун түбүндөгү суу чагылышып, жалтырап көрүнөт. Ал казаардан мурда сууну чака менен сузуп төгүп салчу.

Бир күнү ал казып жатканда, кудуктан кыйкырган үн жаңырды. Апасы менен Лора үйдөн атып чыгышты.

– Тарт Скотт! Тарт! – деп атасы бакырып жатты. Ылдый жактан чалпылдаган, кышыл-

даган дабыш жаңырып чыгат. Скотт мырза кудуктун туткасын колунан келишинче тез бурап жатты. Анан бир маалда атасы жипти кармап тырышып чыгып келди.

– Каргыш тийгир былкылдаган кум болбогондо! – деп деми кысылып сүйлөгөн атасынын бүткөн бою ылайга батып, суу болуп калган экен. – Күрөктү күч менен уруп жаткам. Анан эле күрөк сабына чейин батып кетти да, ар кай жактан суу шырылдап чыга баштады...

Скотт мырза арканды түрүп жатып:

– Жиптин алты футтай жери ным болуптур, – деди. Чака да толтура суу болчу. – Сен бүгүн өзүңдүн шамдагайлыгыңды көргөздүң.



Инголлс! Суу ушунчалык ылдам толгондуктан, мен тартканга да жетишпей жаттым. Анан Скотт мырза санын чаап:

– Шайтан алгырдыкы! Менин күрөгүмдү калтырып чыксаң керек, – деди.

Бирок атасы анын күрөгүн ала чыккан эле.

Бир аздан кийин кудуктун ичине суу толоюн деп калды. Ага көк асмандын элеси тегерек тартып чагылышып турду. Лора эңкейип караганда, кудуктан дагы бир кичинекей кыз карап тургандай болду. Лора колун жаңсаса, ал да колун жаңсап кайталады.

Суу таза, муздак жана даамдуу болчу. Лора сууну өмүрүндө мынчалык даамдуу, муздак нерсе ичип көрбөгөндөй, шыпкап иччү болду. Эми атасы да өзөндөн жылып калган суу ташыбай калды. Ал кудуктун үстүнө чака бата тургандай тешик калтырып, тактай менен жаап салды. Лора бул жерге жолобошу керек. Бирок кээде Мэри экөө суусап чыкканда апасы тактайды көтөрүп, чака менен муздак, таза суудан сузуп алат.



# Техас уйлары

Бир күнү кечинде Лора менен атасы эшиктин босогосунда отурушкан. Айдын жарыгы караңгы, чексиз талаага тийип, шамалы жок тыптынч кечте атасы кыл кыягын акырын ойноп отурду. Анын кооз добушу алыс жактарга жаңырып барып, айдын жарыгы менен кошо сиңип кетип жаткандай сезилет. Айлана ушунчалык кооз, керемет болгондуктан, Лора бардыгы түбөлүк ушундай бойдон калышын элестетип турду. Бир маалда атасы ага кичинекей кыздардын жатаар убактысы болгондугун айтты.

Ошол убакта Лорага ыраактан бир кызыктай, акырын чыккан дабыш угулду.

– Бул эмне? – деп сураганда атасы тыңшап туруп:



– Бул Джорждун малдары, – деди. – Ал малын түндүктөгү Форт-Доджго айдап бара жатса керек.

Анан Лора чечинип, түндөсү кийип жатчу көйнөгүн кийип алып, терезенин жанында турду. Сыртта үлп эткен жел жок, айлана кулак кескендей жымжырт болуп турду. Алыстан угулар-угулбас дабыш келип жатты. Ал дабыш бир туруп дүңгүрөп, бир туруп ырдап жаткандай сезилет.

– Бирөө ырдап жатабы? – деп сурады кызы.

– Ооба,– деп жооп берди атасы. – Ковбойлор малдары уктасын деп ырдап жатышат. Кана эмесе, кичинекей амалкөй, барып төшөгүңө жат!

Лора айлуу түндө жерде жуушаган малдар менен аларга бешик ырын ырдап берип жаткан ковбойлор жөнүндө ойлонуп жатты.

Кийинки күнү эртең менен ал үйдөн чыгар замат, аткананын жанында эки атчан бей-

тааныш адамдарды көрдү. Алар атасы менен бир нерселерди сүйлөштү. Булардын денеси индеецтердикиндей эле кызгылт-күрөң экен, бирок көздөрүнүн сурмасы ичке болчу. Бутуна кайыштан тигилген шиштүү өтүк, маңдайы жазы баш кийим кийип алышкан эле. Моюнуна жоолук оронуп, жамбашына тапанча байланып жүрүшкөн. Алар атасына:

– Көрүшкөнчө! – дешти да: «Хай! Йип!», – деп аттарын татырактаткан бойдон чаап кетишти.

– Бизге жакшы болгон турат! – деп атасы апасына сөз баштады. Ал адамдар ковбойлор болчу. Алар атасына малды өзөндүн ылдый жагындагы жардын ортосундагы капчыгайлардан алыс кайтарганга жардам бер деген сунуш менен келишкен. Атасы акысына уйдун этин бергиле деп макулдашкан.

– Акысына уйдун жакшы этин алганга кандай дейсиң? – деп атасы апасынан сурады.

– Ой,Чарльз! – деп апасынын көздөрү жайнап кетти.

Атасы моюнуна чоң жоолукту оронду. Мурдуна кантип чаң киргизбей жоолукту тартып коёрун Лорага көрсөттү. Анан ал Паттини минип, батышты карай индеецтердин изи менен жөнөдү. Лора менен Мэри анын карааны кө-

рүнбөй калганча карап турушту.

Ошол күнү кечке күн куйкалап, ысык жел согуп турду. Техас уйларынын (лонгхорндордун) муңдуу мөөрөгөн дабышы улам жакындан угула баштады. Түштө өйдө жактан чаң асманга сапырыла баштады. Апасынын айтымы боюнча малдын көптүгүнөн чөп тебеленип, прериядан чаң чыгып калыптыр.

Атасы үйгө күн батканда үстү-башы чаңдан көрүнбөй келди. Анын сакалына, чачына, көзүнүн сурмаларына чейин чаң толуп, кийиминен чаң буртулдап күбүлүп жатты. Ал уйдун этин алып келген жок, анткени, мал дагы эле өзөндөн өтө элек экен. Аларды жайып, абдан жай жүрүп отурушкан. Шаарга алып барып сатуу үчүн жакшылап жайып, семиртиш керек болчу.

Ал күнү кечинде атасы көп сүйлөбөдү, кыл кыягын да ойногон жок. Тамагын ичип бүтөрү менен жатып алды.

Малдын дабышы эми дапдаана жакындан угула баштады. Уйлардын мөөрөгөнү тынч талааны жаңыртып, түн киргенче угулуп турду. Анан алардын дабышы басаңдап, ковбойлордун обон созгондору угулду. Алардын ырлары бешик ырына окшобой эле, карышкырдын улуганына окшоп, бийик, жалгызсырап, муңдуу чыгып жатты.

Лора алардын ырларын тыңшап, ойгоо болчу. Тиги үндөрдү эми карышкырдын улуганы басып кетти. Анда-санда уйлардын мөөрөгөнү да угулуп турду. Бирок айлуу түндө ковбойлордун ырлары жаңырып улана берди. Алардын обону бирде көтөрүңкү, бирде пас чыгып жатты.

Бардыгы уктагандан кийин Лора уурданып келип,терезеден карады. Ал караңгыдан жаркырап, кызыл көздөргө окшоп күйүп турган отторду көрдү. Асман тыптынч, айдын жарыгына толуп турду. Муңдуу ырлар айга арызданып ыйлап жаткандай сезилди. Ал дабыштардан Лоранын тамагы ооруп чыккандай болду.

Кийинки күнү эртеден-кечке Лора менен Мэри батыш тарапты эле карай беришти. Алыстан малдын ызы-чуу үндөрү угулуп, сапырылган чаң көрүнүп турду. Кээде катуу бакырган үндөр да угула калып жатты.

Бир убакта он чакты узун мүйүздүү уйлардын атканадан алыс эмес жерде келе жатканы көрүндү. Алар өзөндөн ылдый айдап бара жаткан жеринен, бададан бөлүнүп кетиптир. Куйругун көтөрүп, сүзүп жиберчүдөй башын жерге салышып, туяктары менен жер чапчып келе жатышты. Чаарала мустанг минген чабендестердин бири атын кутурган немедей чаап

барып, тигилердин алдын тосуп жатты. Ал чабендес баш кийими менен булгалап: «Хай! Йи-Йи-Йи! Хай!» – деп катуу кыйкырып жатты. Уйлар мүйүздөрүн бириктирип, жөөлөшүп бара жатышты. Алар куйруктарын сырактата көтөрүп, жерди дүңгүрөтүп чуркап баратышты, алардын аркасынан атчандар чапкылап, дөңгө чыгып, кайра түшүп, улам көрүнбөй калып, малдын астын кайрып жүрүштү.

Лора ары чуркап, бери чуркап, баш кийимин булгалап, апасы токтот дегенче «Хай! Йи-Йи-Йи!» деп кыйкырып жүрдү. Кыздарга минтип



кыйкырганга болбойт эле, бирок Лора ошол учурда чабендес болсом деп кыялданып кетти.

Түш ооп калганда батыш тараптан үч атчан адам бир уй айдап келишти. Атчандардын бири Паттиге минип келе жаткан атасы болчу, алар жакындап калган кезде Лора ал уйдун жанындагы темгилдери бар музоосун да көрдү.

Уй качырган бойдон алдыга жүткүнүп бара жатты. Эки чабандес андан обочо бастырып, алды жагында келе жатышты. Уйдун эки узун мүйүзүндөгү жиптин бир учу чабендестин ээрине байланыптыр. Уй ковбойду көздөй мүйүзү менен качырып жөнөгөндө, чабендестин аты тебе тургандай түйүлүп, алдын тороп калды. Уй мөөрөгөндө ага музоосу да ичке үнү менен кошулуп, мөөрөп коёт.

Мэри менен Лора аларды үйдүн жанында карап турушканда, апасы терезеден карап турган. Атасы уйду атканага бекемдеп байлаганча, чабендестер аны бошотпой кармап турушту. Анан алар кош айтышып, артка чапкан бойдон кетишти.

Атасы чын эле үйгө уй алып келгенине апасы ишене албай турду. Эми ал чындап эле алардын менчик уюю болчу. Уйдун музоосу кичинекей болгондуктан, алыс жол жүрө албайт эле, ал эми уйду сатып жиберели десе

арык. Ошондуктан, ковбойлор муну атасына беришкен. Буга кошуп атасы уйдун мүйүзүнө байлап, бир чоң түйүнчөк эт алып келген.

Атасы, апасы, Мэри, Лора, ал эмес кичинекей Кэрри дагы кубанычтары коюнуна батпай күлүп жатышты. Атасы дайыма катуу, коңгуроонун үнүндөй заңкылдап күлчү. Апасы болсо назик жылмайганда, Лоранын ичи жылый түшөт. Азыр болсо уйга сүйүнгөнүнөн күлүп жатты.

– Керолайн, чака алып келчи, – деди атасы. Ал уйду сааганга камынып, чаканы алып, баш кийимин желкесине түртүп, тизелеп отуруп уйду саай баштады. Анан уй түйүлүп ту-



руп, атасын бир тепти. Атасы ордунан секирип турду. Анын беттери албырып, көзүнөн от чагылыша түштү.

– Уйдун пири Зеңги Баба өзү күбө болсун, бул уйду баары бир саайм! – деди атасы.

Ал балтасын алып чыгып, эки жыгачтын учун учтады да, жерге терең кагып салды. Анан уйду түртүп мамынын жанына алып келди. Уй мөөрөсө, анын артынан торпогу да коштойт. Атасы мамыны аткананын тирөөчүнө бекем байлап, учтарын жаракага кынап, тосмо жасап койду. Эми уй эч жакка жыла албай калды. Музоосу энесинин жанында жүрдү. Уй өзүн коопсуз сезип, мөөрөгөнүн токтотту. Ал энесинин бир капталына туруп алып, сүтүн эмип кирди. Атасы болсо колдорун тосмодон сунуп, темир чөйчөккө сүт саап алды.

– Эртең дагы аракет кылабыз. Бул байкуш деле бугулардай жапайы өскөн да. Бирок биз аны жоошутуп,колго көндүрүп алабыз, – деди атасы.

Күүгүм кирип бара жатты. Түнкү карчыга куш караңгыда курт-кумурскаларды кармап жечү. Өгүзбаш баканын чардаганы өзөндүн ылдый жагынан угулуп турду. Бир чымчык «Вип! Вип! Вип байкуш Вилл» деп чакырса, үкү «У-уу! Ким? К-и-и-м?» деп жооп берип жатты. Алыстан карышкырлардын улуганын

угуп, Джек улам ырылдап коёт.

– Карышкырлар үйүрдүн артынан ээрчип келе жатышат, – деди атасы. – Эртең мен уйга карышкырлар кире албагыдай бийик короо салып баштайм.

Ошентип, алар уйдун этин көтөрүп үйгө киришти. Атасы, апасы, Мэри жана Лора сүттү кичинекей Кэрриге берүүнү туура көрүштү. Алар Керрини сүт ичип жатканын карап туруштту. Ал сүттү ууртаган сайын бети темир чөйчөк менен жабыла калып жатты.

Алар жүгөрү нан менен майга бышырылган уйдун этин жей элегине көп болгондой сезилди. Бирок ал ширелүү эттин даамына эч нерсе тең келчү эмес. Ал күнү баарынын көңүлдөрү жайдары болчу. Анткени, эми алардын дасторконунда сүт жана жүгөрү нан менен жегенге май да болуп калды.

Уйлардын мөөрөгөнү алыстан жана ковбойлордун ырдаганы үзүл-кезил гана угулуп турду. Малдын баары өзөндүн аркы өйүзүндөгү, Канзаска жетип калган болчу. Эртең алар узак жолун андан ары улантып, түндүк тараптагы Форт-Додж деген шаарга, аскерлер жашаган жерге барышмак.



# Индеецтер аймагы

Күн мурдагыга караганда күндөн-күнгө ысып бара жатты. Апасы жаккан мештин илеби сыяктуу, жада калса сокког жел да ысык болуп турду.

Ысыктан чөптөр да саргайып кетти. Жаркыраган асмандын алдында жашыл жана алтын түстөгү чөптөр желге ыргалат.

Түштө үлп эткен жел жок, куштардын сайраганы токтоп, айлана жымжырт. Лорага өзөндүн ылдый жагынан бактагы тыйын чычкандардын гана шыртылдагандары угулулат. Бир маалда асманда каргалар пайда болуп, каркылдап, айланып учуп кетишти да, кайрадан тынчтык өкүм сүрдү.

Апасынын айтымы боюнча ал учур жайдын



чилдеси болчу. Индеецтер прериядагы кичинекей аймагын таштап кетип калышканына атасы таң калды. Бир күнү атасы Лора менен Мэриге индеецтердин аймагын көрсөтмөй болду. Лора сүйүнгөнүнөн секирип, алаканын чапкылап жиберди. Бирок апасы ага каршы болду.

– Ал жак абдан алыс да, Чарльз. Анан дагы ушундай куйкалаган ысыкта эмне бар?– деди апасы.

Атасы көздөрүн кымыңдатып:

– Бул ысыктан индеецтер эч нерсе болбогон биз эмне болмок элек? Кана эмесе, кыздар, кеттикпи? – деди.

– Атаке, Джек да барса болобу? – деп Лора суранды. Атасы мылтыкты колуна алып, бир Лораны, бир Джекти, кайра апасын карап туруп, мылтыкты ордуна илди да:

– Макул, Лора. Джек биз менен барсын. Керолайн, сага болсо мылтыкты таштайм,– деди.

Джек аларды имерчиктеп, мулуйган куйру-

гун шыйпаңдатып, чуркап жүрдү. Алар кайсы жолго түшкөндөрүн карап туруп, алдыны көздөй чуркап кетти. Анын артынан атасы, атасынын артынан Мэри менен Лора келе жатышты. Мэри күндөн калкалоочу баш кийимин башынан түшүрбөй кийип, ал эми Лора, тескерисинче, артына салпаңдатып илип алды.

Алардын жылаңайлак таманынан ысык өтүп жатты. Күндүн нуру жондорун жана колдорун кызартып ачыштырып жиберди. Аба мештин ичиндегидей ысып, айлана бышкан нандай, бир аз куйкум жыттанып турду. Атасынын айтымы боюнча, ал жыт күнгө күйүп жаткан чөптүн уруктарынын жыты экен.

Алар жүрүп отуруп, кең прерия талааларына жетти. Лора ошол кеңдиктен өзүн кичирейип бара жаткандай сезди. Ал эмес,шыңга бойлуу атасы да, ал талааларда кичинекей көрүнүп калды. Акыры алар ылдыйды карай кеткен, кичинекей бир чуңкурчадагы индеецтер отурукташкан жерге келип жетишти.

Джек болсо чоң коёнду аңдый баштады. Ал чөптөн секирип чыга калганда, Лора чочуп кетти. Анан атасы шашып:

– Джек, тийбе ага. Азыр эт жетиштүү, – деди. Джек түшүнгөндөй дароо токтоп, секирип бараткан чоң коёнду караган бойдон калды.

Лора менен Мэри айланага көз жүгүртүп жатышты. Алар атасынын жанынан чыкпай жакын турушту. Чуңкурдун тегерек четинде жаш дарактардын ичке бутактарында мала кызыл жемиштер салаңдап, сумах бактарынын тобурчактары жапжашыл, ал эми ары жак – бери жагынан ачык кызыл жалбырактар чыгып турду. Золотарниктин мөмөлөрү бозомук тартып, ромашка гүлдөрүнүн сары желекчелери таажысынан желбиреп турду. Алардын бардыгы кичинекей чуңкурчадан көрүнбөй жашырынып турду. Лора үй тараптан караганда чөптөн башка эч нерсе көрүнчү эмес, эми чуңкурчадан үйүн көрө албай койду. Сыртынан караганда прерия тептегиз көрүнгөнү менен чындыгында тегиз эмес болчу. Лора атасынан прерияда ушул сыяктуу чуңкурчалар көппү деп сурады. Атасы көп экенин айтты.

– Алардын бардыгында индеецтер барбы? – деп ал акырын шыбырады.

Атасы так биле албаганын, жашашы мүмкүн экендигин айтты. Ал атасынын бир колунан кыса кармап, экинчи колунан Мэри кармап алып, индеецтердин аймагын карап жүрүштү. Ал жерде жаккан оттун күлдөрү калыптыр. Жерде чатырлар байланган шыргыйдын тешиктери, индеецтердин иттери мүлжүгөн сөөктөр ар кай

жакта чачылып жаткан. Чуңкурдун тегерек-четиндеги чөптөрдү индеецтердин понилери такырайтып оттоп салышкан. Жердин баарына индеецтердин чоң жана кичинекей кайыш аяк кабынын издери жана жыланаңайлак кичинкей буттарынын издери түшүп калган. Ал издердин үстүнөн баскан коёндордун, чымчыктардын жана карышкырлардын издери да бар болчу.

Атасы Мэри менен Лорага ал эмне болгон издер экенин түшүндүрүп берди. Ал очоктун чекесиндеги күлдүн жанына түшүп калган эки орточо изди көрсөтүп, ал жерде индеец аял тизелеп отурганын, ал кайыш чачылары бар юбка кийип жүргөнүн, анын чачысынын топуракта калган издеринен ажыратып билди. Аяк кабынын баш жагынын изи, таманыныкына караганда тереңирээк түшкөн. Анткени, ал очок жакка эңкейип, казандагы тамакты аралаштырса керек.

Анан атасы жерден көө болгон союлду алды да, казан ошондой союл тирөөчтөргө асылып тургандыгын айтты. Мэри менен Лорага ал ти-



рөөчтөрдүн жердеги учтары көмүлгөндөн калган тешиктерди да көрсөттү. Анан ал очоктун тегерегинде чачылып жаткан сөөктөрдү карап, казанда эмне бышырылганын айткылачы деди. Алар карап туруп:

– Коёндун, – деп жооп беришти. Алардын жообу туура эле, ал сөөктөр чынында коёндуку болчу.

Бир кезде Лора:

– Карагылачы! Карагылачы! – деп кыйкырды. Топурактын үстүндө көк түстөгү бир нерсе жалтырап жаткан. Колуна алып караса, көк түстөгү кооз шуру экен. Лора сүйүнгөнүнөн кыйкырып жиберди.

Анан Мэри кызыл шуру таап алды, Лора болсо дагы жашылын көрдү. Ошентип, алар шуру менен алек болуп, бардыгын унутуп коюшту. Анан алар ар кыл түстөгү толтура шуруларды табышты. Түш бою Мэри менен Лора топурактын арасынан шуру издөө менен алек болушту.

Атасы кээде чуңкурчанын кырына чыгып, үйү тарапты карап, кайра келип кыздарга шуру



издешти. Алар тегерек-четтеги жердин баарын жакшылап карап чыгышты. Шуру таппай калышканда күн уясына батып бара жаткан. Лора бир ууч, Мэри да ошончо шуру чогултуп алышыптыр. Атасы аларды бет аарчынын эки бурчуна бөлүп ороп, түйүп туруп, чөнтөгүнө салды да, бардыгы үйүн карай жөнөштү.

Алар чуңкурдан чыккан кезде караңгы түшүп калган. Үйдүн карааны тырмактай болуп алыстан көрүнүп турду. Атасынын жанында мылтыгы жок болчу.

Ал ушунчалык тез баскандыктан, Лора аны араң кубалап жетип бара жатты. Ал кадамын канчалык тез таштаган сайын, күн да ошончолук тез батып бара жаткандай сезилди. Алардын үйү алыстагандан-алыстап, ал эми прерия талаалары барган сайын кеңейип кеткендей болду. Талаанын үстүнөн шамал согуп, коркунучтуу бир нерселерди шыбырап жаткансыды. Чөптөр шамалдын шыбырынан коркуп жаткансып дирилдеп турушту.

Анан атасы Лораны карап, көк көздөрүн кымыңдатып:

– Чарчадыңбы, секет кетейиним? Кичинекей, каруусу аз буттар үчүн бул жол кыйла эле узун, – деди.

Ал Лораны көтөрүп, мойнуна отургузуп,

Мэрини колунан жетелеп, ошол кызда үйүнө кирип келишти.

Булар киргенде меште тамак бышып, апасы дасторкон жайып, ал эми кичинекей Кэрри полдо жыгачтын кесиндилери менен ойноп жаткан. Атасы чөнтөгүнөн бет аарчысын алып, апасына ыргытты.

– Керолайн, келебиз деген маалдан кечигип калдык. Карачы, кыздарың эмне таап келишкенин,– деди атасы. Анан ал чаканы алып, сыртта аркандалган Пет менен Паттинин жибин чечип, сарайына киргизип коюп, уй сааганы чыкты.

Апасы бет аарчынын түйүнүн чечип, көргөн көзүнө ишенбей, кыйкырып жиберди. Ал эми шурулар жанагы көргөндөн дагы коозураак экен. Лора шуруларды колу менен аралаштырган сайын, алар ого бетер жылт-жулт этип көрүндү.

Анан ал: – Булар меники, – деди. Мэри болсо: – Кэрри меникин ала берсин, – деди.

Апасы Лора эмне дээр экен деп күтүп турду. Лора эч нерсе айткысы келбей тултуюп тура берди. Ал кооз шуруну өзү тагынгысы келди. Анын ичи уйгу-туйгу болуп, анын оюнда Мэри мынчалык ак көңүл болбой эле койбоду деп ойлоду. Мэринин өзүнөн жакшыраак болушун каалаган жок. Анан ал акырын : – Кэрри

меникин дагы ала берсин, – деди.

– Мына менин өзүмчүл эмес, ак көңүл, кичинекей кыздарым,– деди апасы.

Анан ал Мэринин шуруларын Мэринин колуна, Лораныкын Лораныкына салды да, аларды тизгенге жип бererин айтты. Ал шурулар Кэрринин моюнуна такканга сонун мончок болмок.

Мэри менен Лора керебеттеринин чекесине жанаша отуруп алып, шуруларды апасы берген жипке тизип жатышты. Алар жиптин учун улам оозуна салып суулап,үн катпастан бирден өткөрө беришти. Балким Мэринин ичи жылып,



кубанып жатса керек, ал эми Лора анткен жок, ал Мэрини карап, бир чаап жибергиси келди. Анан андан кайра көзүн тартып алды.

Шуруларды жипке тизгенде алар ушунчалык кооз болгондуктан, Кэрри көргөндө кол чаап, күлүп жиберди. Апасы аны Кэрринин моюнуна такканда, аябай жарашып, шурулар жылт-жулт этип турду. Ошондо Лора өзүн бир аз жакшы сезе түштү. Анткени, Мэри менен аныкын бир жипке кошкондо шурулар бөлөкчө көрүндү. Жалгыз өзүнүкүн тизгенде ал жарым-жартылай толбой, көркү мынчалык чыкмак эмес.

Кэрринин моюнуна шуруну тагышканда, колу менен кармап көргүсү келди. Ага андай шуру тагынганга али эрте болчу жана аны жулуп салгандан башка эч нерсе билчү эмес. Ошондуктан, апасы аны кайра чечип, Кэрри чоңойгондо тагынат деп катып салды. Ошондон кийин ал кооз шуру Лоранын эсине тез-тез түшүп, өзүнө тийиштүүсүн кайтарып алсам деп ойлой бере турган.

Деген менен ошол күн Лора үчүн эстен кеткис болгон. Анын көз алдына прерия талаалары менен баскан узак жол жана индеецтердин аймагынан көргөн нерселердин бардыгы тартылып турду.



# Безгек

Бүлдүркөн бышып, чак түштө Лора менен апасы аларды тергенге чыгышты. Анын чоң, кара көк жана мөлтүрөгөн ширелүү мөмөлөрү өзөндүн төмөн жагындагы кичинкей жерде жыш өсүп, тикенектүү сабактарда саландап бышыптыр. Алардын кээ бири бактын көлөкөсүндө, кээ бирлери күнөстүү, ачык жерде өсчү. Күн абдан ысык болгондуктан, Лора менен апасы көлөкөдө туруп терип жатышты. Бүлдүркөн ушунчалык жыш экен.

Бугулар көлөкөлүү токойдо Лора менен апасын шыкаалап карап турушту. Бүлдүркөн жеп жатышкан көк чымчыктар Лоранын үстүнөн учушуп, бүлдүркөндү алардан кызгангандай чыйпылыктап жүрүштү. Жыландар да алардын жанынан сойлоп өтүп, бактагы тыйын



чычкандар ойгонушуп, аларды карап алып өздөрүнчө бир нерселерди күбүрөп жаткандай болушту. Алар тикенектүү жерин аралап, кай жагына барбасын чиркейлер ызылдайт. Барсая бышкан бүлдүркөндүн үстүнө конгон чиркейлер анын ширесине тойгондуктан бардыгы семиз, көлөмдүү эле. Чиркейлер бүлдүркөндүн ширесин гана сорбой, ызылдап келип Лора менен апасын чагып жатышты.

Лоранын колдору жана оозу бүлдүркөндүн ширесине боёлуп калды. Анын беттери, колдору жана жыланач балтырлары тикенекке тытылып, чиркейге таланган болчу. Денесинде чиркейлерди чапкан жерлеринин баарында бүлдүркөндүн чачыраган тактары калган. Бирок күнүгө алар үйүнө чакалары толо бүлдүркөн терип келишип, апасы аларды күнгө кургатканы жайып коёт. Өздөрү каалашынча бүлдүркөн жеп, кышкыга кайнатканга кургатып коюшту.

Мэри бүлдүркөн тергенге эч качан барчу

эмес. Ал Лорадан улуураак болгондуктан, кичинекей Кэррини караганга үйдө калчу. Күндүзгүсүн үйгө бир-эки гана чиркей кирип, ал эми кечкисин, катуу шамал болбогондо чиркейлер топ-тобу менен кирип келишет. Андай күндөрү жатар маалда атасы ным чөптөрдү үйдүн жана атқананын айланасына өрттөп, түтөтүп коё турган. Түтүнгө чиркейлер көп жолочу эмес. Бирок бирин-экин чиркей баары бир кирип кетчү.

Чиркейлер чага бергенден улам атасы кечкисин кыл кыягын ойной албай калды. Эдвардс мырза дагы кечки тамактан кийин сейилдеп келбейт, анткени, өзөндүн ылдый жагында чиркейлер өтө көп эле. Түнү бою Пет, Патти жана кулуну, уй торпогу менен жер тепкилешип, куйругун чапкылашып жатканы аткадан угулуп турат. Эртең менен ойгонгондо Лоранын чекесинде чиркей чаккан тагы даана көрүнүп турду.

– Бул көпкө деле созулбайт. Күз келерине аз калды. Муздак шамал башталса эле... – деди атасы сөзүнүн аягына чыкпай.

Лора ал күнү ойгонгондо маанайы пас болуп турду. Күн ысык болсо да дене-бою чыйрыгып, оттун жанына барса да жылый албай койду.Апасы андан эмнеге Мэри экөө эшикке ойногонго чыкпаганын сурады. Ал алы кетип,

ооруп турганын айтты. Апасы жумушун токтотуп, кайсы жери ооруганын сурады. Лора эмнеси экенин так билбей койду.

– Мен жөн гана өзүмдү начар сезип турам. Буттарым ооруп жатат, – деди.

– Мен дагы, – деп Мэри ага кошулду.

Апасы алардын ары-бери жагын карап, өңдөрү жакшынакай эле болуп турганын айтты. Бирок баары бир кыздарга бир нерсе болгонун, эгерде булар соо болсо үй мынчалык тынч болбосун айтты. Апасы Лоранын этегин көтөрүп, бутунун ооруган жерин көрөйүн деп жатканда капыстан Лоранын дене-бою бүт калчылдап баштады. Ал калчылдаганда, ээги ээгине тийбей тиштери да шакылдап жатты. Апасы колу менен Лоранын бетин басып көрүп:

– Эмнеге үшүп жаттың болду экен? Этиң от менен жалын болуп ысып турат, – деди.

Лоранын ыйлагысы келип, бирок чыдап турду. Анткени, ал ыйлагыдай кичинекей эмес экенин билчү.

– Эми мен ысып кеттим, анан дагы белим ооруп чыкты, – деди ал.

Апасы Чарльзды чакырды. Ал келгенде:

– Чарльз, карачы кыздарыңды. Алар чындап эле ооруп калышыптыр, – деди.

– Мен дагы өзүмдү анча жакшы сезбей ту-

рам. Бир ысып, кайра чыйрыгып, бүткөн боюм ооруп жатат. Силердики да ошентип сөөгүңөрдүн баары ооругандай болуп жатабы, кыздарым? – деди атасы.

Мэри менен Лора дал ошондой ооруганын айтышты. Анан атасы менен апасы бири-бирин карап калышты. Апасы:

– Силер төшөккө жатпасаңар болбойт, – деди. Күндүзү төшөккө жаткан аларга көнүмүш эмес болчу.

Лоранын эти ысып, ага бардык нерселер термелгендей болуп көрүндү. Ал апасы чечинткенче бутуна түз тура албай, апасынын моюнунан кармап, эмне болгонун түшүндүрүп берүүсүн суранды.

– Көп кабатырланба! Тез эле сакайып кетесиңер, – деп апасы алардын көңүлүн көтөрүп айтты. Лоранын башы айлангандан төшөккө жөргөлөп барып жатты да, апасы анын үстүн жаап, жумшак, серүүн колдору менен чекесинен сылап:

– Эми уктай гой, – деди.

Лора уктаган жок, бирок өзүн көпкө чейин ойгоно албай жаткандай сезди. Ага тумандын арасында кызык бир нерселер болуп жаткансыды. Уйку-соонун ортосунда атасы түн ортосунда от жакка эңкейип турса, капыстан күн

анын көзүн уялтып, апасы болсо ага кашыктап шорпо ичиргендей туюлду. Бир нерсе акырындан кичирейгенден-кичирейип отуруп, анан кыпындай нерсеге айланып кетти. Анан эле ал кайра чоңоюп отуруп, килейген чоң нерсеге айланды. Быдылдаган эки үн тездегенден-тездеп, ал эми акырын чыккан үн чоюлуп угулуп, Лораны тажатып жиберди. Ал эч сөзү жок жөн гана карандай үн болчу.

Мэринин да эти ысып, Лоранын жанында жатты. Мэри ысып, төшөктү тээп салса, Лора, тескерисинче, чыйрыкканынан ыйлады. Бир маалда анын эти кайра ысып чыкты. Атасы болсо чөйчөктөгү сууну кармай албай колу калтырап, Лоранын моюнуна төгүп алды. Лоранын тиштери шакылдап, сууну зорго ичти. Апасы жууркандарын кымтылап жаап, Лоранын чекесин басса, колдору күйүп чыкты.

– Төшөккө барып жатчы, Керолайн, – деди атасы.

– Сен мага караганда абдан сыркоолоп турасың, Чарльз, – деп апасы макул болбоду.

Лора көздөрүн ачканда күн жаркырап тийип турганын көрдү.

– Суу бергилечи! Суу ичким келип жатат! – деп Мэри бышактап ыйлап жиберди. Джек болсо чоң керебет менен кичинекей керебет-

тин ортосунда ары-бери басып жүрдү. Лора чоң керебеттин жанында жерде атасынын солуп жатканын көрдү.

Джек атасынын жеңинен тиштеп, улам жулкулай берди.

– Мен турбасам болбойт. Керолайн жана кыздар... – деди башын бир аз көтөрүп.

Анан алы келбей башы артты көздөй шылкыйып барып, кыймылдабай жатып калды.

Джек тумшугун өйдө көтөрүп, улуп жиберди.

Лора турганга аракет кылганы менен алы келбей койду. Анан ал апасы бетин албыртып, керебеттин кырын карап отурганын көрдү. Мэри болсо суу сурап ыйлаганын токтоткон жок. Апасы адегенде Мэрини, анан Лораны карап:

– Лора, сен тура аласыңбы? – деп шыбырады.

– Ооба, апаке, – деп Лора жооп берди.

Бул жолу бир обдулганда эле ордунан туруп кетти. Бирок ал өйдө болуп, эки бутуна такандайын дегенде жер көчүп барып, жыгылып калды. Джек анын бетинен жалай, кыңшылап жиберди. Лора итти кучактаганда Джек кыймылдабай, ордунан жылбай турду, Лора ага таянып алды.

Ал Мэриге ыйлаганын токтотсун деп эптеп барып суу алып келип берди. Чакага жеткенче

жер менен сойлоп барды. Чаканын түбүндө кичине эле суу калган экен, чыйрыкканынан калчылдап, сууну чөмүч менен күчүн топтоп туруп сузуп, кайра артты көздөй сойлоп жөнөдү. Джек болсо Лораны ээрчип жанынан чыккан жок.

Мэри көздөрүн ача албай койду. Чөмүчтөгү сууну аягына чейин ичип, анан ыйлаганын токтотту. Чөмүч колунан жерге түштү, Лора болсо сойлоп барып жууркандын астына кирди. Ал суу алып келгенче абдан чыйрыгып чыккан, эми ал төшөктүн ичинен акырындан жылый баштады.

Анда-санда ал Джектин кыңшылаганын, кээде анын улуганын угуп, карышкырбы деп ойлоп жатты. Бирок корккон жок. Бир кезде эти кайра ысып, ага кошул-ташыл Джектин улуганы болду. Ал жанагы быдылдаган, анан чоюлган үндөрдү кайра угуп, көздөрүн ачса, мандайында бети



капкара бирөө тургандай көрүндү. Анын бети көөдөй капкара болуп жалтырап, капкара көздөрү мээримдүү экен. Калың эриндүү чоң оозунан тиштери аппак болуп көрүнүп туруптур.

– Мына муну ичип алчы, кичинекей айым, – деп ал жылмайып койду.

Ал Лораны колтугунан сүйөп көтөрүп, капкара колдору анын оозуна чөйчөктү такап, бир нерсе ичирди. Ал суюктук ачуу болгондуктан, Лора аягына жеткирбей башын ала качканга аракет кылды. Бирок тиги чөйчөктү Лоранын оозуна такаган бойдон ичиндегисин аягына чейин жуткурду.

– Ичип жибер. Ичсең сакайып кетесиң, – деди жанагы аял жумшак үн менен жай түшүндүрүп.

Лора ачуу нерсени аягына чейин ичип бүттү.

Лора ойгонсо, толугураак аял оттун жанында бир нерсе аралаштырып жатыптыр. Аны жакшылап караса өңү кара эмес, апасы сыяктуу күнгө күйүп калгандай сезилди.

– Мага суу берип коё аласызбы?– деди Лора.

Толук аял дароо суу алып келип берди. Муздак суу ичкен соң, Лора бир аз эс ала түштү. Ал уйку-соонун ортосунда жанында жаткан Мэрини, анан чоң керебетте жаткан атасы ме-

нен апасын карады. Джек да уктар-уктамаксан болуп жер тактайда жаткан. Лоранын көңүлү кайрадан толук аялга бурулду да:

– Сиз ким болосуз? – деп сурады.

Ал аял жылмайып:

– Мен Скотт айыммын. Өзүңдү жакшыраак сезип калдыңбы? – деди.

Лора:

– Ооба, рахмат, – деп сылык жооп берди. Толук аял ага чөйчөккө жаңы бышкан тooктун ысык шорпосун алып келип берди.

– Кана, жакшы кыз болуп, ушунун баарын түгөтө ичип салчы,– деди ал. Лора шорпонун тамчысын калтырбай ичип салды.

– Эми жатып уктай гой! Мен силер сакайганча, жаныңарда болом, – деди Скотт айым.

Кийинки күнү эртең менен Лора өзүн алда канча жакшы сезип, төшөктөн тургусу келди. Бирок Скотт айым догдур келгенче төшөктөн турбашы керек экендигин айтты. Ал үйдү жыйнап, атасына, апасына жана Мэриге дары бергенин карап жатты. Кезек Лорага жеткенде, Скотт айым анын оозун ачтырып, кичинекей кагазга оролгон ачуу дарыны куюп жиберди. Лора анын аркасынан суу ичип, кайра дарысын жутуп, кайра суу ичип жатты. Ал дарыны жутуп жиберди эле анын ачуу даамы оозунда кала берди.

Бир убакта догдур келди. Ал кара адам болчу. Лора буга чейин кара адамдарды көрбөгөндүктөн, доктор Тэнден көзүн албай карап турду. Ал адам Лорага жакпаса, мүмкүн андан коркмок болчу. Ал Лорага аппак тиштерин көрсөтүп жылмайды да атасы, апасы менен бир нерселерди талкуулап, күлүп койду. Алар анын көпкө чейин калуусун каалашты, тилекке каршы ал шашылыш кетиши керек экен.

Скотт айымдын айтымы боюнча өзөндүн өйдө жана ылдый жагында отурукташкандардын баардыгы безгек оорусуна кабылышкан. Ооруларга кам көрө турган адам жок болгондуктан, ал күнү-түнү бир үйдөн экинчисине барып жаткандыгын айтты.

– Дагы багыңар бар экен, аман калдыңар. Бардыгыңар бир маалда жыгылдыңар, – деди.

Эгер Доктор Тэн үстүнөн чыкпаганда эмне болмок, Кудай билет эле. Доктор Тэн индеецтердин догдуру болчу. Ал атасынын үйүнө, түндүктү карай Индепенденске бара жатып кирген. Ал киргендеадатта чоочун адамдарга ырылдап, атасы менен апасы айтмайынча үйгө киргизбеген Джек, доктор Тэнди көргөндө шыйпаңдап алдынан тосуп чыккан.

– Ошентип, ал келгенде бардыгыңар чала өлүк болуп жатыпсыңар, – деди Скотт айым.

Скотт айым келгенче, алардын жанында доктор бир күн,бир түн карап турган. Эми ал жаңы отурукташкан оорулууларды дарылай баштаган.

Анан Скотт айым бул оорунун бардыгы дарбыз жегендин кесепетинен болгондугун айтты.

– Мен аларды жүз жолу эскерткем. Эгер мен ал дарбыздан бир гана жолу ооз тийгенде, – деди ал сөзүнүн аягын бүтүрбөй. Анын айты-



мы боюнча жаңы отурукташкандардын бири өзөндүн ылдый жагына дарбыз өстүрө баштаган. Анан ал аны жегендердин бардыгы дароо ооруп калгандыктарын айтты. Анан Скотт айым аларга эскертүү бергендигин, андан эч кандай майнап чыкпагандыгын айтты. Алардын ортосунда талаш-тартыш болгон жок, бирок ошо жегендердин бардыгы эми ден-соолугу менен төлөп жатышкандыктарын айтты.

– Гектор бой көтөрүп баштагандан тартып, дарбыздын бир үзүмүн дагы ооз тийип көргөн эмесмин, – деди атасы.

Эртеси күнү атасы төшөктөн туруп кетти. Андан кийинки күнү Лора, алардын артынан апасы жана Мэри да туруп кетишти. Алардын алы кетип, арыктап кетишиптир, бирок өздөрүнө кам көрүүгө жарап калышкан. Ошондуктан, Скотт айым үйүнө кетти.

Апасы ага кандайча ыраазычылык билдирерин билбей тургандыгын айтты, ал эми Скотт айым:

– Ой, койчу! Кошуналар бири-бирине жардам бербесе,анда алардын эмнеси кошуна! – деди.

Атасынын жаагы шимирилип, алы жок басып жүрдү. Апасы болсо улам-улам эс алып, отура калып жатты. Лора менен Мэри болсо ойногондой болгон жок. Күнүгө эртең менен

алар ачуу дары ичип жатышты. Ошентсе да апасынын жүзүнөн жылмаюсу кеткен жок, ал эми атасы обонго салып ышкырып жатты.

– Бул шамалдын азабынан эч нерсе жасоого мүмкүн эмес, – деди ал.

Атасы Керолайнга термелүүчү отургуч жасоонун аракетин кылып, өзөндүн боюнан ичке мажүрүм талдардан алып келип, үйгө отургуч жасап жаткан. Бирок керектүү убакта ишин токтотуп, Керолайнга от жакканга же чайнекти көтөрүшкөнгө колкабыш кылды.

Адегенде отургучтун төрт бутун жасап, аларды төрт кырдуу жыгачка катуу кайматты. Анан ал мажүрүм талдын катуу кабыктарын ичке тилип, эриш-аркак согуп, отургучтун үстүн жапканча өткөзүп чыкты. Жаш талды ортосунан жара бөлүп, бир жагын отургучтун



бир капталына бекитип алып, экинчи учун ийип барып, отургучтун артынын экинчи жагына бекитти. Отургучтун артына да тилинген кабыктан тордоп өткөрүп чыкты.

Жаш талдын экинчи бөлүгүнөн ийип, отургучтун таянгычтарын жасады жана аны да тордоп чыкты. Эң аягында ал отургучту көмкөрүп, кичине ийилип өскөн чоңураак, жаш талды алып, отургуч термеле тургандай кылып жасады. Ошентип, отургуч даяр болду.

Андан соң алар майрамдоону чечишти. Апасы салтанаттарга кие турган алжапкычын алып чыгып, чачын оңдоп, түзөдү. Моюнуна жоолук салынып, аны алтын төөнөгүч менен төөнөп койду. Мэри болсо Кэрринин моюнуна жипке тизилген шурусун тагып берди. Атасы менен Лора Мэринин жаздыгын отургучтун отура турган жерине, ал эми Лоранын жаздыгын артына коюп туруп, анын үстүнө атасы кичинекей керебеттин төшөгүн салып койду. Анан ал Керолайнды жетелеп барып отургучка отургузуп,-колуна кичинекей Кэррини карматты.

Керолайн жумшакка жөлөнүп, жүзүнө кызыл жүгүрүп, кубангандан көзүн жашылдантып жылмайып койду. Ал жылмайганда аябай сулуу көрүнөт. Ал отургучка акырын термелип:

– О,Чарльз! Мен өзүмдү качан ушунчалык

ыңгайлуу сезгеним эсимде жок, – деди.

Анан атасы кыл кыягын алып чыгып, оттун жарыгында Керолайнга ойноп берди. Ал отургучта үргүлөп, кичинекей Кэрри болсо уйкуга кетти. Ал эми Мэри менен Лора узун отургучта отуруп алышып, өздөрүн өтө бактылуу сезип турушту.

Эртеси күнү атасы кай жакка бараарын эчкимге айтпастан, Паттини минип алып, жөнөп кетти. Керолайн ал кай тарапка кеткенине айраң-таң калды. Чарльз кайра үйгө кайтканда атка дарбыз артып келди. Ал дарбыздарды үйгө арандан-зорго алып кирди да жерге коюп, андан ары тоголотуп жиберди.

– Мен муну көтөрүп, өмүрү үйгө жете албачудай сездим. Мунун салмагы кырк фунттай чыгат го дейм. Менин алым таптакыр калбай калыптыр. Мага чоң бычакты берип койгулачы, – деди атасы.

– Чарльз! Токто! Скотт айым айтпады беле! – деди апасы.

Атасы шыңгыр коңгуроодой күлкүсү менен:

– Бирок ал эч акылга сыйбаган нерсе. Дарбыздан зыян жок. Андан кантип эле эт ысып чыксын. Эттин ысыганы түнкү абанын алмашканынан экенин элдин баары билет, – деди ал.

– Бул дарбыз түнкү абада бышат да, – деди апасы.

– Ал жөнү жок нерсе. Кана, бычакты бергилечи. Ушул дарбыз чыйрыктырып же этимди ысыткан болсо, анда мен эле жеп көрөйүн, – деди атасы.

– Ооруп калып жүрбө, – деди ага бычакты карматып жатып Керолайн..

Бычак дарбыздан ичине кыртылдап кирип, жашыл тилигинен экиге бөлүнүп, кара данектери бар ачык кызыл түстөгү эти көрүндү. Ысыктын күнү муздак дарбыз жегенге эмне жетсин!

Апасы дарбыздан ооз тийген жок. Ал Лора менен Мэриге бир тиштегенге да уруксат берbеди. Атасы болсо биринин артынан бирин жей берди. Акыры ал тойгонунан ныксырап чыкты да, эми калганын уй жесин деди.

Эртеси күнү ал бир аз чыйрыгып, эти ысып турду. Апасы дароо ал кечээги күнкү дарбыздын кесепети деп билди. Ошентип, алар алардын оорусуна эмне себеп болгонун так биле албай жатышты.

Алардын бир эти ысып,бир чыйрыгып ооруганы, чиркейлер чаккандан улам безгек болгонун эч кимиси билген жок.



# Мордон чыккан өрт

Талаанын түсү өзгөрүп, эми ал сары, күрөң жана кызылга боёлуп жатты. Саргарган чөптү шамал ыргап, тармалданган кыска чөптөрдүн үстүнөн муңдуу ышкырып жаткандай сезилди. Түнкүсүн шамал бирөө ыйлап жаткансып улуп турду.

Атасы бул улуу өлкө экендигин кайрадан эстерине салып айтты. Чоң Токойлордо жашаган кезде ал чөптү чаап, дарылап, чогултуп, анан кышкыга сарайга киргизип коё турган. Ал эми бул чексиз талаада күн жапайы чөптү өсүп турган ордунан дарылап, кыш бою мустангдар менен уй өз чөптөрүн өздөрү таап жей турган. Бул жерде болсо катуу бороон болгон учурга гана бир аз чөп жыйнап коюшу керек.

Аба-ырайы күндөн-күнгө сууктап бара жатты. Эми атасы шаарга барып келиши керек болуп калды. Ал жайдын ысыгында Пет менен Патти кыйналат деп шаарга бара элек болчу. Ал үчүн жыйырма миля жерге арабаны сүйрөп, эки күн жол жүрүүлөрү керек эле. Ал үйүнөн алыс кеткиси келбей турду, тилекке каршы барууга туура келди.

Сарайдын жанына кичинекей үймөк чөп жыйнап, отундарды жарып, үйдүн жанына жыйып койду. Ал келгенче жетерлик эттери болсун деп мылтыгын асынып, аңчылыкка жөнөдү.

Лора менен Мэри сыртта, шамалда ойноп жатышты. Өзөн жактагы токойдон алар мылтыктын жаңырган үнүн угары менен атасы эт алып келет деп билишти.

Шамал барган сайын муздак согуп, өзөндү бойлой жапайы топ өрдөк асманга учуп чыгып, кайра конуп калышты. Өзөндүн үстүндө жапайы каздар эки катар тизилип учуп, түштүктү карай узап бара жатышты. Алды жагында баштап келе жаткан каз «Каак!» деп артындагыларга үн салып, толуктап келе жатты. Артындагы жапайы каздар биринин артынан бири «Каакк! Каак!» деп жооп беришти. Ал кубаттуу канаттарын сермеп, түз эле түштүктү көздөй учуп бара жатты, ал эми артындагы

каздар катардан чыкпай, артынан ээрчип бара жатышты.

Өзөндөгү бактардын үстү эми түркүн түскө айланган. Эмен багынын түсү кызыл, сары, күрөң жана жашыл болуп көрүнөт. Теректер, клён жана жаңгак бактары күндөй сары түстө. Асман бозомук тартып, каарыган муздак шамал согуп баштады.

Ошол күнү сыртта шамал катуу болуп, суук келди. Апасы Мэри менен Лораны үйгө кийирди. Алар отту тутандырып, жанына термелген отургучун сүйрөп келип, алдына кичинекей Кэррини алып, термелип, акырын ырдады:

*«Укта, бөпөм, уктай гой,*
*Атаң кетти мергенге.*
*Терисине коёндун,*
*Ороп коём келгенде».*

Ошол учурда Лора мор жактан чыртылдаган дабыш укту. Апасы ырын токтотуп, эңкейип морду карады. Анан ал акырын ордунан туруп, Кэррини Мэриге карматып, термелген отургучка отургузду да, өзү сыртты көздөй чуркады. Лора апасынын аркасынан жөнөдү.

Мордун үстүн өрт каптап, жыгачтар күйүп жатыптыр. Жалындаган өрт шамалга ого бетер

күчөп, чатырды көздөй жабылып жатты. Апасы колуна узун жыгач алып, аны менен жалындап күйгөн өрттү чапкылап кирди. Күйгөн жыгачтар мордун ары-бери жагына түшүп, Лора эмне кыларын билбей турду да, ал да жерден жыгач аларда апасы алыс тургун деди. Жалындаган өрттүн сүрү абдан коркунучтуу эле. Ал бүтүндөй үйдү жалмап кетиши мүмкүн болчу. Анда Лоранын колунан эч нерсе келмек эмес.

Ал үйгө чуркап кирди. Күйгөн жыгачтар



менен көмүрлөр мордон ылдый, үйдөгү мешке түшүп жатты. Үйдүн ичинин баарын түтүн каптап, бир чоң жыгачтын кыпкызыл чогу үйдүн таманындагы тактайга тоголонуп түшүп, Мэри отурган жакка кирип кетти. Мэри коркконунан кыймылдабай отурган болчу. Аны көргөн Лора коркуп кетип, термелген олтургучтун аркасынан кармап, күчүнүн бардыгынча сүйрөп жөнөдү. Анан Лора күйүп жаткан жыгачты алып туруп, мешти карай ыргытты. Ошол маалда эшиктен апасы кирип келди.

– Азаматсың, кызым! Чокту тактайдын үстүнө калтырбагыла дегенимди эстеп калганың жакшы болуптур! – деди да апасы чаканы алып, мештеги отко суу куйду. Андан катуу буу чыга түштү. Анан ал Лораны карап: – Колдоруң күйгөн жокпу? – деди. Бактыга жараша анын колдоруна эч нерсе болгон эмес, анткени, ал күйүп жаткан жыгачты бат ыргытып жиберген.

Лора ыйлаган жок, ыйлагандай кичинекей эмес болчу. Анын көзүнөн эки чолок жаш гана чыгып,т амагы буулуп калгандай болду. Бирок үн чыгарган жок. Ал апасын кыса кучактап, бетин катты. Апасынын өрттө зыянга учурабаганына абдан кубанды.

– Ыйлаба, Лора. Сен чын эле корктуңбу? – деди апасы кызынын чачынан сылап.

– Ооба. Мен Мэри менен Кэрри өрттөнүп кетишеби деп корктум. Дагы мен үйүбүз күйүп кетип, үйсүз калабызбы деп да корктум. Мен азыркыга чейин коркуп жатам, – деди апасына.

Мэри эми араң эсине келип, сүйлөй баштады. Ал апасына Лоранын кантип отургучту оттон алыс сүйрөп кеткенин айтып берди. Анын айткандарынын ичинен апасын катуу таң калтырган нерсе Лора өзүнөн чоң отургучту Мэри менен Кэррини кошуп туруп, кантип сүйрөп кеткени болду.

– Сен бүгүн абдан эр жүрөк кыз болдуң, Лора, – деди апасы. Бирок Лора абдан катуу коркуп калган болчу.

-Эң негизгиси зыян чеккен жокпуз. Үйдү өрттөн сактап калдык. Мэринин юбкасы күйгөн жок. Мэри менен Кэрри да отко кабылган жок, бардыгы жайында, – деди апасы.

Атасы кайтып келгенде, сырттан эле өрттү байкады. Мордун күйүп калган жеринен үйдүн ичине аркырап шамал кирип, бир топ эле муздап калган. Бирок атасы морду кайра жаш бутактар менен жасап, сыртын жакшылап, өрттөнбөгүдөй ылай менен шыбап коёрун айтты.

Ал аңчылыктан төрт семиз өрдөк атып келип, мындайдан жүзгө жакын атып келгенге мүмкүнчүлүгү болгондугун, бирок азыр ушул

эле жетерин айтты. Ал Керолайнга өрдөк менен каздардын жүнүн чогултуп, андан төшөк жасаса болот деди. Албетте, ал бугу деле атып келмек, анын этин тоңдуруп койгонго күн али сууй элек, ысыкта эт тез эле бузулуп кетет. Дагы ал жапайы үндүктөрдүн тобу жайлаган жерди таап алган.

– Ал биздин Алкыш күнү жана Жаңы Жылда соё турган үндүктөрүбүз. Үндүктөр абдан чоң, семиз экен. Мен аларды убагы келгенде кармап келем, – деп кошумчалады.

Атасы обон салып ышкырып, морду оңдош үчүн ылай даярдап, балтасын алып, жаш бутактардан кыйгана кетти. Апасы болсо өрдөктөрдү тазалаганга киришти. Бир аздан соң өрдөк отто чырылдап куурулуп, меште жүгөрү нан да бышып жатты. Үйдүн ичи кайрадан жагымдуу маанайга бөлөндү.

Кечки тамактан кийин атасы эртең менен эрте шаарга чыгууга даярданышы керек экендигин айтты.

– Мен шаарга бара турган болсом барып, биротоло иштин аягына чыгайын,– деди.

– Ооба, Чарльз, барып келгениң дурус болот, – деди апасы.

– Биз айрым нерселерсиз деле жашай алабыз. Улам бир кичинкей нерсе үчүн шаарга

бара берүүнүн кажети жок. Мен мурда Скотт Индианада өстүргөн тамекиге караганда жакшыраагын чекчү элем, бирок ал деле жаман эмес болчу. Мен кийинки жайда тамеки айдап туруп, карызымды берем. Эдвардстан баягыда мыкты албай эле койсом жакшы болмок деп жатам, – деди ал.

– Бирок сен алып койбодуңбу. Тамеки жөнүндө айтсак сен да мен сыяктуу эле экинчи карыз алгың келбей калганын айттың. Биз андан көрө «хинин» дарысын алуубуз зарыл. Мен жүгөрү унун да үнөмдөгөнүм менен түгөнөйүн деп калды. Шекер да түгөнүп бара жатат. Сен балы бар бак таап алдың, бирок менин билишимче жүгөрү уну бар дарак жок болсо керек. Анан кийинки жазда барып эгилет да. Мындай жашоого моюн сунгандан кийин туздалган чочконун эти деле даамдуу боло берет экен. Чарльз, анан дагы, Висконсиндеги тууган-туушкандарыбызга кат жазайын дедим эле. Эгер сен аны азыр жөнөтүп койсоң, алар жообун кайра кышында жазышмак, ал эми биз ал катты келерки жазда алып калмакпыз, – деди апасы.

– Туура айтасың, Керолайн. Сеники дайыма туура, – деп атасы сөзүнүн аягына чыгып, Мэри менен Лорага кайрылып, жата турган

маал болгондугун айтты. Ал эртең менен жолго чыга турган болсо, эрте жатышы керек эле.

Лора менен Мэри түнкү көйнөктөрүн кийип жатканда, атасы өтүгүн чечип, ал да уктаганга даярданган. Бирок кыздары төшөккө кирип жатканда, атасы кыл кыягын алып чыкты да, акырын ойноп, үнүн акырын чыгарып ырдап баштады:

*«Лаврдын жалбырагы өскөн сындуу,*
*Менин да кайгым күчөйт капа-ыйлуу.*
*Бактысыз сүйүүм болсо сени менен*
*Адашкан экөөбүзгө болбой сыйлуу».*

Апасы аны карап, жылмайып койду.

– Жакшы жетип ал, Чарльз! Биз жөнүндө кам санаба! Бизде бардыгы жайында болот,– деди ал шаарга узатып жатып.





# Шаарга барып келүү

Таң агара электе атасы жолго чыкты. Мэри менен Лора ойгонгон маалда ал эчак эле кетип, үй ээнсирей түшкөн. Күндөгү аңчылыкка кеткенден башкача болчу. Шаарга кеткен төрт күн үйдөгүлөр үчүн кылымга созулуп кеткендей сезилди...

Баннини да атканага камап коюшкан, андай кичинекей кулунга шаарга баруу абдан кыйын болмок. Ошондуктан ал энесин ээрчип барганга мүмкүн эмес болчу. Ал да улам муңайым кишенеп коюп жатты.

Лора, Мэри жана апасы үйдө отурушту. Атасы үйдө жокто алар үчүн сырт жак абдан



чоң жана ээн болуп сезилчү. Джек да тынч албай, абдан сак болуп калчу.

Түштө Лора апасы менен Банниге суу берип, уйдун казыгын жаңы чөпкө жакындатып байлаганга чыгышты. Уй мурункудан абдан эле жоошуп калган. Ал апасы жетелеген жакка кетип, эч каршылык көрсөтпөстөн саадырып калган.

Уйду саардын алдында апасы атасынын калпагын кийип жаткан. Капыстан Джек жонун тикчийтип, сыртка чымын-куюн болуп чуркап чыкты.

– Итиңерди кет дегилечи! Итиңерди алгылачы! – деп сырттан кыйкырган үн угулду.

Сыртка чыгышса, Эдвардс мырза үйүлгөн отундун үстүнө чыгып кетиптир. Джек анын аркасынан чыкканга тырмышып жаткан экен.

– Бул итиңер мени бурчка такап салды! – деди Эдвардс мырза отундун үстүнөн арты менен жылып.

Керолайн Джекти араңдан-зорго чакырып алды. Иттин көздөрү кызарып, ырылдап жатты. Эдвардс мырза отундун үстүнөн түшкүчө иттен көзүн алган жок.

– Айып этпеңиз, ал Инголлс мырзанын үйдө жок экенин сезип ушинтип жатат, – деди Керолайн.

Эдвардс мырза айрым адамдарга караганда иттердин ишенимдүү болорун айтты.

Шаарга бара жатып Чарльз Эдвардс мырзанын үйүнө кайрылып, анын үйүнө келип, көз салып туруусун суранган. Эдвардс мырза жакшы кошуна болгондуктан, жумуш минтип кычап жаткан убакта апасына кол кабыш кылганы келген эле. Ал эми Джек Чарльз жокто Керолайндын жанына уй менен Банниден башка эч бир жанды жолотпой тургандыгы сезилип турду. Эдвардс мырза жардам бергиче, Джекти камап коюуга туура келди. Ал кетип жатып:

– Итиңерди үйгө киргизип албасаңар, ал эч кимди кийирбейт го, – деди.

Караңгы кирип, үйдүн айланасы көзгө сайса көрүнгүс болуп турду. Шамал улуп, үкү-

лөр да гүүлдөп үн салып жатышты. Карышкырлар улуп, Джек улам-улам ырылдап коёт. Мэри менен Лора апасына жакын, мештин жанында отурушту. Алар үйдүн ичинде, Джек жандарында, анан дагы апасы илгичти илип койгондуктан корко турган эч нерсе жок экенин билишчү.

Кийинки күнү аларга мурункудай эле бир нерсе жетишпей тургандай боштукту сезишти. Джек болсо үй менен атканаaны улам айланып чуркап жүрдү. Ал Лорага көңүл бөлгөн жок.

Ошол күнү түшкө маал Скотт айым Керолайн менен учурашканы келди. Алар сүйлөшүп жатышканда, Мэри менен Лора чычкандарга окшоп бүгүп тыптынч отурушту. Скотт айым жаңы жасалган термелгич отургучка суктана карады. Ал канчалык термелген сайын ошончолук ыракаттанып, үйдүн ичине көрк берип, ыңгайлуу экендигин кайра-кайра айттып жатты.

Андан тышкары ал индеецтер менен балээден алыс болушса экен деп тынчсызданып, бардыгы жакшы болоруна ишенээрин айтты. Анткени, Скотт айым өткөндөгү окуя тууралуу айрым кабарлардын четин угуп калган. Ал:

– Кудай билет! Алар бул өлкөгө өздөрү тийбесе керек. Алардын көргөн– билген нерсеси жапайы айбандарга окшоп, ары-бери жортуу болуп саналат. Келишим тууралуу сүйлөшүүлөр болобу же болбойбу, бул өлкө аны жердеп, иштете турган адамдарга тиешелүү болот. Жалгыз гана жүйөлүү жана адилет чечим ошол, – деди.

Өкмөт эмнеге алар менен келишим түзгөнүн түшүнбөйт болчу. Анын ою боюнча жападан жалгыз жакшы деген индеец бул дүйнөдөн эчак өтүп кеткен деп билер эле. Индеецтерди эстегенде дене-бою муздай түшчү. Ал:

– Эсимен Миннесота кыргыны такыр кетпейт. Менин атам, байкелерим жана башка ал жерди жердеген элдер чыгып, алардын чабуулун бизге он беш чакырымдай жеткизбей токтотуп калышкан. Атамдын алар жөнүндө көп эле айтып бергенин угуп калдым, – деди.

Апасы дароо жөтөлүмүш болуп, Скотт айымга сөзүн андан ары улантпасын деп белги берди. Ал кыргын кандай гана болбосун кичинекей балдардын көзүнчө сөз кылбай турган нерсе болчу.

Скотт айым үйүнө кеткенден кийин Лора апасынан кыргын деген эмне экенин сурады. Апасы ага азыр түшүндүрүп бере албай тур-

гандыгын, чоңойгондо өзү түшүнөрүн айтты.

Эдвардс мырза ал күнү кечинде кайрадан чарба иштерине жардам бергени келди. Джек болсо аны адатынча отундун үстүнө кубалап чыкты. Керолайн итин чакырып, бул итке эмне болгонун түшүнбөй турганын айтты. Анын тынчын кетирип жаткан мүмкүн шамалдыр.



Шамал бир башкача улуп, Лоранын көйнөгүнөн өтүп, үшүтүп жиберди. Мэри экөө колдоруна бир кучактан отун алып келгенче, тиштери-тиштерине тийбей үшүп кетишти.

Жатаарда алар атасы Индепенденске аман-эсен жетип алды бекен деп ойлошту. Эртең соода кылса, жолго эрте чыгып, жарым жолду басып өтүп, ээн талаага түнөп калат. Анан андан кийинки түнү үйгө келип калат деп божомолдошту.

Эртең менен шамал суук болгондуктан апасы эшикти жаап койду. Лора менен Мэри оттун жанында отурушуп, үйдүн капталынан шамал ызылдап, мордон улуп турган шамалдын дабышын тыңшап отурушту. Түштө алар атасы Индепенденстен чыкты болду бекен, ушундай шамалда жол жүрүп келе жатса керек деп ойлошту. Ал эми түн киргенде



ал кайсы жерге түнөгөнү токтоду экен деп жатышты.

Сыртта суук шамал согуп жатты. Ал эмес, кичинекей үйдүн арты дагы суукта үшүп, жүзүн отко кактап жаткандай сезилди. Ошол эле маалда тээ алыскы чексиз талаанын ээн, караңгы бир бурчунда ушундай шамалда атасы түнөгөнү токтогон.

Кийинки күн аябай узарып кеткендей сезилди. Атасы эртең менен эрте келбей тургандын билишсе да, алар аны күтүп жатышты. Түшкө маал алар өзөндүн боюндагы жолду утурлап карай башташты. Аларга кошулуп, Джек да карап турду. Ал сыртка чыккысы келип улуп, аткана менен үйдү айланып, өзөндүн ылдый жагын карап, тиштерин арсайтып ырылдап жатты. Муздак шамал анын тишине согуп турду.

Ал үйгө киргенде бир орунга жата албай, ары-бери басып, тынчы кетти. Ал моюн жүнүн тикчийтип, кайра жайланып жатты. Бир аздан соң ал кайра бир нерсеге тынчсызданып, сыртты карап, кайра эшиктин оозуна келип кыңшылап баштады. Апасы эшикти ачып чыгарайын десе, ит чыкпай койду.

– Джек бир нерседен коркуп жатат окшойт,– деди Мэри.

– Джек эч качан, эч нерседен коркпойт! – деп Лора каршы болду.

– Лора! Лора! Минтип айтканың болбойт, – деди апасы.

Бир мүнөткө жетпей Джек кайра эшикти карай жөнөдү. Апасы уйду, музоосун жана Баннини карап келүүгө кетти.

Ошол учурда Лора Мэриге: «Менин айтканымды уктуңбу?» – деп айткысы келди, бирок кайра унчуккан жок.

Сыртка чыкчу учур келгенде Джек Эдвардс мырзаны отундун үстүнөдагы кубалап чыкпасын деп Керолайн аны үйдөн чыгарбай камап койду. Чарльз али келе элек болчу. Эдвардс мырза катуу соккон шамалдан улам эшик менен күүлөнүп ичкери кирди. Ал демигип, сууктан үшүп калыптыр, кайра эшикке чыкканча отко жылынып турду. Анан эшикке бир чыгып келип кайра жылынды.

Ал Керолайнга индеецтер жар жакта баш калкалап жатышканын билдирди. Эдвардс мырза өзөндөн өтүп бара жатып, түтүн чыгып жатканын көргөнүн айтты. Анан Керолайндан мылтык сурады эле, ал Чарльздын тапанчасы бар деди. Эдвардс мырза:

– Менин оюмча мындай суукта алар жылуу жерге жакындап келет болуш керек,– деди.

– Ооба, – деп Керолайн жооп берди.

Эдвардс мырза эгер Керолайн уруксат берсе, атканадагы чөптүн үстүнө деле түнөй тургандыгын айтты. Бирок ал Эдвардс мырзага рахматын айтып, убара болбогун деди. Анан малдын жанында Джек бар экенин кошумчалады.

– Инголлс мырза азыр келип калат го деп күтүп жатам, – деди Керолайн Эдвардс мырзага.

Эдвардс мырза күрмөсүн, баш кийимин кийип, моюн орогучун тагынып, мээлейин кийип, колуна мылтыгын алып сыртка чыкты. Азыр эч нерсе алардын тынчын ала койбос деп айтты.

– Жок, – деди Керолайн да ага кошулуп.

Эдвардс мырза эшикти жабаары менен караңгы кире электе эле Керолайн илгичти ичинен илип алды. Лора менен Мэри караңгы кирип, сыртта эч нерсе көрүнбөй калганча өзөндүн боюндагы жолду карап турушту. Анан апасы терезенин жыгач калканычтарын жаап салды. Атасы дагы эле келген жок.

Алар кечки тамагын ичип бүтүп, андан соң идиштерди жууп, үйдү шыпырып чыгышты. Бирок атасы дагы эле келген жок. Сыртта шамал ызылдап улуп турду. Шамал эшик-

тин илгичи менен чатырды калдыратып, солкулдатып жатты. Ал мордун үстүнөн үйлөп, мештеги отту жалындатып жиберди.

Лора менен Мэри улам-улам кулагын сыртка төшөп, арабанын кыйчылдаган дабышын тыңшап жатышты. Апасы термелген отургучка отуруп, Кэррини таптап уктатып, сыртты тыңшап отурду. Кэрри уктап бара жатты. Апасы дагы эле отургучта отурган. Бир маалда ал ордунан туруп Кэррини чечинтип, керебетине жаткырды. Мэри менен Лора бири-бирин карашып, бирок жаткылары келген жок.

– Кыздар, жата турган маалыңар болду, – деди апасы. Лора атасы келгенче отура тура-



лы деп суранды. Мэри да аны туурап, Лоранын сөзүн кайталады. Акыры апасы уруксат бергенге мажбур болду.

Алар абдан көпкө күтүп отурушту. Бир маалда Мэри эстеп баштады, аны көрүп, аркасынан Лора да эстеди. Бирок алар көздөрүн жумбаганга аракеттенип, чекчейип отурушту. Анан бир аздан соң Лоранын көзүнө тегеректин бардыгы бир чоңоюп, кайра кичирейип, кээде таптакыр көрүнбөй калып жатты. Бирок ал көшөрүп атасын күтүп отура берди. Бир маалда ал тарс деген дабыштан чочуп кетти. Анан апасы аны жерден көтөрүп, өйдө тургузду. Көрсө, ал отургучтан жерге кулап түшүптүр.

Лора дагы эле апасына уйкусу келбегенин далилдегиси келгени менен кайра-кайра оозун чоң ачып эстей берди. Түн жарымында ал дагы эле уктабай, термелген отургучта түптүз болуп отурду. Сыртта шамал дагы эле улуп, илгичти жулкуп, чатырды калдырата берди. Мэри да ойгоо отурду. Джек болсо ары-бери басып жүрдү. Лора сырттагы шамал бир ыркырап, кайра басылып калып жатканын тыңшап отура берди.

– Лора, төшөгүңө жатып уктай гой, – деп апасы акырын айтты.

– Улуп жаткан эмне? – деп сурадыЛора.

– Шамал улуп жатат, – деди апасы. – Тилимди алып, төшөгүңө жатчы, Лора.

Лора барып төшөккө жатты, бирок уктай алган жок. Ал атасы ушундай суук бороондо, караңгыда сыртта жүргөнүнө сарсанаа болуп жатты. Өзөндүн ылдый жагында жар бойлой жапайы адамдар жайланышкан, ал жерден атасына кечинде өтүүгө туура келиши мүмкүн. Джек тынч албай ырылдай берди.

Апасы отургучта акырын ыргалып отурду, тизесине Чарльздын тапанчасын коюп алган. Оттун жарыгы бир чоңоюп, бир кичирейет. Анан апасы назик, жагымдуу үн менен обон созо баштады:

*«Алыс, алыс мухит, деңизден,*
*Бир бактылуу өлкө бар экен.*
*Турмуштары күндөй жаркырап,*
*Кудай деген баары жан экен.*

*Периштелер ырын ырдап биз,*
*Жаратканга дайым “Даңк!” дейбиз».*

Лора уктап бара жатканын байкабай калды. Ага жаркыраган периштелер апасына кошулуп ырдап баштагандай сезилип, аны маа-

шырлана тыңшап жатты. Капыстан эле көзү умачтай ачылып, оттун жанында турган атасын көрдү.

Кыз төшөктөн ыргып туруп:

– Атаке! Атаке! – деп кыйкырып жиберди.

Атасынын өтүгүнө баткак жабышып, тоңуп калыптыр, сууктан мурду кызарып, чачтары тикчийип турган. Ал аябай үшүп калгандыктан, суук Лораны да үшүтүп жиберди. Атасы ага:

– Токто! – деди да, апасынын чоң жоолугуна ороп, кучактап алды.

Кудайга шүгүр, бардыгы жайында болду. Үйдүн ичи жарык, жылуу, кофенин жыты келип, апасы жылмайып, атасынын жанында турду.

Жоолук ушунчалык чоң болгондуктан, анын бир учу менен Мэрини орогонго да жетти. Атасы өтүгүн чечип, колдорун сунуп,отко жылытты. Анан ал отургучка отуруп, жоолукка оронгон Мэрини бир тизесине, Лораны экинчи тизесине отургузуп, бекем кучактап алды. Кыздардын жылаңайлак буттары оттун илебине жылый түштү.

– Өх! Үйүмө эч качан жете албачудай болдум, – деди атасы.

Апасы болсо Чарльз сатып келген буюм-

дарды бирден карап жатты. Анан ал темир чөйчөккө атасы Индепенденстен алып келген шекерден кашыктап салды.

– Кофең бир мүнөттөн кийин даяр болот, Чарльз, – деди.

– Мен жолдо келе жатканда биз жак менен Индепенденстин ортосунда жаан нөшөрлөп төктү. Баткак арабанын дөңгөлөгүнүн бара-сына тыгылып улам тоңуп калат. Арабадан түшүп, аттарга жеңил болсун деп баткактар-ды улам түшүрүп коём. Бир аз өтпөй баткак кайра эле тыгылып, мен кайрадан жерге тү-



шүп тазалап турдум. Пет менен Патти бороондо кыйналбасын деп колуман келгенин жасадым. Экөө катуу чарчашкандан теңселе басып келе жатышты. Мен мындай бороонду дегеле көргөн эмесмин. Тим эле сөөктөн өтүп, чучукка жетет.

Чарльз шаардан чыга электе бороон башталган. Ал жердегилер бир аз күтө туруп, бороон пастаганда чыкканың дурус деп кеңеш беришкен. Бирок анын эртерээк үйүнө жеткиси келген.

– Мен таң калган нерсем бул бороонду түштүк шамалы дешип, түштүктөн соккон бороон мынчалык суук болгонуна акылым жетпей койду. Мындай балээни мурда ким көрүптүр! Менин укканыма караганда бул өлкөнүн түндүгүнүн этегиндеги түштүктөн соккон бороон муздак болуп эсептелет экен.

Ал кофени ичип, оозу-мурдун жүз аарчысы менен аарчып:

– Ах! Кофең ушунчалык сонун экен, Керолайн! Кадимкидей жибип калдым,– деди.

Анан ал көздөрүн күлмүңдөтүп, Керолайнды карап, үстөлдүн үстүндө турган төрт чарчы нерсенин оромун ачуусун суранды.

– Абайла! Түшүрүп жиберalbe! – деди ал.

Апасы аны ачып жатып:

– О, Чарльз! Мунуң шумдук го! – деди таңгалып

– Ача бер!– деди атасы.

Оролгон түйүнчөктө төрт чарчы терезенин сегиз айнеги болчу. Эми алардын терезесине айнек салынат.

Жолдон бир дагы айнек сынбаптыр. Аны атасы жолду катар көздүн карегиндей сактап келген. Апасы башын чайкап, мынчалык убара тартпасаң болмок деп айтты. Бирок анын жүзү жадырап, атасы аны көрүп сүйүнгөнүнөн күлмүңдөп турду. Баарынын кубанычы коюнуна батпайт. Терезени айнектегенден кийин алар кыш бою каалашынча терезеден



сырттты карап тура беришет, үйдүн ичине да күн тийип турат. Атасы белектерден да мурун терезенин айнегин алып барса бардыгына жагат болуш керек деп ойлогон. Баары өзү ойлогондой чыкты.

Мындан тышкары атасы кичинекей кагаз баштыкка толо шекер алып келген. Апасы баштыкты ачканда Мэри менен Лора аппак, жалтыраган шекерден ооз тийип көрүштү. Апасы анан кайра оозун бууп, меймандарга деп алып койду.

Баарынан кубанычтуусу атасынын үйүнө аман-эсен кайтып келгени болду.

Лора менен Мэри ордуларына барып, тынч уйкуга кетишти. Атасы үйдө барда бардык нерсе жайында болот. Андан тышкары ал шаарга көпкө барбай тургандай болуп, мык, жүгөрү ун, чочконун майын, туз жана башка керектүү нерселердин бардыгын ала келген.



# Узун бойлуу индеец

Түндүктөн келген катуу шамал үч күн бою улуу талаада ыркырап, ышкырып турду. Анан ал тынчып, күн жылып, бирок күздүн илеби келип калды.

Индеецтер үйдүн жанындагы чыйыр жолдо атчан кетип бара жатышты. Алар жанындагы үйдү байкабагандай болуп өтүп кетишти.

Алар арык, кара-тору жана жылаңач болчу. Баары понилерин жайдак, жүгөнсүз минип алышыптыр. Алар жайдак эниге кагып койгон казыктай түптүз отурушуп, жан-жактарын карашкан да жок. Бирок алардын кара көздөрү күнгө чагылышып жалтылдап турду.

Лора менен Мэри тамга жөлөнүп алып, аларды карап турушкан. Көк асман алдында алардын кызгылт-күрөң тарткан терилери,



түстүү жип менен байланган жалдай болгон чачтары жана баштарына сайылган куштун канаттары дирилдеп, даана көрүнүп турду. Индеецтердин жүзү Чарльз бир курдай Керолайнга оймолоп кызгылт-күрөң жыгачтан чаап берген асма шамдын түсүнө окшош болчу.

– Мен бул чыйыр жол көптөн бери бут баспаган, эски жол экен деп ойлогом. Эгер бул чоң жол экенин билгенимде үйдү бул жерге мынча жакын салбайт элем,– деди атасы.

Джек индеецтерди абдан жаман көрчү. Апасынын айтымы боюнча анысы үчүн Джекти айыптоого болбойт эле.

– Чындыгында эле бул аймакта индеецтер абдан көбөйүп кеткендиктен, күнүгө жок эле дегенде бир индеецти көрөм, – деди апасы.

Айтып оозун жыйганча эшиктин оозунда өздөрүн тиктеп турган индеецти көрдү. Алар жада калса анын басып кирген дабышын да угушкан жок.

– О, Кудай! – деп апасы оозун ачып калды.

Джек унчукпастан индеецти көздөй секирди. Атасы аны шап кармап калды. Индеец эч нерсе болбогондой, Джекти сезбеген немедей, бир ордунан козголбой турду.

– Кандай? – деди ал Чарльзге.

Атасы Джекти кармаган бойдон ал да: «Кандай?» – деп жооп берди. Джекти сүйрөп барып, керебеттин бутуна байлап койду. Индеец келип, оттун жанына тизелеп отурду. Атасы да анын жанына досторчо тизелеп отуруп, апасы тамак бышыргыча экөө сүйлөшкөн жок.

Лора менен Мэри керебеттин бурчунда тыгылышып отурушту. Алар индеецтен көзүн ала албай коюшту. Индеец ордунан козголбой отургандыктан, анын башында сайылган бүркүттүн канаты кыймылдап да койгон жок. Анын жылаңач төшү менен кабыргаларынын алды гана дем алганда бир аз кыймылдап коёт. Ал кайыштан тигилип, кыюу салынган чыптама, кыска шым жана шуру түшүрүлгөн жалпак бут кийим кийип алыптыр.

Апасы индеец менен Чарльзга эки темир табакка тамак алып келип, унчукпастан алдыларына койду. Анан атасы индеецке тамеки берди. Алар канжага тамеки салып, оттун ичиндеги чоктон алып күйгүзүштү да, унчук-

пастан тартып бүтүштү. Ошол убакыт бою эч кимиси үн катпады. Бир аздан соң индеец атасына бир нерсе дегендей болду. Атасы башын чайкап:

– Жок, сүйлөй албайт, – деди.

Бир топко чейин баары унчукпай отурушту. Бир аздан соң индеец ордунан туруп, унчукпастан сыртка жөнөдү.

– О, ырайымдуу Кудай, өзүң сактайгөр! – деди апасы демин сыртка чыгарып.

Лора менен Мэри терезе жакка чуркап барышып, индеецтердин пони минип кетип бара жатканын аркасынан көрүп калышты. Индеец мылтыгын тизесине коюп, эки учу капталынан чыгып бара жатты.

Атасы индеецтер оңой адамдар эмес экенин айтты. Ал анын Осейдж экенин көкүлүнөн тааныды.

– Менин божомолум туура болбой калды. Ал француз тилинде сүйлөп жатыптыр. Сөздөрүнөн эстеп калсам болмок экен, – деди атасы.

– Индеецтер өзү менен өзү болсун, биз дагы өзүбүз менен өзүбүз эле болгонубуз жакшы. Мага ары жак, бери жагыбыздын баары индеецтер болгону жаккан жок, – деди апасы.

Атасы анын кабатыр болбоосун өтүндү.

– Жанагы келген индеецтердин ылымы ысык экен. Алар жашаган жардын арасындагы жер да абдан тынч. Эгер биз аларга жакшы мамиле жасап, Джекти карап турсак эле эч кандай көйгөй чыкпайт деп ойлойм.

Эртеси күнү эртең менен атасы атканага барганы үйдүн эшигин ачаары менен Лора индеецтер өткөн чыйыр жолдо турган Джекти көрдү. Ал жүнүн үрпөйтүп, тиштерин ырсыйтып, ырылдап туруптур. Анын маңдайында чыйыр жолдо пони минген узун бойлуу индеец турду. Индеец менен пони да козголбой турушту. Джек алар кыймылдаса эле басып жыгылчудай көрүндү. Индеецтин башындагы бүркүттүн канаттары шамалга гана желбиреп турганы болбосо, бардыгы катып калгандай кыймылсыз.

Ал индеец киши Чарльзды көрөрү менен мылтыгын алып, Джекти мээледи. Лора эшикти көздөй чуркады, андан атасы ашып жөнөдү. Жетип барып Джек менен мылтыктын ортосуна тура калды. Анан Джекти каргысынан кармап, тартып калды. Жолду бошотору менен индеец атын бастырып жөнөдү. Ал алыстап кеткенче Чарльз буттарын керген бойдон колдорун чөнтөгүнө салып карап турду.

– Аз жерден балээге кала жаздадык! Бул

жер анын жолу! Бул жол биз келгенче эле индеецтерге тиешелүү болчу, – деди атасы.

Ал үйдүн керегеси болгон устунга темирди бекитип, Джекти чынжыр менен ошол жерге байлап койду. Ошондон кийин Джек дайыма байланып турчу болду. Ал күндүзү үйдө, түн-күсүн атканaнын эшигинде байланат. Анткени, ал аймакта мал уурулар пайда болгон эле. Алар жакында эле Эдвардс мырзанын атын уурдап кетишкен болчу.

Ит байланып турганга улам барган сайын буулугуп, заардуу болуп бара жатты. Джек бул жол Чарльзка тиешелүү деп ойлогондуктан, ал жактан индеецтердин өтүшүнө жол бергиси келбейт. Лора эгер Джек индеецти каап алса, анда эле булар чоң балээге кала тургандыктарын жакшы түшүнөт.



Кыш кылычын сунуп келе жатты. Күңүрт асмандын астында, чөптөр да күңүрт тартып турду. Шамал бир нерсе издеп жүргөндөй жортот. Жапайы жаныбарлар кышкы тондорун кийишери менен атасы өзөндүн ылдый жагына капкан салып келди. Ал күнүгө аңчылыкка чыгып, капкандарды карап келет. Түнкүсүн аба суук тарткандан кийин атасы бир күнү бугу атып келди. Ал эми карышкыр, түлкүлөрдү териси үчүн атып, капканга кемчет, ондатра жана күсөндөрдү кармап келип жатты. Ал терилерди сыртка алып барып керип, кургаганча мык менен тыкан кагып коёт. Кечкисин аларды ийлеп, бурчтагы терилерге кошот. Ал үймөк күндөн күнгө чоңоюп барат. Лорага түлкүнүн кызыл, калың терисин, кемчеттин күрөң, жумшак, карышкырдын сапсайган терилерин сылаган жакчу. Ага баарынан жибектей жумшак күсөндүн териси жакчу. Атасы ал терилерди жазында Индепенденске алып барып, соодалаганга чогултуп жаткан. Лора менен Мэринин баш кийимдери коёндун терисинен, ал эми атасыныкы ондатрадан тигилген.

Бир күнү атасы аңчылыкта жүргөндө үйгө эки индеец келет. Джек байланып тургандыктан, алар түз эле үйгө киришет. Алардын үс-

тү-башы кир, түрлөрү үтүрөйүп жүдөө болчу. Алар өздөрүн өз үйүндө жүргөндөй сезишти. Бирөө Керолайндын идиш койгон үкөгүн оодарып, жүгөрү нандын бардыгын, бири Чарльздын тамекисиң баштыгы менен алып кетишти. Анан мылтыгы илинип турчу жыгач мыкты карашып, бирөө үйүлүп турган терилерди көтөрүп жөнөдү.



Апасы кичинекей Кэррини колунан кармап, Мэри менен Лораны жанына жакын коюп, атасы чогултуп койгон баалуу терилерди индеецтер алып кетип бара жатканын карап турушту. Алар индеецтерди токтотуу үчүн эч нерсе кыла алмак эмес. Бири терилерди эшиктин оозуна чейин көтөрүп барды да, беркиси тигиге бир нерсе дегендей болду. Анан алар бири-бирине катуу үн чыгарып сүйлөшүп, терилерди таштап салып кетип калышты.

Алар кеткенден кийин апасы шалдайып отуруп калды. Ал Мэри менен Лораны бооруна бекем кысканда, Лора апасынын жүрөгүнүн катуу дүкүлдөгөнүн сезип турду.

– Дагы жакшы, соко менен үрөндү алып кетпегендерине шүгүр, – деди апасы жылмайып. Лора таң калып:

– Кайсы соко? – деп сурады.

– Соко менен келерки жазда эге турган үрөн оролгон терилердин арасында болчу,– деди апасы.

Атасы үйгө келгенде алар индеецтер тууралуу айтып берип жатышканда, ал ойлонуп, бардыгын талдап укту. Анан ал эң негизгиси аягы жакшылык менен бүткөн нерсе жакшы болорун айтты.

Ошол күнү кечинде Мэри менен Лора тө-

шөктө жатканда атасы кыл кыягын ойноп берди. Апасы болсо отургучта кичинекей Кэррини көкүрөгүнө кысып, термелип, кыл кыякты коштоп, акырын ырдап баштады:

*«Индеец кыз Альфаратта эркин өскөн,*
*Карагат көздөрүнөн нурун төккөн.*
*Кайда агат Жаниатанын кашка суусу,*
*Күндүз күн, түндө айдын нурун өпкөн...*
*А менин майтарылбас жебелерим,*
*Сүрөткө элес болуп калды чөккөн.*
*Кайыгым сүзүп барат алдастаган,*
*Дайранын шары менен аккан өктөм.*

*Жаш жоокер ак сүйүүсүн тартуулаган,*
*Айныбас Альфаратта махабаттан.*
*Сүйүүгө күбө болгон суу жээгинен,*
*Сүйүүнүн дарагынан алма алган.*
*Эр жоокер адагенде сүйлөп назик,*
*Андан соң чакырыгы аба жарган.*
*Чагылган болуп анын ураан үнү,*
*Асмандан сан миң жолу кайталанган.*

*Ырдады ушул ырды Альфаратта,*
*Супсулуу индеец кызы кайра-кайра.*
*Ыр тыңшап агып жатты алдас уруп,*
*Көк кашка суусу тунук Жаниата.*

*Убакыт менен кошо учуп кетти,*
*Ырлары сулуу кыздын алыс жакка.*
*Тынбастан уч-кыйырсыз талаа кезип,*
*Дагы эле агып жатат Жаниата».*

Апасынын үнү менен кыл кыяктын дабышы коштоло учуп барып караңгыга сиңип кетип жаткандай туюлду. Анан Лора апасынан:

– Альфаратанын үнү каяка кетти, апаке? – деп сурады.

– О, Кудайым ай! Сен дагы эле уктай элексиңби?

– Мен азыр уктайм, апа. Алфаратанын үнү каяка кетти? – деди Лора кайра.

– Менин оюмча ал бардык индеецтер сыяктуу эле батыш тарапка кетти, – деп апасы жооп берди.

– Алар эмнеге андай кылышты? Эмнеге батышты көздөй кетишти? – деп Лора дагы сурады.

– Айласы жоктон, – деп апасы жооп берди.

– Эмнеге айласы жоктон?

– Анткени, аларды өкмөт ошентип жатат. Эми уктагыла, – деди апасы.

Атасы дагы бир азга кыл кыягын черткенден кийин Лора кайрадан суроо узатты : – Атаке, бир эле суроо сурап алсам болобу?

– Болобу дейсиңби? – деди апасы.

– Атаке, болобу? – деди кайрадан Лора.

– Бул сөздү бөлүп эмне кылганыңар? – деди атасы.

Анткени кичинекей кыздардын сөздү бөлгөнү жакшы эмес болчу, бирок атасына боло берет.

– Өкмөт индеецтерди батыш тарапка сүрүп баштайбы?

– Ооба. Бул өлкөгө актар отурукташканы келген соң, индеецтер бул жерден чыгып кетиши керек. Өкмөт буларды алысыраак, батыш тарапка көчүргөнү жатат. Ошондуктан биз бул жерди жердеп отурабыз. Бул өлкөгө жалаң ак адамдар келип отурукташат, ал эми биз биринчилерден болуп келген үчүн жакшы жерин ээлеп алдык. Эми түшүнүктүү болдубу? – деди атасы.

– Ооба, атаке! Бирок мен бул индеецтердин аймагы го деп ойлогом. Бул жерден кууса алардын кыжыры келбейби…

– Лора, болду, суроонду токтотуп укта, – деп атасы үнүн сүрдүү чыгарып айтты.



# Эдвардс мырзанын Санта Клаус менен жолугушу

Күндөр кыскарып, суук тарта баштады. Катуу шамал согуп, бирок бир дагы кар жааган жок. Күнүгө жаан көз ачырбай, чатырды ургулап, кырларынан суу куюлуп жаап жатты.

Мэри менен Лора сыртта жааган жаандын дабышын тыңшап, оттун жанына жакын отуруп алышып, тогуз курак төшөк тигип же тыш арооч кагаздан куурчак жасап ойноп отурушту. Түнкүсүн абдан суук болгондуктан, алар күнү-



гө эртең менен кар жаайт деп күтүштү. Тилекке каршы, эртең мененкисин кыроодон башка эч нерсе көрө алышкан жок. Алар мурдуларын терезенин айнегине такап алып,сырттты карaганга кубанып турушту. Бирок алар карды көргөнгө аябай куштар эле.

Жаңы Жылга жакын калгандыктан, Лора оюнда Санта Клаус менен чанага чегилген түндүк бугулары кар жок болсо буларга келе албай калат деп кабатырланып жатты. Мэри болсо кар жааган күнү деле Санта Клаус аларды мынчалык алыс жердеги индеецтердин аймагынан таппай калат деп түпөйүл болуп жүргөн. Алар ал тууралуу апасынан сурашканында билбейм деп койгон.

– Бүгүн канчасы? Жаңы Жылга дагы канча күн калды? – деп кыздар абдан тынчсызданып сурап жатышты. Анан алар манжаларын жумуп санаганда бир эле күн калганы белгилүү болду.

Ал күнү дагы эле жаан жаап жатты. Асман бопбоз болуп, ачыла турган түрү жоктой сезилди. Алар Жаңы Жылды тосоорунан күмөн болуп турушту. Бирок үмүттөрүн үзүшкөн жок.

Түшкө жуук күн ачылып кетти. Булуттар жылып, алды жагынан көк асмандын учу көрүндү. Күн тийип, куштар сайрап, чөптүн үстүнөн жаандын миңдеген тамчылары күнгө чагылышып,сан миң мончоктой жылт-жулт этет.

Апасы үйдүн ичин желдетейин деп эшикти ачаары менен өзөндүн албууттанып, шарпылдап аккан дабышын угушту.

Алар өзөн жактан бирөө-жарым келет деп ойлоруна да келген жок. Эми алар Жаңы Жыл болбой турганына көздөрү жетип турду, анткени, Санта Клаус өзөндөн бери өтө албайт болчу.

Атасы сырттан чоң, семиз үндүк алып кирди. Ал жыйырма фунттан кем чыкса, анын эч нерсесин калтырбай, канаттары менен кошо жеп бере тургандыгын айтты.

Ал Лораны карап:

– Жаңы Жылда бышырсак кандай болот? Бир бутун жей аласыңбы? – деп сурады.

Лора жей ала тургандыгын айтты. Мэри болсо атасынан өзөндүн суусу тартылып калдыбы деп сурады. Атасы суу тескерисинче кирип жатканын айтты. Апасы болсо Эдвардс мыр-

занын кантип жалгыз тамак бышырып, Жаңы Жыл тосоорун, ага жалгыз жаман экенин ойлоп жаткан. Ал Жаңы Жылды алар менен чогуу тосууну суранган, бирок Чарльз башын чайкап, өзөндөн өтөм деп өмүрүн тобокелге салып жатканын эскерткен.

– Жок. Бул өтө опурталдуу. Биз ойлонуп көрүп, Эдвардс мырза эртең келбей эле койсун деп чечтик, – деди атасы.Атасынын бул айтканы Санта Клаус келе албайт дегендик болчу.

Лора менен Мэри ага көп кабатырланбаганга аракеттеништи. Алар апасынын чоң, семиз үндүктүн жүнүн жулганын карап отурушту. Апасынын айтымы боюнча, бул кичинекей кыздардын жолу ачык экен.Чындыгында эле ошондой болчу, анткени, азыр алардын жакшынакай жашаган үйү, коломтодо жылына турган оту, Жаңы Жылда бышырганга мындай үндүгүнөн бери бар. Бир гана жаман жери бул жылы Санта Клаустун келбей калганы болду. Бирок булар аябай жакшы кыздар болгондуктан, Санта Клаус аларды эсинен чыгарбай, кийинки жылы сөзсүз келет болушу керек. Кыздардын ичи түпөйүл болуп турду.

Кечки тамактан кийин,алар бети-колун жууп, түнкү көйнөктөрүн кийип, топуларынын боосун байлап, келме келтиришти. Анан

керебетине чыгып жатышып, жууркандарын жамынышты. Аларга Жаңы Жылдын келгени таптакыр сезилген жок.

Атасы менен апасы оттун жанында унчукпай отурушту. Бир аздан кийин апасы эмне үчүн атасы кыл кыяк ойнобогонун сураганда ал:

– Керолайн, чынын айтсам көңүлүм келген жок, – деп жооп берди.

Бир топ убакыт өткөндөн кийин апасы ордунан ыргып туруп:

– Кыздар, мен силердин байпактарыңарды илип коёюнчу, мүмкүн бир керемет болуп кетер,– деди.

Лоранын жүрөгү болк дей түштү. Бирок анын эсине кайрадан өзөн түшүп, эч кандай керемет болбой турганына ишенди.

Апасы Лора менен Мэринин бирден таза байпактарын алып, текчеге, мештин эки капталына илип койду. Лора менен Мэри төшөктүн этегинен карап жатышты.

– Кана эмесе, уктагыла. Уктап калсаңар таң тезирээк атат,– деп апасы беттеринен өөп, түндөрү бейпил болуп, жакшы түш көрүүсүн каалады.

Апасы кайра барып мештин жанына отурду, Лора болсо уйкуга кетти. Бир маалда капыстан ойгонуп кетип, атасынын:

– Сен андан бетер жаман кылдың, Керо-

лайн, – дегенде, апасынын:

– Жок, Чарльз! Мен ал жакка шекерден салып койдум, – дегенин угуп, түш көрүп жатам го деп ойлоду.

Бир маалда алар Джектин ырылдаганын угушту. Эшиктин илгичи тартылып, бирөөнүн:

– Инголлс! Инголлс! – деген үнү угулду.

Атасы отту тутандырып жаткан, анан барып эшикти ачканда, Лора агарып таң атып келе жатканын байкады.

– О, сен кайдан, Эдвардс! Кел, досум! Эмне болду? Тынччылыкпы? – деп бакылдады атасы.

Лора илинип турган байпактардын бир жагына ооп калганын байкады. Ача албай жаткан көздөрүн жаздыкка сүрттү.Атасынын отко жыгач салып,ал эми Эдвардс мырза кийимдерин төбөсүнө байлап алып, өзөндөн сүзүп өткөнүн



айтып бергенин укту. Анын тиши-тишине тийбей калчылдап, үнү калтырап чыгып жатты. Ал бир аз жылынса эле өзүнө келерин айтты.

– Сен абдан чоң тобокелчиликке барыптырсың, Эдвардс. Биз сенин келгениңе абдан кубанычтуубуз. Жаңы Жыл тосууга келүү үчүн минтип тобокелге баруу бул эрдик, – деди атасы.

– Силердин кичинекейлериңер Жаңы Жыл өткөзүшү керек да. Индепенденстен аларга белек алган соң, мени бир дагы өзөндүн суусу токтото алган жок.

Лора керебеттин үстүнө отуруп алып:

– Сиз Санта Клаусту көрдүңүзбү? – деп кыйкырып жиберди.

– Албетте, – деп Эдвардс мырза жооп берди.

– Каяктан? Качан? Ал кандай экен? Ал эмне деди? Чын эле ал бизге белек берип жибердиби? – деп Мэри менен Лора жарыша кыйкырып жатышты.

– Бир мүнөт күтө тургулачы! – деди Эдвардс мырза күлүп.

Апасы болсо Санта Клаус каалагандай байпактарга белектерин сала турганын, бирок алар карабай туруулары керек экенин айтты.

Эдвардс мырза алардын керебетинин жанына келип, жер тактайга отуруп, алардын берген

ар бир суроосуна жооп берип жатты. Алар сөз бергениндей апасы тарапты карабаганга аракеттеништи. Андыктан, ал жакта апасы эмне кылып жатканын көрүшкөн деле жок.

Эдвардс мырза суунун кирип жатканын көргөндө, Санта Клаус андан өтө албай тургандыгын түшүнгөнүн айтты.

– Бирок сиз өттүңүз го, – деди Лора.

– Ооба. Бирок Санта Клаус абдан карыган жана толук да. Ал суудан сүзүп өтө алмак эмес. Өзөндөн мага окшогон узун, арык, курч мүнөздүү гана адам өтө алат,– деди.

Анан дагы Эдвардс мырза эгерде Санта Клаус өзөндөн өтө албаса, Индепенденстен алыс кетпейт болчу. Ал талаа менен кырк чакырым жол жүрүп отуруп, кайра артка кетмек беле деп түшүндүрдү. Ошентип, Эдвардс мырза Индепенденске жөнөгөн.

– Жамгырдабы?– деп Мэри сураганда Эдвардс мырза резина күрмөсүн кийип алып, Индепенденстеги бир көчөнү бойлоп бара жатып, Санта Клаусту жолуктурганын айтты.

– Күндүз беле? – деп сурады Лора. Ал Санта Клаусту күндүзү эч ким көрө албайт деп ойлоочу. Эдвардс мырза аны караңгыда көргөнүн, ал убакта көчө туш тараптан келген жарыктан бардыгы даана көрүнүп турганын, анан Санта

Клаус жолукканда эле: «Салам, Эдвардс!», – дегенин айтты.

– Сиз мурда аны таанычу белеңиз? – деп Мэри сурады.

Лора болсо:

– Анын Санта Клаус экенин сиз кантип билдиңиз? – деп суроо узатты.

Эдвардс мырза Санта Клаус элдин бардыгын таанырын, өзү болсо Санта Клаустун сакалынан тааныганын айтты. Анын сакалы Миссисипиде жашагандардыкынан узун, калың жана кардай аппак экендиги менен айырмаланат деп түшүндүрдү.

Ошентип, Санта Клаус:

– Салам, Эдвардс! Өткөндө көргөнүмдө сен Теннессиде жүгөрүнүн кабыгы төшөлгөн төшөктө уктап жаткансың, – деди деп Эдвардс мырза Лора менен Мэриге баянын улантты. Ошондо Санта Клаус белекке таштап кеткен түйүлгөн кичинекей кызыл мээлей дагы эле анын эсинде экенин айтты.

Анан Санта Клаус:

– Менин түшүнгөнүм боюнча азыр сен Вердигрис дарыясынын ылдый жагында жашайсың. Тээтиги жакта жашаган эки кичинекей Мэри жана Лора деген кыздарды тааныбайсыңбы? – деп сурады.

– Албетте, мен аларды тааныйм,– деп Эдвардс мырза жооп бериптир.

– Алар менин оюмдан кетпей жатышат. Экөө тең жакшы, татынакай, кичинекей кыздар. Менин билишимче алар мени күтүп жатышса керек. Мен алардын көңүлүн ооруткум келбей турат. Бирок мен өзөндөн өтө албайт көрүнөм. Азыр аларга жете албай калат окшойм, Эдвардс. Кичи пейилдикке менин белектеримди аларга берип коё аласыңбы? – деди Санта Клаус.



– Макул. Мен аны аткарууга даярмын, – деп Эдвардс мырза ага айтат.

Санта Клаус менен Эдвардс мырза экөө көчөнү карай басышса, ары жакта толтура таңгактар артылган качыр байланып турган болот.

– Ал түндүк бугусу эмеспи? – деп Лора сурады.

– Жок, ал түндүк бугусу менен келе албайт. Анткени, кар жокто ал жүрө албайт да,– деди Мэри.

– Туура айтасың,– деп Эдвардс мырза Мэринин оюн тастыктады. Санта Клаус таңгактар артылган качыры менен биз тарапка келиптир.

Санта Клаус таңгактардын арасынан Мэри менен Лоранын белектерин сууруп чыкты.

– Ай-ий, ал эмне белек болду экен? – деп Лора кыйкырып жиберди.

– Анан ал эмне кылды? – деп сурады Мэри.

Анан ал Эдвардс мырза менен кол алышып коштошуп, качырына минип жөнөп кетти. Ал өзүнүн чоң көлөмүнө карабай атка шамдагай минчү. Ал узун, аппак сакалын кайрып туруп, моюн орогучунун алдына кийирип алчу.

– Жакшы калыңыз, Эдвардс мырза – деди да Форт-Додждун жолу менен ышкырып обон салып кетип калды...

Мэри менен Лора бир азга унчукпай, ойло-

нуп туруп калышты. Анан апасы:

– Кыздар, эми белектерди көрө берсеңер болот, – деди.

Лоранын байпагынын түбүнөн бир нерсе жылтырап көрүндү. Ал сүйүнгөнүнөн кыйкырып, керебеттен ыргып турду. Мэри да сүйүндү, бирок аны жүгүрүп келе жатып Лора мешке жапшыра түртүп кетти. Жалтыраган нерсе жаңы темир чөйчөк экен. Мэринин дал ушундай чөйчөгү бар болчу. Эми ар ким тамакты өз чөйчөгүнө иче ала турган болушту. Лора ары-бери секирип, кыйкырып, күлүп жатты. Ал эми Мэри, тескерисинче, томсоруп, көздөрүн жайнатып, өзүнүн чөйчөгүн карап турду.

Алар байпактарга кайра колдорун сойлотушту. Анан эки узун, мурч менен жалбыз татымдуу, кызыл-ак тилкелери бар момпосуй алып чыгышты. Лора чыдабай, тили менен Мэринин



момпосуюн жалап жиберди. Мэринин ичи тар эмес болчу, ал Лорага атаандашкан да, аныкына тийген да жок.

Байпактар дагы эле бошой элек болчу. Мэри менен Лора дагы эки кичинекей баштыкты сууруп чыгышты. Алар баштыктын оозун ачышып, дагы эки кичинекей жүрөкчө пирожное алып чыгышты. Алардын үстүнө ак шекердин уну себилип, карга окшоп турду. Аппак ундан жасалып, ак шекер кошулган. Лора менен Мэриге ушул белектер эле жетиштүү болгондуктан, байпактарды башка оодарышкан да жок. Алар кубанганынан сүйлөшкөн да жок. Апасы байпактарда башка эч нерсе калбаганын текшерүүнү айтканда, алар байпакка колдорун сойлотуп жиберип текшеришти. Байпактардын ар бир манжасында бирден пенни салынган болчу. Пеннилүү болуш алардын түшүнө да кирген эмес, мынча белекти күтүшкөн да эмес.

Бул Жаңы Жыл ушундай күтүүсүз болуп өттү.

Эми албетте, алар чоң ыраазычылыкты Индепенденстен бери бул белектердин баарын көтөрүп келген Эдвардс мырзага айтышары керек болчу. Бирок алар Эдвардс мырзаны, ал тургай Санта Клаустун өзүн да унутуп коюшту. Апасы аларга:

– Эдвардс мырзага рахматыңарды айтканы жатасыңарбы? – деп сурады.

– Эдвардс мырза, сизге чоң рахмат! Рахмат! – деп алар чын жүрөктөн ыраазычылыктарын алмак-салмак айтып жатышты. Атасы Эдвардс мырзанын колун кысып, рахматын айтты. Атасы менен апасы Эдвардс мырзага ушунчалык ыраазы болгондуктан, көздөрүнө жаш алып турушту. Лора алар эмнеге антип жатканына түшүнгөн жок. Ал кайрадан өзүнүн белектерин карап баштады.

Апасы башын көтөрүп, таң калып калды. Анткени, Эдвардс мырза чөнтөгүнөн таттуу картөшкөлөрдү алып чыкты. Өзөндөн сүзүп өткөндө тең салмагын сактоо үчүн картөшкөдөн салып алган. Ал Жаңы Жылда үндүк менен кошо жегенге жарап калат деп ойлогонун айтты.

Анын чөнтөгүндө тогуз картөшкө бар эле. Эдвардс мырза аларды шаардан алып келген. Атасы анын мынча көп нерсе алып, убара болгонун айтты.

– Абдан көп болуп кетти го, Эдвардс мырза. Биз сага рахматыбызды айтып бүтө албайт окшойбуз.

Мэри менен Лора эртең мененки тамагын ичип жатканда абдан толкунданып турушту.

Алар сүттү жалтыраган жапжаңы чөйчөктөргө ичишти. Бирок жүрөктөрүнө коёндун эти менен жүгөрү ботко барбай турду.

– Аларды кыйнабай эле кой, Чарльз. Бир аздан кийин түшкү тамагын ичишет, – деди апасы.

Түштө дасторконго жумшак, ширелүү, мешке бышкан үндүк, жанына чокко бышкан картөшкө коюлду. Ал кабыгы менен кошо жей тургандай болуп, сырты таза жуулган болчу. Анан акыркы ак ундан жасалган нан турду.

Тамактан кийин дасторконго кургатылган бүлдүркөн жана кичинекей пирожныйлар коюлду. Ал пирожныйлар жалаң күрөң шекер менен жасалып, үстүнө ак шекер уну себилген эмес эле.

Андан кийин атасы, апасы жана Эдвардс мырза оттун жанына отуруп алып, Теннессиде жана Чоң Токойлордо өткөргөн Жаңы Жылдары тууралуу сүйлөшүп жатышты. Ал эми Мэри менен Лора пирожныйларына суктанып, тыйындары менен ойноп, жаңы чөйчөктөрүнөн улам суу ичип жүрүштү. Анан учтуу момпосуйларын соруштту.

Бул Жаңы Жыл алар үчүн эң эле шаңдуусу болуп калды.



# Түн жарымындагы ачуу кыйкырык

Кыска жана кунарсыз күндөр өтүп жатты. Түнкүсүн абдан эле суук болуп, ай отуруп калгандан кийин көзгө сайса көрүнгүс караңгы түштү. Кичинкей үйдүн үстүндө булуттар салаңдап,талаанын үстүн бүтүндөй каптап турду. Жаан жаап, кээде бороон аралаш кар түшүп,жапырылган чөптүн үстүн агартып коёт. Анан эртеси күнү эле өмүрүндө кар болбогондой заматта эрип кетип жатты.

Атасы күнүгө аңчылыкка чыгат. Жылуу үйдө Мэри менен Лора апасына үй иштерин бүтүргөнгө жардам берип, аларды бүткөндөн кийин төшөк курашат. Экөө алакандарын

чаап, жашынмак ойноп жатышты. Анан дагы колдоруна жип байлап алышып,аны ар кандай түргө келтирип, бири-биринен манжалары менен өткөзүп алып ойношот. Алар мындан бөлөк "Ысык буурчак менен сулу ботко" дегенди ойношту. Анда алар бири-бири менен беттешип туруп алып, бири-биринин алакандарын чапкылашып, кайра карама-каршы колдорун чапкылашып, ошол эле учурда ыр айтышат:

*«Сулу ботко, ысык ботко,*
*Сулу ботко, муздак ботко.*
*Тогуз күндөн бери турат,*
*Коюш керек аны отко.*

*Кээ бирөөлөр ысык жешет,*
*Кээ бирөөлөр муздак жешет.*
*Казандан да жегендер бар,*
*Тогуз күнү мурда бышкан,*
*Боткону жейм дегендер бар.*

*Мен аны ысытып жейм,*
*Мен аны муздатып жейм.*
*Мен аны казандан жейм.*
*Тогуз жолу түнөгөн*
*Боткону тез бергин дейм!»,* – деп айтышчу.

Ал чындыгында эле ошондой болчу. Кечки тамакка атасы үшүп, аңчылыктан келгенде бир аз туздалган чочконун эти менен коюу, төө буурчак кошулган сулу ботко жегенден өткөн эч нерсе жок эле.

Лорага ботко муздак боюнча да, ысык боюнча да жеген жакчу жана аны канча берсе деле жей берчү. Бирок ал эч качан тогуз күн болгончо турчу эмес, алар ага жеткизбей эле жеп салышчу.

Шамал тынбай ырылдап, улуп, ызылдап согуп жатты. Алар шамалдын дабышына көнүп деле бүткөндөй болду. Анткени, алар күнүтүнү уга берип, уктап жатканда да көнүмүш менен шамал согуп жатканын сезишчү.

Бирок бир күнү түн жарымында ачуу бир чаңырыктан чочуп ойгонушту. Атасы төшөктөн ыргып турду, ал эми апасы:

– Чарльз, бул эмне? – деп сурады.

– Чаңырык аялдын кыйкырыгына окшоп кетти. Скоттор жактан угулгандай болду,– деп шашып кийинип кирди.

– Өх, эмне болуп кетти экен! – деп тынчсызданды.

Атасы өтүгүн жерди чирене тээп туруп, кончунан тартып кийди.

– Скотт ооруп калган жок болду бекен? –

деди ал берки бутун кийип жатып.

– Анын бетин ары кылсын. Сен эмне деп ойлоп жатасың? – деп апасы сурады.

– Эч нерсе.. Ал жардын арасындагы жер тынч. Алар андай балээ баштабайт,– деди атасы.

Лора керебеттен түшүп келе жатканда апасы: «Лора, тынч жат!» дегенде ал кайра барып ордуна жатып калды.

Атасы жылуу, ачык түстөгү чакмак күрмөсүн, тери тумагын кийип, жылуу моюн орогучун тагынды. Ал шам чырагын жандырып, мылтыгын алып, сыртты көздөй шашып жөнөдү.

Эшикти ачканда Лора сыртта али караңгы экенин көрдү. Эшикте көзгө сайса көрүнгүс караңгы болчу. Асманда жылтылдаган бир да жылдыз жок. Лора мынчалык караңгы түндү көргөн эмес.

– Апаке? – деди ал.

– Эмне болду, Лора?

– Эмнеден мынча караңгы болот?

– Катуу бороон болгону жатат, – деп апасы жооп берди. Ал илгичти илип, отко жыгачтан салып койду да, ордуна барып жатып алды.

– Мэри, Лора, уктагыла! – деди ал.

Бирок апасы өзү уктай алган жок. Мэри

менен Лора да уктабай жатышты. Алар көздөрүн чекчейтип, сыртты тыңшап жатышты. Бирок аларга шамалдан башка эч кандай дабыш угулган жок.

Мэри башын жуурканга катып, Лорага акырын шыбырады:

– Мен атамды тезирээк келсе экен деп жатам.

Лора башын ийкеп, бирок үн каткан жок. Ал атасынын жардын башына чыгып, Скотт мырзанын үйүнө бара жатканын элестетти. Шамдын жарыгы чырактын тешиктеринен түшүп турду. Бүлбүл жарык караңгыда улам жоголуп кетип жатты.

Бир топтон кийин Лора акырын:

– Бул түн «өзгөчө» болушу керек, – деп шыбырады. Мэри аны колдоп, башын ийкеди.



Алар жатып алып, көпкө чейин сырттагы шамалдын дабышын тыңшап жатышты. Бирок атасы дагы эле келген жок.

Бир маалда алар шамалдын дабышына аралаш жанагы ачуу кыйкырыкты кайрадан угушту. Ал үйгө жакын жерден чыкты. Лора үн менен кошо чаңырып, төшөктөн ыргып турду. Мэри төшөктүн астына кирип кетти. Апасы да туруп, шашып-бушуп кийинип жатты, ал отко дагы жыгачтан салып, Лораны ордуна жат деди. Бирок Лора төшөккө жатпай эле коюуну суранды.

– Анда жоолукка оронуп алгын, – деди апасы.

Алар оттун жанына келип, сыртты тыңшап турушту. Аларга кайрадан шамалдан башка эч нерсе угулган жок. Капыстан каалганы тарсылдатып кагып:

– Ачкылачы! Бол, тезирээк, Керолайн! – деп кыйкырды.

Апасы эшикти ачаары менен атасы каалганы тарс жаап кирди. Ал абдан демигип алыптыр. Киргенден кийин тумагын көзүнөн түртүп:

– Өх! Жүрөгүм түшүп калды,– деди.

– Эмне болду, Чарльз? – деди апасы чочулап.

– Илбирс! – деди атасы энтигип.

Ал жанынын бардыгынча Скотт мырзанын үйүн көздөй чуркап бара жаткан. Ал жеткенде алардын үйү караңгы, тыптынч экен. Атасы шам чыракты көтөрүп алып, үйдү тегеренип, тыңшап карайт. Шектене турган эч нерсе көрө албайт. Ал ошол жерден өзүнүн акылсыздыгын сезди. Анткени, түн ортосунда туруп, эки миль жол басып келип, шамалдын ызылдаганынан башка эч нерсе укпай кайра кеткенине жини келди.



Ал Скоттордун тынчын алгысы келген жок. Муздак бороон согуп, ал үйгө жеткенге шашып келе жаткан. Анан дал жардын кырына жеткенде алиги ачуу чаңырык бутунун алдынан чыккандай болду.

– Ишенесиңерби, корккондон төбө чачым тик турду, корккон коёнго окшоп, үйгө бутумбутума тийбей чуркап келдим, – деп Лорага айтып берди.

– Атаке, илбирс каякта экен? – деп ал атасынан сурады.

– Бактын башында. Жардын маңдай тарабындагы чоң теректин башында,– деди атасы.

– Атаке, ал сиздин артыңыздан келген жокпу? – деп сурады Лора.

– Билбейм, Лора, – деди атасы.

– О, Кудай, аман-эсен келгениң жакшы болбодубу, Чарльз,– деди апасы.

– Ооба, мен да ошого сүйүнүп жатам, илбирстерди кезиктиргенге мындай түндөр абдан эле караңгы,– деди атасы. Анан:– Лора, менин өтүк чечкичим кайда? – деп сурады.

Лора аны атасына алып келип берди. Ал бир учунда оюгу бар, ортосунда туурасынан кеткен баскычы бар эмен жыгачы эле. Атасы ага бир буттап туруп, экинчи бутун оюкка салганда,өтүктүн такасы ага шыкалып калчу да чечкенге

оңой болчу. Анан экинчи бутун да так ошентип чечип алчу. Өтүк тырышып турса да, анын жардамы менен оңой эле чечилчү.

Лора атасын карап туруп:

– Атаке, илбирс кичинекей кыздарды уурдап кетпейби? – деп сурады.

Атасы:

– Ооба, ал эмес жеп да коёт. Мен аны атканча, Мэри экөөңөр үйдөн чыкпай турушуңар керек. Таң атары менен мен мылтыгымды алып, анын артынан аңдып баштайм, – деди.

Эртеси күнү атасы кечке илбирсти аңдып жүрдү. Анын эртеси күнү, андан кийинки күнү да илбирстин изин аңдып жүрүп, ал жеген антилопанын сөөктөрүн көрдү, бирок илбирстин өзүн эч жерден көрө албады. Ал



бактын баштарына чыгып кеткендиктен, издерин табуу кыйын болчу. Атасы аны таап, атып салмайын тынчыбай турганын айтты.

– Кичинекей кыздар сырта ойноп жүрсө, илбирстерди айланта чуркатып коюп карап тура албайм, – деди.

Бирок ал илбирсти таба албай, акыры аны аңдыганын токтотту. Бир күнү токойдон ал бир индеецке жолугуп калды. Экөө нымдуу, муздак токойдо бири-бирин тиктеп турушту. Бири-бирин түшүнүшпөй, сүйлөшө албай коюшту. Бирок ал илбирстин изин көрсөтүп, мылтыгы менен илбирсти өлтүрдүм дегендей ишаарет кылды. Ал адегенде бактын башын көрсөтүп, анан жерди көрсөтүп, аны атып түшүрдүм деп түшүндүргөнсүп жатты. Анан ал асманды, батышты жана чыгышты көрсөтүп, аны мурдагы күнү өлтүрдүм дегендей кылып билдирди.

Эми илбирстен коркунуч жок болчу.

Лора атасынан илбирс кичинекей папуастарды да жеп коё алабы деп сурады. Атасы: «Ооба», – деп жооп берди. Мүмкүн индеец дагы ошону үчүн илбирсти атып өлтүргөн чыгар.



# Индеецтер майрамы

Кыш аяктап, шамал жылымык согуп, таштай муздак илеп кайтып калды. Бир күнү атасы келип, түндүккө учуп кетип жатышкан топ жапайы каздарды көргөнүн айтты. Эми анын Индепенденске барып, терилерди өткөрүп келчү убактысы жетти. Апасы:

– Индеецтер бизге абдан жакын отурукташыптыр, – деди.

– Алардын эч зыяны жок,– деди атасы. Ал индеецтерди токойго аңчылыкка барганда бат-бат көрө турган. Алардан коркчу эч нерсе жок экенин кошумчалады.

– Жок, андай эмес, – деди апасы. Лора апасынын индеецтерден коркорун жакшы бил-

чү. – Сен барып келгениң дурус, Чарльз. Барып соко менен үрөн алып кел. Анан кайра тезирээк кайтып келсең, – деди ал.

Эртеси күнү таң ата электе атасы Пет менен Паттини арабага чегип, терилерин жүктөп, жөнөп кетти.

Лора менен Мэри кайрадан узун күндөрдү санай баштады. Бир, эки, үч, төрт күн өтсө да, атасы дагы эле кайткан жок. Бешинчи күн болгондо алардын тынчы кетип, жолду тигиле карап калышты.

Ал күнү күн тийип турган, бирок шамал келип, жаз илеби жыттанат. Асманда жапайы өрдөктөр менен каздардын үнү жаңырып турду. Алар узунунан катарга тизилип, түндүктү карай учуп бара жатышты.

Лора менен Мэри сыртта ойноп жүрүшкөн. Байкуш Джек аларды карап, улам кыңшылап коюп, чынжырга байланган неме чуркай да, ойной да албай койду. Лора менен Мэри аны сооротуулары келди, бирок ал кайрадан мурдагыдай бошонууну самады.

Атасы ал күнү эртең менен да, түштө да келген жок. Апасы болсо терилерди сатып келгенче, бир топ убакыт өтөт деп кыздарды сооротту.

Ал күнү түш ченде Лора менен Мэри секи-

рип ойноп жатышкан. Ным жерди чыбык менен чийип алышкан болчу. Мэринин көңүлү чөгүңкү эле. Анткени, сегизге чыгып, чоңоюп калган кыз минтип секирип ойногон туура эмес деп билчү. Бирок Лора бирде ага тийишип, бирде кайра суранып, эшиктен өзөндүн ылдый жагынан келе жаткан атасын дароо көрө тургандыгын айтып алаксытты. Мэри анын ою менен болуп, ал да секирип ойноду. Бир маалда ал бир буттап туруп алып:

– Бул эмне? – деп сурады.

Лора бир кызыктай дабышты угуп, тыңшап калды. Анан:

– Индеецтер, – деди.

Мэри бутун түшүрүп, катып туруп калды. Ал абдан коркуп жатты. Лора корккон жок, тескерисинче, жанагы дабышка күлкүсү келди.

Ал бир топ индеецтердин үзүлүп-үзүлүп сүйлөгөн үнү эле. Үн бир туруп балтанын тарсылдаганына, бир туруп иттин үргөнүнө, бир туруп Лора мурда укпаган ырга окшоп жатты. Дабыш жапайы болгону менен коркунучтуу эмес болчу.

Лора аны дааналап укканга аракеттенди. Бирок адыр менен бактар тосуп тургандыктан, бир жагынан шамал, экинчи жагынан

Джектин ырылдаганынан ага жакшы угулбай койду.

Апасы сыртка чыгып, бир азга тыңшап турду. Анан ал Мэри менен Лораны үйгө киргиле деп чакырды. Апасы Джекти да үйгө киргизип, эшикти илип алды.

Кыздар андан ары оюнун уланта алышкан жок. Терезеден карап, жанагы дабышты тыңшап турушту. Үйдүн ичинен ал үн анча угулбайт болчу. Аларга бир туруп угулуп, бир туруп угулбай калат. Бирок дабыш тынымсыз чыга берди.

Апасы менен Лора сырттагы чарба иштерин күндөгүдөн эртерээк бүтүрүштү. Алар Баннини, уйду музоосу менен атканага чогуу камап коюшту. Анан сүттү үйгө алып киришти. Кудуктан бир чака суу алып киргенче, Лора менен Мэри отун ташышты. Алиги дабыш дагы эле токтогон жок. Эми катуулап, тез-тез чыгып баштады. Лоранын жүрөгү дүкүлдөп чыкты. Анан алардын баары үйгө кирип, эшикти бекитип алышты. Алар үйдөн таң атканча чыгышкан жок.

Күн акырындан батып, чеке-бели кызарып турду. Күңүрт үйдүн ичине от жарык берди. Апасы кечки тамакты бышырып, Лора менен Мэри дагы эле терезени тиктеп турушту. Жер-

дин бетине көлөкө түшүп, асман ачык болсо да айлана бозомук тартып турду. Өзөн тараптан угулган дабыш күчөгөндөн күчөп, тездеп угулду. Ансайын Лоранын жүрөгү катуулап согуп жатты.

Арабаны көргөндө жүрөгү болк дей түштү. Сыртты карай чуркап,секиргени менен каалганын илгичин ача албай койду. Апасы аны тышка чыгарбайт болчу, өзү сыртка атасына баштыктарды киргизишкени жардамга чыккан.

Атасы колун толтуруп бир нерселерди көтөрүп келе жаткан. Ал эми Лора менен Мэри анын жеңинен кармап алып, бутунун үстүнө секирип ойношту. Атасы болсо:

– Эй! Эй! Жолтоо болбогула! Мен силерге эмне, бутагына чыгып алчу бак белем! – деп карсылдап күлүп койду.

Ал түйүчөктөрдү үстөлдүн үстүнө коюп, Лораны кучактап туруп өйдө ыргытып, кайра кучактап тосуп калды. Берки колуна Мэрини кыса кучактап алды.

– Атаке, тыңшасаңыз, индеецтерди тыңшап турсаңыз. Алар эмнеге минтип шаңданып жатышат? – деди Лора.

– Алар майрамдап көңүл ачып жатышат. Мен өзөндөн өтүп баратып уктум, – деди ата-

сы. Ал аттарды бошотуп, калган түйүнчөктөрдү алып келгени тышка чыкты. Сокону атканага койду, ал эми үрөндөрдү үйгө алып кирди. Ал бул жолкусунда жалаң гана күрөң шекер алып келген. Анткени, ак шекердин баасы кыйла кымбатыраак болчу, бир аз ун ала келген. Андан тышкары жүгөрүдөн даярдалган чийки тамак, туз, кофе жана керектүү уруктардын бардыгын алган болучу. Картөшкөнүн да үрөнүн ала келиптир. Лора аларды жей бергиси келди, бирок экkenге уруктукка



сактап коюш керек эле.

Атасы кичинекей кагаз баштыкты ачып жатканда жүзү жаркырай түштү. Анын ичи толтура крекер болчу. Ал аны үстөлгө коюп, анын жанына баштыктан чыгарып, айнек банкадагы туздалган кичинекей бадыраңдарды алып, жанына койду.

– Баарыбыз бир жыргайлы деп ойлодум, – деди атасы.

Лоранын шилекейи агайын деп, апасынын көздөрү жайнап, атасын мээримдүү караштты. Керолайндын бадыраң жегиси келип жүргөнү эсине түшкөн болчу. Алып келгендери дагы эле бүтө элек экен. Ал Керолайнга оролгон бир нерсени карматып, ачканча карап турду. Апасы ачса көйнөктүк болотнай кездеме экен.

– О, Чарльз! Жөн эле койсоң болмок! Толгон нерсе сатып алыптырсың го!– деп кайра-кайра айтты. Экөөнүн тең жүзү кубанычтан жаркып турду. Атасы тумагы менен чакмак күрмөсүн чечип, жыгач мыкка илди. Көзүнүн кыры менен Мэри менен Лораны карап, буттарын отко кактап, keриле отурду.

Мэри колдору менен тизесин таянып отурган. Лора болсо атасынын тизесине чыгып алып, ургулап кирди.

– Кана? Кана? Мага белек кана? – деп ал атасын соккулады.

Атасы шаңкылдай катуу күлүп:

– Мени эмнеге урасың, кайсы күнөөм бар? Көйнөгүмдүн чөнтөгүндө бир нерсе бар,– деп айтты Лора муштаган сайын.

Ал атасынын чөнтөгүнөн оролгон нерсени алып чыгып, акырын ачып баштады.

– Мэри, сенин сабырдуулугуң үчүн, сага биринчи, – деп ага тарак берди. – Эми болсо чыдабай чыйпылыктагандар үчүн бул сага,– деп Лорага сунду.

Экөөнүн тарактары окшош болчу. Ал кара пластмассадан жасалып, кичинекей кыздар баштарына такканга ылайыкташып, бир аз ийилип турчу. Тарактын чок ортосунда кесилген беш жылдыз бар эле. Анын асты жагынан ачык түстүү лента көрүнүп турду.



Мэринин тарагынын лентасы көк, ал эми Лораныкы кызыл болчу. Апасы Мэринин чачын артка жыйып туруп таракты такканда, анын алтын көкүл саамайына жарашып, чекесинин дал ортосунда кичинекей көк жылдыз жалтырап

турду, ал эми Лораныкында кызыл жылдыз. Алар бири-биринин чекелерин карап, кубанганынан күлүп турушту. Экөө үчүн буга теңеле турган кооз эч нерсе жок болчу.

Апасы:

– Чарльз! Сен өзүңө эч нерсе алган жоксуңбу? – деп сурады.

– Мен өзүмө соко алдым. Күн тез эле жылып кетет, жер айдашым керек, – деди.

Алар көптөн бери минтип шаңдуу отуруп кечки тамак ичише элек болчу. Кубанычтын эң башкысы атасы үйүнө аман-эсен келгени болду. Бир топ айдан бери алар жалаң өрдөк-каз, үндүктүн этин жегендиктен, чочконун туздалган эти аларга аябай даамдуу сезилди. Анан крекер менен туздалган бадырандын даамы да эч нерсеге теңегис эле.



Атасы аларга апкелген үрөндөр жана уруктар тууралуу айтып берди. Ал бул жолу турптун, сабиздин, пияздын жана капустанын уруктарын ала келген. Ошондой эле буурчак жана чоң буурчак, жүгөрү, буудай, тамеки жана картөшкөнүн, дарбыздын уруктарын

да алып келген. Ал:

– Керолайн, биз бул семиз жерлерден түшүм жыйнап алып баштаганда көрөсүң, биз падышалардай эле жашайбыз, – деди.

Алар индеецтердин аймагы жактан чыгып жаткан чуулдаган дабыш тууралуу унутуп да калышты. Терезенин жыгач жабууларын жаап салышкан. Мордон кирген шамал үйдүн ичине ыркырап кирип жатты. Алар шамалга көнүп калгандыктан, аны сезишкен да жок. Бир кезде шамал тынчып калганда, Лорага кайрадан индеецтердин жапайы, чурулдаган үндөрү угулуп башталды.

Анан атасынын апасына айткан сөзү Лораны тынч отуруп калганга мажбур кылды. Ага Индепенденстен бирөөлөр айткан боюнча, өкмөт актарды индеецтердин аймагынан чыгарганы жатышат экен. Алардын айтымында индеецтер арызданып жатышып, акыры Вашингтондон жооп алышыптыр.

– Ой, Чарльз! Кантип ошондой болсун! Биз ушунча нерсеге жетишкенден кийинби? – деди апасы.

Атасы андай сөзгө ишене бербегенин айтты. Анан:

– Алар дайыма тургундарга өздөрүнүн жерлерин сактап калганга уруксат берчү. Индеец-

терди дагы бир аз нарыраак жылдырат. Мен бул өлкөгө Вашингтон отурукташканга уруксат бергенден кийин келгем,– деди ал.

– Менин каалarым алар бул маселени чечип, экинчи кайра талкуулабагыдай кылса кана, – деди апасы.

Лора менен Мэри жаткандан кийин көпкө чейин уктай алышкан жок. Атасы менен апасы оттун жана шамдын жарыгына отуруп алышып гезит окуп жатышкан. Атасы Канзастан гезит ала келип, Керолайнга окуп берип жатты. Гезиттен ал анын пикирин тастыктап, отурукташкан ак адамдарга өкмөт тийбейт деген кабарды окушту.

Шамал басылып, Лорага дагы эле чурулдап жаткан индеецтердин үнү кайрадан угула баштады. Лорага эми шамалдын ызылдаганы деле индеецтердин үнүндөй сезиле берди. Ал уламдан улам: «Хай! Хай! Хай-и! Ха!» – деп катуулап отуруп, жүрөктү эзип жиберди.





# МЕЙКИН ТАЛААДАГЫ ӨРТ

Жаз да келди. Жылуу шамал жаз жыттанып, айлана кенен, жарык жана шаңдуу эле. Асманда аппапакай булуттар жайбаракат калкып бара жатты. Булуттардын көлөкөсү талааны каптады. Көлөкөлөр ичке, узун, күрөң тартып, ал эми талаа кууралган былтыркы чөптөрдөн улам бозомук тартып турду.

Атасы сокого Пет менен Паттини чегип, дың жерди бузуп кирди. Жердин кыртышы катып, чөптөрдүн чырмалышкан тамырлары каптап калган. Пет менен Патти болгон күчү менен артындагы топуракты каңтарган узун из калтырып, сокону тартып барышат.

Кууралган чөп аябай узун болгондуктан,



жердин бетин жыш каптап жаткан. Буга чейин атасы жер айдаган эмес. Айдалган жерлердин чөбүнүн тамырлары аңтарылып, топурак кара күрөң болуп калды.

Алар жумушун уланта беришти. Атасы бул жылы картөшкө менен жүгөрүнүн уруктары өнүп чыгарын, ал эми кыртыштагы аңтарылган чөптүн тамырлары чирип жоголорун айтты. Бир же эки жылдын ичинде жайкалган эгин талаалары пайда болот деди. Бул жерлер атасына абдан жага турган, анткени, бир да дарак же дүмүр, таш да жок эле.

Жай ичинде бул аймакта индеецтер абдан көбөйдү. Аларды бардык жерден жолуктурса болот болчу. Мылтыктарынын үндөрү дарыянын жээгинен такай жаңырып турат. Индеецтердин талаада жашырынып жүргөнүн эч ким билбейт. Лора индеецтерди мурда эч ким жолуктурбаган жерден көрдү.

Алар акыркы кезде үйгө тез-тез келе бе-

ришчү болду. Кээ бирлери абдан ылымы ысык, ал эми кээ бирөөлөрү орой жана ачуулуу эле. Көпчүлүгү тамак жана тамеки сурап келишчү, апасы болсо баарына эмне кааласа сураганын берет. Алардан апасы коркчу эмес. Индеец колу менен көрсөткөн нерсесин айттырбай берчү. Бирок тамак-аштын көбүн алдын ала катып коё турган.

Джек үтүрөйүп, ал турсун Лорага да ачуусу келип жүрдү. Ит индеецтерди абдан жек көрчү. Ал эми Лора менен Мэри индеецтерге көнүп, аларга таңданбай да калышкан. Бирок жандарында атасы менен апасы барда гана өздөрүн коопсуз сезишчү.

Бир күнү эки кыз апасына түшкү тамак даярдоого жардам берип жатышкан. Кичинекей Кэрри үйдө терезеден түшкөн күнгө кактанып ойноп жаткан, анан эле күндүн бети көрүнбөй көлөкө түшүп калды.

– Бороон болот го, – деди апасы терезеден сыртты карап. Лора да асмандагы чоң кара булуттун түштүктү көздөй жылып бара жатканын көрдү.

Пет менен Патти да талаадан чуркап келишти, алардын артынан атасы оор сокосун көтөрүп алып, чоң-чоң арыштап жете келди.

– Өрт! Талаада өрт! – деп кыйкырды. – Те-

зинен чакаларга суу толтуруп, ичине каптарды салгыла! – деп кыйкырды.

Апасы кудукка чуркап, Лора чакаларды кудукка, апасына ташып жатты. Атасы Петтини үйгө байлап, анаң уйду музоосу менен казыкталган жерден айдап келип, малканага камап койду. Баннини да үйдүн түндүк жактагы бурчуна байлады. Апасы чакаларга тез-тез суу толтурду. Лора атасына малканадан каптарды ташып келгенге жардам берди.

Атасы аттарды тездеп айдады. Асман бүркөлүп, айлана бүт күүгүм чалып, күн батып кеткендей болду. Атасы үйдүн төрт тарабын айланта соко менен айдап чыкты. Пет менен Патти атасынын артынан чуркап келишти. Аларды үйдүн түндүк тарабындагы бурчуна байлады. Чоң чакага суу толтурулган. Лора апасына каптарды суунун ичине салууга жардамдашты.

– Эми бир дагы жөөк айдаганга убакыт жок, өрт жалбырттап аттан да тез келе жатат, – деди атасы.

Чоң коён алардын жанында оролошуп жатты. Апасы Лорага үйдө отур деди да, атасы экөө чаканы көтөрүп алышып, чоң жөөктү көздөй чуркашты.

Лора үйдүн жанында калды. Ал алыстан

кара түтүн болуп чубалып келе жаткан өрттү көрдү. Коёндор аябай көбөйүп кетти. Алар Джекке эч кандай көңүл бурушкан жок, а Джек болсо аларды карап да койбоду, анткени, анын оюнун баары өрттө болуп жатты.

Шамал катуулап ышкыра берди. Миңдеген куштар менен коёндор өрттөн качып жүрүштү. Атасы өрттүн нугун жөөктүн башка бетине буруута аракеттенди, ал эми апасы болсо сууга чыланган каптар менен өрттү чапкылап, өчүрүүгө аракет кылып жатты. Талаанын бардык жандыктары коёндор менен бирге тирүү калууга үмүттөнүп, ары-бери чымын-куюн. Жылаандар короону курчап, тооктор канаттарын жайып чуркап, куштар шамалга кошулуп ышкырып үн чыгарышат.

Үйдүн айланасы бүт күйүп жатты. Атасы менен апасы өрттү өчүрүүгө болгон аракеттерин көрүштү. Өрт болсо күчөгөндөн күчөп, жөөктүн ичиндеги кургак чөптөргө өттү. Тигилер өрттү каптар менен ургулап, буттары менен тебелеп өчүргөнгө болгон күчтөрүн жумшап жатышты. Өрттүн өчө турган түрү жоктой. Мэри менен Лора үйдүн алдында кол кармашып, корккондунан титиреп турушту. Кичинекей Кэрри үйдүн ичинде болчу. Лора бир нерсе жасагысы келди, бирок башы ай-

ланып, түтүндөн көзү ачышканынан эч нерсе кыла алган жок.

Джек улуп, Банни, Пет жана Патти кишенеп, окуранып тынчтары кетти. Кызгылт, сары өрттөн жалындары бет келгенин жалмалап улам жакындап, катуулап келе жатты. Бир убакта өрт шуулдаган шамалга кошулуп, ого бетер күчөп, үйдү көздөй жылды. Бактыга



жараша, бир аздан соң токтоп калды.

Ата-энеси короодо күйүп жаткан майда чокторду өчүргөндөн кийин үйгө келишти. Апасы түтүнгө ууланып, калтыраганы басылбай колу-бетин жууду. Атасы кабатыр болгонго эч кандай себеп жок экенин айтып, апасын сооротуп жатты. Аба ыш жыттанып турду. Тээ алыска чейин талаа жыпжылаңач болуп күйүп кетти. Жердин бардыгы түтөп, күл асманга сапырылды. Айлана өрттөн кийин аянычтуу көрүнүп турду. Бирок ата-энеси өрттүн аларга анчалык зыян алып келбегенине топук кылып жатышты. Атасы өрт ал үйдө кезинде болгонуна сүйүндү, болбосо, апасы менен кыздарынын айлалары кетип калмак. Анда алар куштар менен коёндорго кошулуп, дарыянын жээгин көздөй



качышмак. Талаада жашаган бардык жандыктар өрттөн качып, суунун жанына чогулуп калышкан. Суурлар ийиндерине жашырынып калышкан. Ошондуктан, биринчилерден болуп өрттөн кийин талаага суурлар чыга баштаган. Андан соң качып жүрүшкөн жандыктардын бардыгы акырындан өз жерлерине кайта башташты. Өрт суунун жээгине, индеецтердин турагына жеткен эмес.

Ошол күнү кечинде Эдвардс жана Скотт мырзалар кошуналарынын ахыбалын сурагань келишти. Алардын тынчсызданган себеби, индеецтер актардын отурукташкан жерлерин атайылап өрттөп жиберишкен деп жоромолдошкон. Бирок атасы буга ишенген жок. Индеецтер көбүнчө жаз алды менен жашыл



чөптүн тезирээк, таза чыгышы үчүн жана баскага оңой болушу үчүн талааны өрттөшөрүн билишчү. Анткени, индеецтердин понилери калың, узун чөптү аралап чуркай албай кыйналышчу. Өрттөн кийиң жер чөптүн тамырларынан тазаланып, айдаганга дагы ыңгайлуу болуп калды.

Бир маалда, алар сүйлөшүп жаткан учурда индеецтердин турагы жактан барабандарды ургулаган дабыш чыгып, ызы-чуу угула баштады. Лора чычкандай болуп бөгүп, чоңдордун сүйлөшкөнүн жана индеецтерди тыңшап жатты. Ошол учурда жылдыздар абдан жакын тургандай сезилип, назик жел чачын сылап өттү.

Эдвардс мырзага дагы индеецтердин көп болгону жакчу эмес.

– Жакшы индеец бул эчак эле өлүп калган индеец, – деди Скотт мырза.

Атасы ага жооп иретинде эч нерсе айткан жок.

– Эгер аларды жайына коюшса, башка элдердей эле тынчтыкта жашашмак. Бир жагынан алганда индеецтерди бир нече жолу батышты карай сүрүп, көчүүгө аргасыз кылышкандыктан, актарды жек көрүп калышкан. Форт Гибсон менен Форт Доджда аскерлер болсо, индеецтер көп деле коркунуч

жаратмак эмес. Алардын азыр бул аймактарга чогулган себеби, жазгы аңчылыкка кам көрүп жатышат. Бул аймактарда индеецтердин бир нече уруулары жашайт. Көбүнчө уруулар бири-бири менен тез-тез согушуп, ал эми жаз алды менен бардыгы биригишип, аңчылыкка даярдык көрүшөт. Ошондуктан, бизге каршы согушка чыгышат деп кооптонууга негиз жок. Аңчылык аяктаган кезде, өгүздөрүн арабаларга кайрадан чегип алышып, түндүктү карай бет алышат. Өзүм дагы аңчылыкка барууга ышкыбоз болуп жүрөм, бул аймактагы аңчылык өтө кызыктуу болсо керек.

– Мүмкүн сенин индеецтер тууралуу пикириң туура чыгар. Сенин айткандарыңды Скотт айымга айта барайын. Ал алигиче Миннесотада болгон кандуу окуяны эсинен чыгара албай жүрөт, – деп Скотт мырза акырын шыбырады.





# Индеецтердин согуш чакырыгы

Эртеси күнү атасы адатынча ышкырып обон салып, жер айдоого жөнөдү. Ал үйгө түшкө жуук түтүнгө ышталып, бирок көңүлү жайдары келди. Эми бутка чалынып жүдөткөн узун чөптөрдөн арыла түштү.

Бирок, өзөндүн боюнда индеецтердин уламдан-улам көбөйүшү аларды тынчсыздандыра баштады. Күндүзү Мэри менен Лора өзөн тараптан индеецтердин буралып чыккан түтүндөрүн көрүшсө, түндөсү ач кыйкырык, орой



үндөрүн угуп чыгышчу болду.

Ал күнү атасы талаадан эрте кайтып келип, күнүмдүк чарба иштерин да эртелеп бүтүрүп алды. Түнкүсүн суук болгондуктан, Пет, Патти, Банни жана уйду музоосу менен тышта калтырбай, атканага киргизди.

Күүгүм кирип, шамал басаңдап калганда индеецтер тараптан чыккан ызы– чуу, ачуу кыйкырык мурдагыдан да катуулап, күчөй баштады. Атасы Джекти үйгө киргизип, эшикти бекем жаап, илгичти илген бойдон таң атканча сыртка эч ким чыга алган жок.

Түн киргенде үйдүн айланасын көзгө сайса көрүнгүс караңгылык каптап, ал индеецтердин баягы эле кыйкырыгы менен коштолуп, үрөйдү учуруп турду. Кийинки күнү ага жүрөктү титиреткен добулбастын үнү кошулду. Лора уктап жатса да, индеецтердин кыйкырыгы, добулбастын тарсылдагы, ал тургай Джектин ары-бери басып, акырын ыркыраганы кулагына жаңырып турчу болду. Кээде

атасы да керебеттин үстүндө, бир топко ал үндөрдү тыңшап жүрдү.

Бир күнү ал керебеттин алдындагы кутудан мылтыгын алып чыкты да, мештин жанына отуруп алып, акыркы коргошуну калганча эритип, ок куйду. Лора менен Мэри уктабай атасынан көзүн албай отурушту. Анткени, алар атасынын мурда бир отурганда мынча көп ок куйганын көрүшкөн эмес.

– Буларды эмнеге жасап жатасыз? – деди Мэри.

– Кыларга жумуш калбай калгандыктан,– деп атасы жооп берди да, шаңдуу ышкырып, обон салды. Бирок ал кечке жер айдагандыктан, кирпигинен тартса жыгылчудай болуп, чарчап турганы билинди. Ал тургай кыл кыягын черткенге алы келбей турса да, негедир эс алганга кайыл болуп, бир жерден жылбай ок дарысын түн киргенче жасады.

Бир топ күнгө чейин индеецтер үйгө таптакыр жолобой калды. Ал күндөрү Лора менен Мэри да сырттан бир да индеецтин караанын көрө алышкан жок. Мэри эми үйдөн таптакыр эле чыкпай калгандыктан, Лора ойногоно жалгыз чыкканга туура келди. Бирок барган сайын прерия талаалары андан бир нерсени жашыргандай сырдуу, шектүү көрүнүп, ал

өзүнөн-өзү кооптонуп, бирөө аны аңдып тургандай, аркасынан бирөө уурданып келе жаткандай сезилип, кимдир бирөөнү көрүп калчудай артына шарт бурулуп карап калчу.

Күндөрдүн биринде Эдвардс жана Скотт мырза мылтык асынып алып, атасына жолугууга талаага келишти. Алар бир нерсени көпкө чейин кызуу талкуулап турушуп, анан чогуу бир жакка кетишти. Эдвардс мырзанын үйгө кирбей кеткенине Лора бир аз капа болду.

Түшкү тамак алдыга келгенде, атасы апасына коңшулардын чеп курууну көздөп жатышканы тууралуу сөз козгоду. Лора мурда-кийин «чеп» деген сөздү укпагандыктан, кептин төркүнүн түшүнө албай турду. Атасы Эдвардс жана Скотт мырзаларга бул акылсыздык деп айтканын билдирди. Анан апасына:

– Чеп курсак, биз корунуп, коркуп жаткандай болуп калабыз,– деп кошумчалады.

Мэри менен Лора бири-бирин карашып, бирок жооп ала алышпай тургандыгын, кайра эле тамак ичип жатканда кичинекей балдар сүйлөбөш керек деген жоопту аларына көздөрү жетип, суроо берүүнү ойлошкон да жок.

Түштөн кийин Лора жүрөгүн өйүп турган «чеп» деген сөздүн маңызын апасынан су-

рады. Бирок апасы бул кичинекей кыздарга тиешеси жок экенин кыйытып айтары менен Мэри айтпадым беле дегенсип, дароо Лораны карады. Лоранын билишинче атасы эч нерседен коркпой турган. Анда ал эмне себептен корккондой иш-аракет кылбашыбыз керек деп айтканына дагы эле түшүнө албай жатты. Лора индеецтерден чындап корккону менен аны сыртынан билдирбейт эле.

Джек акыркы күндөрү шыйпаңдап, кулактарын жапырылтып эркелебей калды. Лора сылаганына карабастан ал кулактарын тикчийтип, жүнүн үрпөйтүп, көздөрүн кызартып, ыркырап, тынч ала албай жүрдү. Кеч киргенде индеецтердин кыйкырыгына жана добулбасынын үнүнө андан бетер ачуусу келип ырылдаганы күчөй берди.

Бир күнү түн жарымында Лора чаңырып, катуу чочуп ойгонду. Жагымсыз добуштан анын бүт денеси калтырап, муздак тер басып кеткен. Апасы шашып-бушуп Лоранын жанына келип, назик үн менен:

– Акырын садагам! Кэррини чочутуп алба! – деди.

Лора апасын бекем кучактап алды. Мештеги оттун күлү эле калып, үйдүн ичи күңүрт тартып турду. Бирок апасы дале уктабай жүр-

дү. Терезеден бөлмөгө айдын жарыгы тийип, атасы ал жерде колуна мылтыгын кармап, сырттты карап турду. Алыс эмес жерден баягы эле индеецтердин ач кыйкырыктары, добулбастын тарсылдаган үнү угулуп жатты. Ал үндөрдөн Лора өзүн кулап бара жаткандай, кармана турган эч нерсе таппай калгандай, андан кутула албай тургандай сезди.

Анан ал:

– Атаке, бул эмне? Бул эмне? – деп кыйкырып, денесин калтырак басып турду. Бирок апасынын кучагында коопсуз экендигин сезип, жеңилдей түштү.

– Бул индеецтердин согуш урааны,– деди атасы.

Апасы бул сөздү уланта дегенсип, акырын белги бергени менен атасы:

– Керолайн, кыздар деле бардыгын түшүнүшсө керек, – деди.

Анан атасы Лорага индеецтер согуш тууралуу ушинтип сүйлөшөрүн, отту айланып бийлешерин түшүндүрүп берди. Жанында атасы, Джек, Форт Гибсон менен Форт Додждо аскерлер турганда коркуунун негиз жок экенин айтып:

– Ошондуктан, Мэри жана Лора эч нерседен коркпогула! – деп кошумчалады.

Лоранын деми кыстыгып, коркуп турса да:

– Жок, атаке! Корккон жокмун, – деп койду.

Мэри болсо сөз айтканга даремети келбей, коркконунан калтырап, чүмкөнүп жатты.

Бир маалда Кэрри ыйлай баштады. Апасы аны акырын көтөрүп, термелген отургучка отуруп, соорото баштады. Анан селкинчекке отургузуп терметти. Лора төшөгүнөн туруп келип, апасынын тизесине жабышып отурду. Анын артынан Мэри сойлоп келип, кошулуп калды. Атасы дале терезеге тигилип турду.

Добулбастын даңгыраган үнүнөн Лоранын башы ооруп, ичинен бирөө уруп жаткандай сезди. Индеецтердин ач кыйкырыгы кулактын



кужурун алып, карышкырдын улуганынан да жаман эле. Лоранын жүрөгү жаман бир нерсени сезип жүргөн, көрсө ал ушул индеецтердин согуш урааны турбайбы.

Бул түн Лора үчүн коркунучтуу түштөн да алда канча жаман болду. Анткени, андай түштөн ойгонуп кетсе болот, ал эми бардыгы өңүндө болуп жаткандыктан, мындан качып кутулуу мүмкүн эмес эле.

Анан согуш урааны акырындап барып, угулбай калды. Лора эсин жыя албай, дагы эле караңгы бөлмөдө апасынын тизесине жармашып отурду. Апасы болсо үстөлүндө ойлуу термелип отурду. Джек улуганын токтотуп, ырылдаганга өттү. Кэрри кайрадан чаңырып ыйлай баштаганда атасы чекесин сүртүп:

– Өх! – деди атасы. – Мындайды эзели укkан эмесмин. Алар мынча кыйкырганды кантип үйрөнүштү экен?

Бирок анын суроосуна эч ким жооп берген жок.

– Аларга мылтыктын деле кереги жок, ач кыйкырыгы менен эле элдин жүрөгүнүн үшүн алып коюшат, – деп кошумчалады. – Оозум кургап чыкканынан ышкырып, обон сала албай да калдым. Лора, мага суу алып келип берип койчу.

Лора дароо кайраттана түштү. Ал чөмүчкө толтура суу сузуп, терезеден сунганда атасы алып жатып, жайдары жылмайды. Лорага бул ого бетер дем бере түштү. Атасы суудан бир аз жутуп, дагы жылмайып:

– Бах! Эми ышкыра берсем болот! – деди да, Лораны карап, мына дегенсип, созолонто ышкырып койду.

Атасы анан бир нерсе уккандай, кунт коюп тыңшап туруп калды. Лорага да пониниин алыстан текирең-таскак түшүп чуркап келе жаткан аттардын дүбүртү угулуп, уламдан-улам жакындай берди. Үйдүн бир тарабынан добулбастардын кагылганы, ызы-чуу, кыйкырык угулса, экинчи тарабынан атчандардын чаап келе жаткан дабышы угулду. Анан аттардын туяктарынын такылдаганы үйдөн алыс эмес жерден чыгып, күтпөгөн жерден өзөн тарапка кайрылып кетишкендей болду. Лора айдын жарыгынан пониниин карайган жонун жана аны минип бара жаткан индеецти аркасынан көрүп калды. Анан дагы үйүлгөн жууркан менен артынан башына куштун канатын сербеңдетип тагып алган дагы бир индеецти жана айдын жарыгына жалтыраган мылтыктын оозун көрдү. Бир аздан соң алардын карааны караңгыга житип кетти да, прерия талаалары

кайрадан ээнсирей түштү. Атасы эмне болуп жатканын түшүнбөй турганын, аны менен французча сүйлөшүүгө аракет кылган индеец Осейж уруусунан экенин айтты. Анан ал:

– Булар түн ичинде эмне жин тийгендей чапкылап жүрүшөт? – деп сурады.

Бирок эч кимдин андан кабары болбогондуктан, атасы ал суроосуна жооп ала алган жок.

Добулбастардын даңгыраган үнү жаңырып, индеецтердин кыйкырыгы улана берди. Алардын согуш урааны үрөйдү учуруп, катуулап барып, бир кезде алардын үнү араң эле угулуп калды.

Кэрри ыйлап жатып уктап калды. Апасы Мэри менен Лораны кайра жаткырды.

Эртеси алар үйдөн таптакыр чыгышкан жок. Атасы үйдү тегерек-четин карап, алыстабай жүрдү. Күндүзү индеецтердин жатагы тарап да, прерия талаалары да жымжырт болуп, шамалдын гана шуулдаганы угулуп турду.

Кеч кирери менен баягы ызы-чуу, кыйкырык мурдагыдан да күчөп, Лора менен Мэри коркконунан апасына жармашып, Кэрри боздоп ыйлап, атасы мылтыгын алып терезенин жанында, Джек ырылдап бардыгы кайрадан кайталанды.

Күндөн-күнгө кеч кирери менен ызы-чуу

мурдагыдан да күчөй берди. Мэри менен Лора ушунчалык чарчагандыктан, добулбастын тарсылдаган үнүн да, индеецтердин кыйкырыгын да сезбей уктап кетип, бирок урааны башталаар замат калтырап, чочуп ойгонушчу болду.

Түнкүдөн да, күндүзү күндүн өтүшү то-



зокко айланды. Атасы шырп эткен дабышты тыңшап, айланага көз чаптыруу менен алек. Сокосу болсо талаада калган бойдон. Пет, Патти, кулуну жана уй, музоосу менен атканада камалган. Лора менен Мэри кечке үйдөн чыкпай отурушат. Атасы дабыш чыкса эле кылчактап карап, тезден шам-шум этип алып, үйдү айланып карап, күн бою бир орунда



отурмай жок.

Ошол күндөрдүн биринде, ал үстөлгө башын жөлөп, көзү илинип кетти. Апасы, Мэри жана Лора аны уктасын деп, аяп ойготушкан жок. Ал абдан чарчап, жүдөп кеткен.

Бирок бир мүнөткө жетпей чочуп, ордунан ыргып турду да, апасына:

– Мындан кийин уктап кетсем дароо ойготуп койгула, – деп корс этти.

Апасы акырын гана:

– Бизди Джек кайтарып турду, – деп жооп берди.

Ал түн мурункулар менен салыштырмалуу эң жаманы катары эстеринде калды. Ызы-чуу кулакты жарып, биринин согуш ураанына экинчиси да согуш ураны менен жооп берип жаткандай жаңырып угулуп жатты.

Лора таптакыр эс албай, канча бир күн катары менен уктабагандыктан, кирпигинен тартса жыгылчудай болуп, денеси жанчылып турду.

Атасы терезенин жанында туруп:

– Керолайн! Менимче алар ич-ара урушуп жатышкандай. Бири-бири менен согушуп башташпагай эле? – деди.

– Андай болсо кана!– деп апасы жооп берди.

Түнү бою бир мүнөт да тынчтык болгон

жок. Таңга маал гана акыркы согуш урааны айтылып бүтүп, Лора апасынын тизесине жөлөнүп уктап кетти. Ойгонсо керебетте жаткан экен. Ачык эшиктен күндүн нуру тактайга түшүп, түш болуп калыптыр. Апасы мештин жанында тамак бышырып, атасы болсо босогодо отуруптур.

Анан атасы апасына:

– Иииндеецтердин дагы бир тобу түштүктү карай жөнөштү– деди.

Лора эшиктин оозуна түнкү көйнөкчөн келип, алыстан кырка тизилип бара жатышкан индеецтерди көрдү. Алар каралжын тарткан прерия талааларынан чубап, түштүктү көздөй бет алып бара жатышты. Поничен индеецтер алыстан кумурскалардай болуп кыбырап көрүнүп турду. Атасы эртең менен индеецтердин эки чоң тобу батышты карай кеткендигин, ал эми бул тобу түштүккө жөнөгөнүн айтты. Демек, индеецтер өз ара тил табыша албаганы төгүн болсо керек. Анткени, алар өзөн боюндагы отурукташкан жайларын таштап кетип баратышат. Эгер жапан букага аңчылыкка чыккан болсо, мынча адам чогуу чыкпайт эле.

Ошол түн тынч өттү. Шамалдын шуулдаган үнүнөн башка дабыш чыккан жок.

– Бүгүн тынчыраак эс алат окшойбуз, – деди атасы.

Атасы айткандай эле ал түнү баары катуу укташты. Ал тургай Джек да Лора кечинде көргөндө кандай жатса, эртең менен ошол калыбынан козголбоптур. Кийинки түн да Кудай жалгап тынч өттү. Эртең менен атасы өзүн абдан сергек сезип, өзөндүн боюна чалгынга бармай болду.

Ал Джекти үйдүн капталындагы чынжырга байлап, мылтыгын асынып, өзөн ылдый жөнөдү.

Лора, Мэри жана апасы атасынын аман-эсен кайтып келишин тилеп калышты. Алар үчүн убакыт такыр өтпөй жатты. Түш оой атасы келип, бардыгы жайында экенин, өзөндүн эки жагында Осейж уруусундагы индеецтерден башкалары жайларын ээн таштап кеткенин айтты. Атасы токойдон бир Осейжге жолугуп сүйлөшкөндө, алардын уруусунан башка индеецтердин бардыгы өлкөсүнө келген ак адамдардын бардыгын өлтүрүү чечимин кабыл алышкандыгын айткан. Осейж жалгыз алардын жыйын өткөрүп жаткан жерине барып калып, актарды өлтүрүүгө камынып жатышканынын үстүнөн чыгат. Ал кабарды угаары менен шашып чапкан бойдон келет.

Аны «улуу аскер» деп аташат дегенде атасы:

– Аны «Soldat du Chene» (улуу аскер) деп коюшат, – деди. – Ал ак адамдарды өлтүрүүгө каршы чыгып, өз уруусундагы индеецтер менен бир нече күн жана түн тартышып жатып, аларды ынандырган соң ордунан туруп, башка уруудагы индеецтерге кайрылган. Билдирүүсүндө, эгер алар кыргын сала турган болсо, Осейж уруусундагылар аларга каршы аттанаарын эскерткен.

Индеецтердин бир нече түн бою ызы-чуу түшүп, айкырып-кыйкырып жатышканынын себеби ошол болчу. Башка индеецтер Осейж уруусундагы индеецтерге, кайра тетирисинче, Осейждер беркилерге кыйкырып, бир сөзгө келе албай жатышыптыр. Бирок алардын бириси да, каарман аскерлердин башчысы (Soldat du Chene) менен анын Осейждерине даай албай, кетүүгө аргасыз болушкан.

– Ал индеецтерден чыккан мыкты адам! – деди атасы.

Атасы Скотт мырзанын «...тирүүлөрүнүн арасынан жакшы индеец таба албайсың...» деген сөзүнө эми таптакыр кошулбайт болчу.



# ИНДЕЕЦТЕРДИН ЖЕР КОТОРУШУ

Кийиңки түн да тынч өттү. Алар эч нерсеге кабатырланбай, жылуу төшөктө мемиреп укташты. Айлана жымжырт, бир гана өзөндүн боюнан жапалак үкүнүн үнү угулуп жатты. Прерия талааларынын үстү менен ай жайбаракат жылып баратты.

Эртең менен күн чайыттай тийип, өзөндөн бакалардын чардаганы угулду. Апасы Лора менен Мэриге бакалар кантип чардашарын



айтып берген, эми алар бакалардын тилин түшүнгөндөй тыңшап турушту.

Жазгы күндүн жылуулугу кирсин деп эшикти ачып коюшкан. Эртең мененки тамакты ичип бүтүп, атасы көңүлдүү ышкырып сыртка чыгып, Пет менен Паттини кайрадан сокого кошкону камынды. Капыстан ал ышкырганын токтотуп, эшиктин босогосуна келип, чыгыш тарапты караган бойдон:

– Керолайн, Мэри, Лора бери келгилечи! – деди.

Биринчи Лора чуркап чыгып, индеецтердин келатканын көрүп, таң калып туруп калды. Индеецтер өзөндөн жогору көтөрүлүп, чыгышты көздөй бет алып баратышты. Биринчи болуп баягы караңгыда үйдүн жанынан өтүп бара жатканда артынан көргөн

узун бойлуу индеец чыкты. Джек ырылдап, Лоранын жүрөгү дүкүлдөй баштады. Ал атасынын жанында болгонуна сүйүндү. Бирок ал бул согушту болтурбай токтотуп калган Осейждердин башчысы, жакшы адам экенин билип турду. Анын кара пониси шамал менен жарышып, куйрук-жалын шамалга сербеңдетип чуркап келатты. Ал понисин жүгөнсүз, басмайылсыз жайдак минип, эски индеецтердин бир аяк жолуна салды.

Джек бошонуп кетсе жутуп жиберчүдөй ыркырап, чынжырынан жулунуп жатты. Анткени, ага мылтыгын кезеген индеец экенин дароо тааныган.

Атасы Джекке:

– Джек, тынчтан! – деди.

Аны тоготпостон Джек кайрадан ыркырап баштаганда атасы аны биринчи жолу чаап:

– Жат! Тынч! – деп кыйкырганда гана бүрүшүп жатып калды.

Пони жакындаган сайын Лоранын жүрөгү катуулап сого баштады. Анын көзүнө дароо индеецтин шуру басылган бут кийими жана кыюу салынган ичке шымы урунду. Денесине болсо, ачык түстөгү одеялды ороп алган. Аттын жонуна мылтыкты артып, жылаңач колу менен сүйөп келатты. Лора анын

сүрдүү, кыймылсыз, тотуккан жүзүн карады. Анын келбети абдан сыймыктуу көрүндү. Кандай гана кырдаалда болбосун ал бул сынынан эч качан жазбай тургандай сезилди. Ал каректерин гана кыймылдатып, тээ батышка көз чаптырып турду. Анын төбө чачынын таажы сыяктуу калтырып койгон көкүлүнө куштун канатын шамалга сербеңдетип сайып алган.

Ал жакындаганда атасы демин ичине алып, колун көтөрүп:

– Жашасын каарман аскерлердин башчысы (Du Chene himself)! – деди.

Бирок индеец козголбогон калыбында маңдайында турган атасын, апасын, Мэри менен Лоранын бирин дагы, ал тургай үй менен атканаты да көрбөгөнсүп, жандарынан өтүп кетти. Бардыгы бурулуп, индеецти артынан көзү менен узатып кала беришти.

Анын артынан өзөн тараптан ага окшош эле пони минген, баштарына куштун канатын кондурган башка Осейждер да чыгышты. Башчысынын артынан биринен-бири өтүп сурданган, кара-тору келген индеецтер чубала ээрчип бара жатышты. Ар бири мылтыкты понинин үстүнө коюп, колу менен сүйөп алышкан.

Понилер Джекти көргөндө сестенгендей таноолору керилип, кыйгачтап, денесин ала качканы байкалып турду.

Кара, сур, тору, карагер, кашка понилер туяктарын такылдатып, текиреңдеп, эски чыйыр жол менен Лорадан көздөрүн албай баратканын көрүп:

– Карагылачы, бул понилер кандай татынакай! Кандай келбеттүү! – деп алаканын чаап, сүйүнүп жатты. – Тээтиги кашка пони-ни карасаңар.

Лора өзүн понилерди карагандан эч жадабачудай сезди. Бирок эркек индеецтерге удаа эле арттарынан аялдары жана балдары көрүндү. Мэри менен Лорадай эле курактагы жылаңач, чымыр кичинекей индеец балдар понилерин жайдак минип алышкан. Алардын терилери күнгө тотугуп, түлөп кеткен. Алар чоңдорундай эле кыймылсыз, бир ордунан козголбой баратышты. Капкара чачтары гана шамалга желпеңдеп, көздөрү күнгө чагылышып, күлмүңдөп турду.

Лора алардан көзүн албай, кызыгып карап туруп, кичинекей индеец кыз болсом деп кыялданды. Албетте, ал келбети жагынан индеецтерге окшошууну каалаган жок, жөн гана аларга окшоп понини жайдак минип,

шамал менен күнгө карабай кетип бара жатсам деп элестетти.

Индеец аялдар да пониге минип, жабуу оронуп алышкан. Бут жагында кайыш чачык салпаңдап, башына эч нерсе тагынбастан, кундуз чачтарын буралтып, бир калыпта келатышты. Алар ымыркай балдарын ичке жип менен арт жагына байлап, таңгакка салып алышкан. Балдары чыйырчыктын балдарындай болуп, баштарын соройтуп таңгактан чыгарып алышкан. Ал эми андан бир аз чоңураактарын баштыкка салып, понинин капталына байлап коюшкан. Балалуу индеец аялдар да биринин артынан бири чубап өтүп жатышты. Лора понинин капталындагы баштыктын кырчоосунан башы чыгып турган бөбөктүн көмүрдөй капкара чачтарын, карагаттай көздөрүн карап туруп, ушундай бөбөктүү болууну самады. Анан ал атасына:

– Атаке, мага ушундай бир индеец бөбөк алып бериңизчи! – деди.

– Ш-ш! Акырын тур, Лора! – деди атасы чочуп.

Кичинекей бөбөк Лорадан көзүн албай кетип баратты.

– Атаке! Алгым келип жатат! Алып бери-

ңизчи! – деди Лора жалбарып.

Бөбөктүн карааны узагандан-узап көрүнбөй баратты, бирок кайрылып алып, дале Лорадан көздөрүн албай карап жатты.

– Караңызчы! Ал мени менен калгысы келип жатат! – деди Лора. – Атаке, суранам!

– Тынч, Лора! Индеец аял сага баласын бермек беле! – деди атасы.

– Ий! Атаке! – деп Лора ызасына чыдай албай ыйлап жиберди. Анткени, ал эми ал кичинекей индеец бөбөктү экинчи көрбөсүнө көзү жетип турду.

Апасы Лорага:

– Мындай жосунсуз жорукту ким көргөн! Уят, Лора! Баарыдан да индеец баланы алмакмын дегениң кандай? – деди.

Лора бышактап, токтоно албай ыйлап жатып:

– Анын көздөрү карагаттай капкара экен… – деп шолоктоп, оюн түшүндүрө албай жатты.

– Лора! Сага индеец бөбөктөн башканын кереги жокпу? Бизде деле андай бөбөк турбайбы! – деди апасы.

– Мага өзүмдүн бөбөгүмдөн башка да керек болуп жатат! – деп Лора андан бетер күчөп бышактады.

– Мына кызык! Ушундай да болот экен! –

деп апасы кыйкырды.

– Лора эми индеецтерди карачы! – деди атасы. – Биринчи батышты, анан чыгыш тарапты кара! Эмнени көрүп жатасың?

Алгач Лорага жаш толгон көздөрүнөн эч нерсе көрүнгөн жок. Анын тамагы буулуп, солоктоп жатты. Бирок атасынын айтканы менен батыш менен чыгыш тарапты карап, узун шурудай тизилип бараткан индеецтерди көрдү.



– Сан жеткис тизилген индеецтерди карачы! – деди атасы.

Индеецтердин аягына көз жетпей, чубап өтө беришти. Акыры кичинекей Кэрри аларды карай берип чарачады да, тактайга отуруп алып, өзүнчө ойной баштады. Ал эми Лора менен атасы босогого сүйөнүп, апасы менен Мэри эшиктин оозунда дагы эле индеецтерди карап турушту. Түш ооп, тамактарын иче турган маал эчак болсо да, бир нече казан-аяк, чатыр артылган понилер, аялдар жана эң аягында жылаңач, мотурайган балдар өткөнчө, эч кимиси тамак жөнүндө ойлогон жок. Алардын карааны көрүнбөй, айлана тынчтыкка бөлөнүп калганча, аларды көздөрү менен узатып, батыш тарапты карап тура беришти.

Алардын карааны көрүнбөй калганда апасы эч нерсе жасаганга көңүлү келбей, шалдырап турганын айтты.

– Чарльз, шам-шум этип алып чыкпайсыңбы, – деди апасы.

– Жок! Кардым деле ачкан жок! – деп атасы жооп берди да, Пет менен Паттини сокого чегип, жер айдоосун улантты.

Лоранын да жүрөгүнө тамак баспай, индеецтер кеткен тарапты дале карап, босогодо

отурду. Ага дагы эле индеецтердин башындагы желбиреген канаттары, шайдоот пони-лери көрүнө калчудай сезилип жатты.



# Аскерлер

Индеецтер кетери менен прерия талаалары кулак-мурун кескендей мемиреп, тынчтыкка бөлөндү. Бир күнү эртең менен турушуп, алар жердин бети жап-жашыл баркыт жамынгандай болуп калганын байкашты.

– Чөптөр качан чыгып калган?– деди апасы суктанып. – Кечээ эле мага жердин баары капкара болуп көрүнүп жаткандай болгон. Эми минтип, бүт талаа жашыл килем оронуп алыптыр...

Асманда өрдөк-каздар каз-катар тизилип, түндүктү көздөй учуп бара жатышты. Күн-



дүзү өзөн жээгиндеги бактардын арасынан каргалардын какылдаганы, шалбаада торгойлордун, төөчулдуктун жана башка прерия куштарынын сайраганы, ал эми күүгүм кирери менен жылкычы чымчыктын сайраганы угулуп турчу.

Бир күнү кечинде атасы, Мэри жана Лора босогодон, чөптүн арасынан ойноп чыга калган бөжөктөрдү карап отурушту. Үч чоңураак коён да, сыягы апалары болсо керек, оюнкараак бөжөктөрүн карап, жанынан айланчыктап кетпей жүрүштү.

Күндүзү жаз жарыш болуп, бардыгы иштен колдору бошобой жатты. Атасы жер айдап, апасы Мэри менен Лораны жанына алып, жашылча-жемиштин уруктарын себүү

менен алек. Апасы жерди тайыз чуңкурча кылып оюп, Мэри менен Лора ал жерге пияздын, сабиздин, буурчактын, төө буурчактын жана турптун уруктарын сээп чыгышты.

Алар өлбөгөн жанга жаз келди деп кубанып турушту. Анткени, кыш бою жалаң нан жана эт жей берип танып калгандыктан, бир аз чыдашса жашылча жеп калмак.

Кечинде атасы талаадан күн батканча кайтып, апасына капуста менен картөшкөнү отургузганга жардам берди. Апасы капустанын уругун эчак эле топурак салынган жыгач кутуга сээп, терезеге коюп, өндүрүп алган. Жаңы Жыл майрамынан калган картөшкөдөн үрөн алып калып, аны да өндүрүп, көбөйтүп алган. Алар бир карыштай көтөрүлүп, жапжашыл болуп, көргөн адамдын көзүн кубантып турду. Атасы менен апасы аларды бирден ажыратып алып, аярлап казылган чуңкурчага көөмп, суу куюп коюшту. Акыркы көчөттү отургузуп бүткөнчө караңгы кирип кетти. Алар суй жыгылып, чарчап турса да бул жылы дасторкону кенен болоруна ишенип, кубанычтары коюнуна батпай турушту.

Күнүгө эртең менен биринчи турганы бакчасына барып, жаңы чыгып келе жаткан

жашылчаларга көз салган адатка айланды. Акырындап, бардык жашылчалар өнө баштады.

Алар жакында каалаганын жеп, падышага окшоп жашап калабыз деп кыялданып жүрүштү.

Атасы күнүгө эртең менен эрте туруп, көңүлү куунак бакчасын көздөй жөнөйт. Ал эрте бышчу картөшкөнүн жарымын азыр сээп, жарымын кийинкиге алып койгон.

Жержди айдап бүтүп, куруна жүгөрү салынган баштыкты байлап алып, талаага жөнөдү. Жакында бул талаа жүгөрү талаасына айланат. Жүгөрүнүн дүмбүлүн азыр жешсе, кышында бышканы Пет менен Паттиге жем болот.

Бир күнү эртең менен алар күндөгүдөй эле эрте турушуп, Мэри менен Лора идиш-аяктарды жууп, апасы ичинен кыңылдап ырдап, төшөктөрдү жыйнап жаткан. Лора ага баарынан буурчак жагарын, Мэри болсо төө буурчакты жакшы көрөрүн айтып жаткан. Бир маалда алар атасынын ачуусу келип, катуу сүйлөгөнүнөн чочуп кетишти.

Апасы акырын эшиктин оозуна барганда Лора менен Мэри да чуркап барып, артынан шыкаалап карап турушту.

Атасы сокосу чегилген бойдон Пет менен Паттини жетелеп талаадан келе жатты. Жанында Скотт жана Эдвардс мырза бир нерсени айтып берип келатышты.

– Жок, Скотт! – деп атасы жооп берди. – Мен бул жерде кала албайм! Аскерлер кылмышкер катары кармап кетишин каалабайм! Каргыш тийген кээ бир Вашингтондогу саясатчылардын буйругу болбогондо, бардыгы өз нугу менен бара жаткан. Мен ар дайым индеецтер аймагынан үч чакырым алыс жүрөм. Тилекке каршы, аскерлер келгенче кетип калуудан башка чара жок. Биз азыр кетебиз!

– Чарльз, эмне болуп кетти? Биз каякка барган жөнүндө айтып жатасың? – деп апасы эмне болуп кеткенин түшүнө албай жатты.

– Шайтан алгырдыкы! Ушундай болорун билсем гана! Биз бул жерден кете турган болуп калдык! Скотт менен Эдвардстын айтымы боюнча, өкмөт индеецтер аймагына киргендердин бардыгын чыгарууга буйрук бериптир, –деди атасы.

Анын беттери кыпкызыл болуп, көздөрү оттой күйүп, абдан ачуусу келип турду. Лора атасынын мынчалык жини келгенин эч качан көрбөгөндүктөн, коркуп кетти. Ала атасын караган бойдон дабышын чыгарбай, апасына

жабышып турду.

Скотт мырза бир нерсени айтайын деп камынганда атасы анын сөзүн кесип:

– Бардыгы түшүнүктүү, Скотт! Сөздү көбөйтүүнүн кажети жок. Кааласаң аскерлер келгенче кала бер! Мен кала албайм! – деди.

Эдвардс мырза да атасы менен чогуу кетерин, аны аңчынын байкуш ити сыяктуу, чектен кууп чыгышын каалабасын билдирди.

– Эдвардс, жүрү, Индепенденске чогуу кетели, – деп атасы сунуш киргизди.

Бирок Эдвардс мырза түндүк тарапка кетүүгө деле каршы эмес экендигин, кайык жасап алып, аны менен түштүктү көздөй сапарын уласа жакшы болмок экендигин айтты.

– Андан көрө бизге кошулганың оң,– деп атасы ынандырууга аракет кылды. – Биз менен Миссуриге чейин барып, андан ары жөө кетип калсаң болот. Жалгыз өзүң кайык менен индеецтердин урууларын аралап өтүп, Вердигриске барам деп, тобокелге салбай эле кой!

Бирок Эдвардс мырза Миссуриде мурда болгонун, жанында жетишерлик ок-дарысы менен коргошуну бар экенин айтты.

Анан атасы Скотт мырзага:

– Скотт, уйду музоосу менен алып кал. Биз

аларды алып кете албайбыз,– деди. – Жакшы кошунамды таштап кетип жатканыма ичим ачышып турат. Болуптур анда! Биз таң атпай жолго чыгабыз.

Лора болсо Скотт мырза уйду жетелеп кеткенче уккан кулагына ишенбей турду. Ал мүйүзүнөн байлап алып кетип бара жаткан уйду, аркасынан оюн салып чуркап бара жаткан торпогун карап, ичинен сүт менен май кетти деп ойлоп койду.

Эдвардс мырза болсо жолго камыныш керек экенин, иштери чачтан көп экенин айтып, азыртадан эле коштошо берүүнү туура



көрдү. Ал атасынын колун бекем кысып:

– Саламатта бол, Инголлс! Жолуң шыдыр болсун! – деди.

Анан апасынын колун кысып: – Саламатта болуңуз, Керолайн айым! Көрүшөбүзбү-көрүшпөйбүзбү, сиздин жакшылыгыңызды эч качан унутпайм! – деди.

Анан Мэри менен Лоранын жанына келип, чоң кишидей мамиле кылып, колдорун кысып, коштошту.

– Саламатта жүрүңүз, Эдвардс мырза! – деди Мэри сыпаа.

Ал эми Лора сыпаалыкты жыйыштырып:

– Ах, Эдвардс мырза, кетпей эле койсоңуз жакшы болмок! Эдвардс мырза, сизге чоң рахмат, Индепенденске Санта Клаус менен жолугууга барып келгениңиз үчүн дагы бир жолу рахмат! – деди.

Эдвардс мырзанын көзүнө жаш тегеренип, башка сөз айтпастан кайрылып жөнөдү.

Атасы түшкө жуук Пет менен Паттини бошотуп, кайра талаага барганга камынган жок. Ошондо гана Мэри менен Лора чындап эле кеткени жатышканына ишеништи. Апасы үн каткан жок. Ал үйдүн ичин бүт айланта карап чыкты. Анан үстөлдүн үстүндө жуулбай турган идиштерди, аягына чейин жыйылба-

ган төшөктөрдү карап турду да, алаканын жайып, тактайга ойлонуп отуруп калды.

Мэри менен Лора идиш-аяктарды акырын жыйнаштырып жатышты. Анан атасы мүшөктөгү картөшкөнү көтөрүп келип:

– Ме, Керолайн! Кечкиге көбүрөөк эле бышыра бер. Муну үрөндүк деп сактап жатпадык беле. Эми калтырбай эле жей берели, – деди.

Ал күнү кечинде алар үрөндүк картөшкөнү жешти. Абдан даамдуу бышкандыктан, аны жеп жатып, Лоранын оюна дароо атасынын: «Ачтын тогу, арыктын семизи бар» деп айтканы келди.

Тамак ичип бүтөр замат атасы сыртка чыгып, атканадагы темирлерди ийип, арабанын астындагы түркүгүн жасай баштады. Темирлерин арабага бекитип алгандан кийин апасы экөөлөп жабуусун жабышты. Аркасын чогултуп байлап, кичинекей гана жылчык калтырып коюшту. Эми арабага буюмдарды жүктөш эле калды.

Кечинде эч ким үн каткан жок. Ал тургай Джек да бир нерсени сезгендей Лоранын керебетинин түбүнө келип жатып алды. Атасы менен апасы ысык мештин жанында күйүп бүткөн оттун күлүн тиктеп отурушту.

Анан апасы терең үшкүрүп:

– Чарльз, бул жерде бир жылдык өмүрүбүз өтүп кетти! – деди.

Атасы болсо:

– Бир жыл кеп эмес! Баары алдыда! – деп шайыр жооп берди.



# Кичинекей үйдөн көчүү

Эртеси күнү түшкү тамакты ичип бүтүп, атасы менен апасы арабага жүктөрдү салып башташты. Адегенде төшөнчүлөрдү арабанын ичине алып кирип, эки капталына жыйып, үстүн кооз жабуу менен жаап коюшту. Күндүзү Мэри, Лора жана кичинекей Кэрри ал жерге чыгып алып кете беришсе болот. Ал эми кечинде анын үстүндөгү төшөктөрдү алып, атасы менен апасы арабанын алды жагына төшөк салып алышат.

Анан атасы арабанын отургучунун алдына тамак менен идиштерди койгонго кичинекей үкөктү кийирип, анын жанына баштыктагы жүгөрүнү койду.



– Бул жерге бутубузду коюп алсак болот Керолайн, – деди атасы.

Апасы кийим-кечечин баарын эки жол баштыкка салып, атасы аларды арабанын ичиндеги темирге, ал эми анын каршы тарабына мылтыгын, ок салынган баштыкты илди. Төшөктүн үстүнө сынбагандай кылып, кутудагы кыл кыягын койду. Темир тулганы, нан бышырган мешти, кофе кайната турган идишти мүшөккө салып, арабанын бир бурчуна орунтукташтырды. Атасы болсо термелүүчү отургучту, жыгач челекти сыртына байлап, суунун жана аттын чакасын илди. Арабанын алды жагындагы жүгөрү салынган баштыктын үстүнө калай асма чыракты жыгылбагыдай кылып койду. Арабанын ичине сокодон башка керектүү оокат-кечектеринин баардыгы батты. Аны коёрго бош жер калбай

калган. Башка жерге барып отурукташышса атасы аңчылыкка чыгып, баалуу терилерди өткөрүп, соко сатып алып алар.

Ошентип, Мэри менен Лора арабага түшүп, арттагы жүктүн үстүнөн орун алышты. Апасы кичинекей Кэррини алардын ортосуна отургузду.

Апасы жолго чыгаардан мурда аларды аппак, татынакай кылып жуунтуп-тарантып койгон. Атасы аларды карап, тиштей аппак болуп калыптырсыңар десе, апасы жалтыраган жапжаңы төөнөгүчкө салыштырды.

Анан атасы Пет менен Паттини арабага чегип бүткөнчө, апасы алдыңкы орундукка отуруп, чылбырды алды.

Араба мына жыларда Лора атасынан үйдү дагы бир жолу карап алууга уруксат сурады. Атасы арабанын артындагы чатырдын жибин бошотуп, Мэри менен Лора экөө тең көрө алгыдай чоң тешик калтырды.

Алардын татынакай, жыгач үйү ээсинин кетип бара жатканынан кабары жок немедей жалдырап тургансыды. Атасы босогодон керебеттерди, таш мешти жана терезенин айнектерин акыркы жолу карады да, эшиктерин бекем жаап, бирок бекитпей калтырып жатып:

– Бирөөлөргө баш паанек кылуучу жай керек болуп калышы мүмкүн, – деди.

Анан арабага, апасынын жанына отуруп, тизгинди колуна алды.

Джек арабанын алдына кирип, Пет болсо жанында чуркап жүргөн Банниге кишенеп, ордунан козголду.

Өзөндөн ылдыйды көздөй кетчү жолго жеткенде атасы аттарды токтотуп, бардыгы үйдү дагы бир жолу карап алышты.

Алар кайрадан баягы эле учу-кыйыры көрүнбөгөн кең мейкин прерия талаалары менен кетип бара жатышты. Көк шибер чөптүн гана шамалга шуулдаган үнү угулуп, асманда түрмөк-түрмөк ак булуттар турду.

– Карачы, Керолайн! Бул улуу жана чексиз өлкө! – деди атасы. – Тилекке каршы, бул жерлерди индеецтер менен карышкырлар жердеп турса, жапайы бойдон кала берет.

Кичинекей жыгач үй менен аткана бир заматта ээнсирей түштү.

Ал эми Пет менен Патти шайдоот жүрүп отуруп, жардан ылдый токойлуу жерге келип, өзөндү жээктеп, бактын баштарында сайрап жаткан куштарды тыңшап бара жатышты.

– Мен жылкычы чымчыктардын таң эрте сайраганын көргөн эмесмин, – деди апасы.

– Алар бизге ак жол тилеп жатышат, – деди атасы.

Алар жапыз дөңсөө менен ылдый, өзөнгө салып, кечүү тайыз болгондуктан эч тоскоолдуксуз эле өтүп кетишти.

Өзөндүн боюнда жүргөн эликтер, чаарчыктар үрккөн да жок, тескерисинче, алар араба өтүп кеткенче карап туруштту.

Анан араба кайрадан кызыл топурактуу жар менен өйдө, прерия талааларына чыкты.



Пет менен Патти прерия талааларына чыгаары менен туяктарын такылдатып, шайдоот басып баратышты. Шамал арабаны акырын термелтип жатты.

Апасы менен атасы ойлуу, Лора менен Мэринин үнү да чыккан жок. Бирок, Лора ичинен толкунданып баратты. Анткени, чүмкөлгөн араба менен саякатка чыкканда эртең эмне болору, каяка токтошору тууралуу күн мурун айтуу кыйын эле.

Түшкө жакын атасы кичинекей булактын жанына аттарды эс алдырып, сугарганы токтоду.

Алар арабанын көлөкөсүнө, чөпкө отурушту да, апасы кутудан алып чыккан муздак жүгөрү нан жана этти жеп, артынан булактын суусунан ичип алышты. Анан апасы жыйналып, атасы арабаны кайра атка чеккиче Лора менен Мэри чөп аралап чуркап, жапайы гүл терип жүрүштү.

Алар кең прерия талаалары менен бир топ чакырым басып өтүштү, бирок дагы эле көк шибер чөп, асман жана араба жолунан башка эч нерсе көрүнгөн жок. Чөптүн арасынан коёндор анда-санда секирип чыгып, же жөжөлөрүн ээрчиткен прерия тоогу көрүнө калып жатты.

Кичинекей Кэрри эчак эле уйкуга кетип, Лора менен Мэри жаңыдан көзү илинип бара жатканда атасынын:

– Тээтиги жакта түшүнүксүз бир нерсе турат, – деген сөзүнөн Лора ыргып турду.

Ал алды жакта турган кичинекей, ачык түстөгү дөмпөйгөн немеден башка адаттан тыш эч нерсе деле көрө албады.

– Кана? – деп ал атасынан сурады.

– Тигине, – деп атасы башын ийкеди. – Ал негедир бир ордунан жылган жок.

Лора башка сөз айткан жок. Ал жакшылап карап, чүмбөттөлгөн арабаны көрдү. Жакындаган сайын ал караан даана көрүнө баштады. Арабага чегилген аттары жок, алды жагында карарган бир караандар жүрдү.

Ал жерге жеткенде арабанын темиринде отурган бир аял менен эркекти көрүштү. Алар Пет менен Патти түбүнө келип токтогончо баштарын жерден көтөрүшкөн жок.

– Силерге эмне болду? Аттарыңар кана? – деди атасы.

– Билбейм, – деди бейтааныш адам. – Кечээ кечинде арабага байлап коюп жаткам. Эртең менен турсам, бирөөлөр жибин кесип туруп, уурдап кетиптир.

– Итиң бар беле? – деп атасы сурады.

– Итим жок, – деп жооп берди.

Джек арабанын алдынан чыккан да, адатынча ырылдаган да жок. Ал абдан акылдуу жана сезимтал ит болгондуктан, бейтааныш адамды көргөндө эмне кылышты жакшы билчү.

– Эми аттарыңды экинчи көрөрүң арсар, – деди атасы. – Минтип жалгыз-жарым токтоп түнөгөндө ууруларга жакшы шарт түзүлөт.

– Ооба, – деди бейтааныш адам.

Атасы апасын карары менен ал да макул болгондой башын ийкеди. Анан атасы:

– Биз менен Индепенденске жетип алгыла, – деди.

– Жок, рахмат! – деди бейтааныш адам. – Биз эптеп чогултуп алган дүнүйөбүздүн баары ушул арабада. Биз аны таштап кете албайбыз.

– Койсоңчу, досум! Анан эмне кылайын деп жатасың? – деп атасынын ачуусу келе түштү. – Бул жерде калуу абдан кооптуу, анткени, бул жолдон жумалап, айлап бир да жан өтпөшү ыктымал.

– Эмне кыларды билбей турам, – деди ал.

– Биз арабанын жанында калабыз, – деп аялы сөзгө аралашты.

Ал тизесин кучактаган бойдон башын жер-

ге салып отургандыктан, Лора анын жүзүн көрө албай койду. Ага аялдын калпагынын кыры эле көрүнүп турду.

– Андан көрө биз менен кете бергениңер оң, – деди атасы. – Арабаңарга кийин кайтып келсеңер деле болот.

– Жок, – деп аялы кесе айтты.

Бейтааныш ал адамдар дүнүйөсүн таштап кете албасына көзү жетип, атасы сапарын улады. Аялы менен күйөөсү арабанын темиринде отурган бойдон кала беришти. Анткени, алардын жыйган-тергенинин баары ошонун ичинде болчу.

– Кызык адам экен! Дүнүйөнү чогултарын чогултуп алып, аны кайтара турган ити жок. Аттарын жип менен байлап койгону эмнеси! – деп күңк этти.

– Чарльз, эми алар эмне болот? – деди апасы кабатырланып.

– Индепенденсте аскерлер бар, – деди атасы. – Мен алардын командирин таап, кишилерин жиберип алдырсын деп айтам. Ага чейин күтүүгө туура келет. Дагы оңдой берди болуп, биз ошол жерден өтүп калдык. Ээн талаада эч ким көрбөй калса эмне болмок.

Лора ал арабанын караанын мейкин та-

лаадагы чекитке айланганча, көзүн алган жок.

Андан кийинки күндөрү тынымсыз жол жүрүп отурушту. Алдыларынан эч ким чыккан жок. Күүгүм кирип келатканда гана атасы бир кудуктун жанына токтотту. Ал жердеги үй өрттөнүп кетиптир. Атасы Пет менен Паттини аркандаганча Лора менен Мэри от жакканга чала күйүгөн жыгачтардан чогултуп келишти. Атасы арабадан отургуч жана тамак салган кутуну алып түшүп, от жагып, апасы идиш-аяктарын чыгара баштады.

Бардыгы прерия талааларына бара жаткандагыдай кайталанды. Атасы, апасы жана кичинекей Кэрри арабанын отургучунан, Мэри менен Лора арабанын тилчесинен орун алышты. Алар отту тегеректеп, кечки тамагын ичип жатышты. Пет, Патти жана Банни чөптү карсылдата чайнап, оттоп жүрүштү. Лора тамактын калдыктарын Джекке чогултту.

Алар тамагын ичип бүтө жаздап калганда, караңгы кирип кетти. Эми алар жатууга камынышты. Атасы Пет менен Паттинин жибинин бир учун тамак салган кутуга, ал эми Баннини арабанын капталына байлап, алдыларына жүгөрү салып койду.

Апасы кыздарын жаткырып келгенче, атасы оттун жанында тамекисин чегип отурду. Апасы кыздарын уктатып коюп, анын жанынан орун алды. Атасы кыл кыягын кутусунан алып чыгып:

– Оо-о Сюзанна, мени эстеп ыйлаба, – деп кыл кыяктын коштоосунда мукамдуу обонго салып, ырдай баштады.

*«Далай жерди араладым мен,*
*Калифорния абдан кооз экен.*
*Өзгө жакта жүрсөм сагынтып,*
*Өз үйүмө келбейт бири тең».*

– Керолайн, менин эсиме азыр эмне түштү билесиңби? Биз өстүргөн бакчабыздагы жашылчаларды коёндор жеп жыргашты го, – деди атасы ырдаганын токтотуп.

– Койчу, Чарльз! Эстетпечи,– деди апасы.

– Эч кабатыр болбо, Керолайн! Биздин андан да мыкты бакчабыз болот. Кандай гана болбосун биз индеецтер аймагынын пайдасын жакшы эле көрдүк.

– Кайсы пайданы айтып жатасың? –деди апасы.

– Аттарды айтып жатам! – деп атасы айтып бүтө электе, апасы күлүп жиберди.

Атасы кыл кыягын алып ырын улантты:

*«Дикси деген сонун бир жер бар,*
*Көңүлүмдөн чыкпай койду ал.*
*Өмүр өтсө сенде арман жок,*
*Түштүктөгү Дикси, сага баратам».*

Алардын шаңдуу, катуу дабышынан Лора ойгонуп, бирок кичинекей Кэррини ойготуп



албайын деп кыймылдабай жата берди. Мэри болсо эч нерсе сезбей уктап жатты. Ал эми Джек арабанын алдында көпкө чейин тынч ала албай, ары-бери оонай берди. Бир маалда ал чөптү өңүп, өзүнчө ыңгайлуу жер жасап алгандан кийин гана дабышы чыкпай калды.

Пет менен Патти качыратып жүгөрүсүн жеп бүтө жаздап калышты. Банни болсо арабанын капталында жатты.

Эң негизгиси алар бардыгы чогуу бир жерде, жылдыздуу асмандын алдында жылуу-жумшак арабаны калканыч кылып түн өткөрүштү.

Атасы эми жүрүш ырын ырдай баштады. Анын үнү айлананы жаңыртып коңгуроодой заңкылдап, тунук чыгып жатты:

*«Биздин сапар алыс, өтө алыс,*
*Эркиндиктин ырын ырдайбыз!»*

Лора атасын коштоп кыйкырайын деп жатканда арабанын артындагы тешиктен апасы карап калды.

– Чарльз! – деди апасы. – Лоранын көзүндө бир сүртүм уйку жок, ойгоо жатат. Музыканы токтотпосо ал уктай турган эмес.

Атасы үнчукпастан кыл кыяктын обонун

өзгөртүп, жумшак, назик обонго салды. Лора көшүп, көздөрү жабылып баратты. Өзүн кең прерия талаасындагы чөптөрдү аралап жүргөндөй сезип, атасынын ыры коштоп жүрдү:

*«Учабыз көк асманда катар кайкып,*
*Өтөбүз кайык менен суудан сүзүп.*
*Сен менен жер кезүүгө даярмын мен,*
*Аптапта күнгө күйүп, суукта үшүп».*



# Мазмуну


Батышка карай сапар ........ 9

Өзөндөн өтүү ........ 24

Мейкин талаага отурукташуу ........ 36

Кең талаадагы алгачкы күн ........ 46

Ээн талаадагы үй ........ 60

Кичинекей үйгө көчүп кирүү ........ 79

Карышкырлар үйүрү ........ 88

Эки эмен каалга ........ 107

Таш меш ........ 115

Кичинекей үйдүн чатыры жана тактайы ........ 128

Күтүлбөгөн коноктор ........ 140

Кудук ........ 155

Техас уйлары ........ 170

Индеецтер аймагы ........ 180

Безгек ........ 190

Мордон чыккан өрт ........ 207

Шаарга барып келүү ........ 216

Узун бойлуу индеец ........ 234

Эдвардс мырзанын Санта Клаус менен
жолугушу ........................................ 246
Түн жарымындагы ачуу кыйкырык ........................ 261
Индеецтер майрамы ........................................ 271
Мейкин талаадагы өрт ........................................ 282
Индеецтердин согуш чакырыгы ........................ 292
Индеецтердин жер которушу ........................ 308
Аскерлер ........................................ 318
Кичинекей үйдөн көчүү ........................................ 328




*Көркөм-адабий басылма*

ЛОРА ИНГОЛЛС УАЙЛДЕР

**Преріядагы кичинекей үй**

Которгон *Н. Карыбекова*
Редактору *Ж. Жапиев*
Көркөм редактору *Б. Мейманбеков*
Корректору *Г. Суеркулова*

ЖЧК «RenArt», Бишкек шаары,
Раззаков көчөсү, 19, 507-бөлмө.

31.01.2012-ж. басмага берилди. Форматы 64х92 $^{1}/_{16}$
Офсеттик басма. Нускасы 2000 даана. Заказ № 4918.

«Аль Салам» басмаканасында басылды.
720044, Бишкек шаары, Симферополь туюк көчөсү, 85.

LITTLE HOUSE

# «Кичинекей үй» дүйнөсүнө саякат

www.littlehousebooks.com

сайтынан таба аласыздар




Бул сайттан Лора Инголлстун үй-бүлөсү, достору, чоң таенеси Марта, таенеси Шарлотта, апасы Керолайн, кызы Роуз, эжеси Мэри жана атаандашы Нелли Олесон тууралуу тереңирээк маалымат алсаңыздар болот.

Ошондой эле бөлүмдөрдүн үзүндүсүн, мазмундарын, ага тиешелүү оюндарды, көнүгүүлөрдү жана көптөгөн кызыктуу нерселерди таба аласыздар!